www.bizdin.kg

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Методологиялык комиссиясынын
2016-жылдын 13-июлунда кабыл алынган чечими менен бекитилген

Утверждено решением Методологической комиссии
Национального банка Кыргызской Республики
от 13 июля 2016 года

| № п/п | Терминдер / Термины | | Терминдердин түшүндүрмөсү / Разъяснения значений терминов | |
|---|---|---|---|---|
| | кыргыз тилинде / на кыргызском языке | орус тилинде/ на русском языке | кыргыз тилинде / на кыргызском языке | орус тилинде / на русском языке |
| 1. | Авторизация (Authorization ) | Авторизация ( Authorization) | Белгилүү бир адамга (жакка) кандайдыр бир аракеттерди көрүүгө укук берүү процесси. Маалымат технологияларында авторизациялоо аркылуу ресурстардан жана маалыматтарды иштеп чыгуу системаларынан пайдалануу укугу белгиленет жана ишке ашырылат. Финансылык чөйрөдөавторизациялоо банктык төлөм карттарды, кредиттик жана башка карттарды пайдалануу учурунда жүргүзүлөт. Авторизациялоо – бул, эмитенттин карт ээсине банктык төлөм картын пайдалануу менен операцияны жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктарын же авторлугун тастыктоо жол-жобосун түшүндүрөт, анын натыйжасында жогоруда аталган эмитенттин картын пайдалануу менен түзүлгөн эсептешүү документтерин аткаруу жагында эмитенттин эквайер алдындагы милдеттенмелери келип чыгат. Авторизациялоо автоматташтырылган (терминал аркылуу) жана добуш (телефон байланышы) аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн. Эгерде банктык төлөм картын пайдалануу менен ишке ашырылып жаткан операция боюнча эмитент жана эквайер бир эле жак болуп | Процесс предоставления определенному лицу прав на выполнение некоторых действий. В информационных технологиях посредством авторизации устанавливаются и реализуются права доступа к ресурсам и системам обработки данных. В финансовой сфереавторизация проводится при использовании банковских платежных, кредитных и иных карт. Авторизация означает процедуру подтверждения эмитентом полномочий или авторства держателя карты на проведение им операции с использованием банковской платёжной карты, в результате которой возникает обязательство эмитента перед эквайером исполнить расчётный документ, составленный с использованием карты вышеуказанного эмитента. Авторизация может быть автоматизированной (посредством терминала) и голосовой (посредством телефонной связи). В случае если по совершаемой с использованием банковской платежной карты операции эмитент и эквайер являются одним и тем же лицом, то авторизация является разрешением, предоставляемым эмитентом клиенту на совершение |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | саналса, авторизация эмитенттин кардарга ошол операцияны ишке ашырууга уруксаты катары эсептелинет. | данной операции. |
| 2. | Авторизациялык талап (банктык төлөм карттары үчүн) (Authorization request) | Авторизационный запрос (для банковских платежных карт) (Authorization request) | Эквайердин карт эмитентине системанын белгиленген эрежелери боюнча транзакцияны ишке ашырууга уруксат алуу талабы | Запрос эмитенту карты на получение разрешения на проведение транзакции от эквайера по установленным правилам системы. |
| 3. | Автоматташтырылган өзүн - өзүтейлөө терминалы (Cash-in) | Автоматизированный терминал самообслуживания (Cash-in) | Кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулардын дарегине төлөмдөрдү нак жана нак эмес түрдө өткөрүүнү кошо алганда, банк кардарларынын, карт ээлеринин, сервистен пайдалануучулардын нак акча каражаттарын депондоштуруу (кабыл алуу)/берүүчүн каралган терминал. | Терминал, предназначенный для депонирования (приема)/выдачи денежных наличных средств клиентами банков, держателями карт, пользователями сервисов, включая проведение платежей в наличной и безналичной форме в адрес поставщиков услуг. |
| 4. | Электрондук акча агенти (дистрибьютор) (E-money agent (distributor)) | Агент (дистрибьютор) электронных денег (E-money agent (distributor)) | Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына ылайык, электрондук акчаны чыгарган банк менен түзүлгөн агенттик келишимдин негизинде электрондук акчаны нак же нак эмес акча каражаттарына алмаштырган, электрондук акчаны жайылтууну ишке ашырган юридикалык жак же жеке ишкер. | Юридическое лицо или индивидуальный предприниматель, который производит погашение (обмен) электронных денег на наличные или безналичные денежные средства, распространяет электронные деньги, на основании заключенного агентского договора с банком, выпустившим электронные деньги, в соответствии с законодательством Кыргызской Республики . |
| 5. | Акча топтому (Monetary aggregate) | Агрегат денежный (Monetary aggregate) | Ликвиддүүлүк деңгээли боюнча классификацияланган акча массасынын аныктамасы: M0; M1; M2; M2X. Ар бир өлкөдө акча топтомдорун аныктоонун өз алдынча критерийлери колдонулат. | Определение денежной массы, классифицированной по степени ликвидности: M0; M1; M2; M2X. В каждой стране существуют собственные критерии определения денежных агрегатов. |

www.bizdin.kg

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6. | M0 акча топтому (Monetary aggregate M0) | Агрегат M0 (Monetary aggregate M0) | Банктардан тышкаркы нак акча Нак акчааныктамасын карагыла. Кыргыз Республикасында: Улуттук банктын жана коммерциялык банктардын кассаларында турган нак акча суммасын эске албаганда, Улуттук банк тарабынан жүгүртүүгөчыгарылган нак акча. жүгүртүүдөгү акча минус коммерциялык банктардын кассаларындагы улуттук валютадагы банкноттор жана монеталар (Банктардан тышкаркы акча аныктамасын карагыла). | Наличные деньги вне банков. См. деньги наличные. в Кыргызской Республике: Выпущенные в обращение Национальным банком наличные деньги, исключая суммы наличности, находящиеся в кассах Национального банка и коммерческих банков. деньги в обращении минус банкноты и монеты в кассах коммерческих банков в национальной валюте. (См Деньги вне банков). |
| 7. | M1 акча топтому, “тар” мааниде колдонулуучу акча (Monetary aggregate M1) | Агрегат M1, узкие деньги (Monetary aggregate M1) | M0 акча топтому плюс резиденттердин улуттук валютадагы которулма депозиттери (Которулма депозиттерди карагыла) | Денежный агрегат M0 плюс переводные депозиты резидентов в национальной валюте (см. Депозиты переводные) |
| 8. | M2 акча топтому, кеңири мааниде колдонулуучу акча (Monetary aggregate M2, Broad money) | Агрегат M2, широкие деньги (Monetary aggregateM2, Broad money) | M1 акча топтому плюс резиденттердин улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттери. | Денежный агрегат M1 плюс срочные депозиты резидентов в национальной валюте. |
| 9. | M2X акча топтому, кеңири мааниде колдонулуучу акча (Monetary aggregate M2X, Broad money) | Агрегат M2X, широкие деньги (Monetary aggregate M2X, Broad money) | M2 акча топтому плюс эсептешүү (күндөлүк) эсептер жана резиденттердин чет өлкө валютасындагы депозиттери. | Денежный агрегат M2 плюс расчетные (текущие) счета и депозиты резидентов в иностранной валюте. |
| 10. | “Кеңири мааниде колдонулуучу акча” топтому (Broad money) | Агрегат «широкие деньги» (Broad money) | Төлөм жана топтоо каражаты катары колдонулушу мүмкүн болгон финансылык активдер. M2, M2X акча топтомдоруна ылайык келет. | Финансовые активы, которые могут использоваться в качестве средства платежа и накопления наиболее полное определение денежной массы. Соответствует агрегатам M2, M2X. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 11. | Капиталдын шайкештиги ( Capital Adequacy) | Адекватность капитала (Capital Adequacy) | Депозиттик мекемелердин капиталынын шайкештигин өлчөөгө мүмкүндүк берген, ошондой эле депозиттик мекемелердин секторунун ишенимдүүлүгүнө жана анын туруктуулук деңгээлине жалпы баа берүүнү чагылдырган индикатор. Ал ченемдик капиталдын активдерге карата катышы катары эсептелинет. | Индикатор, который измеряет адекватность капитала депозитных учреждений, а также отражает общую оценку надежности сектора депозитных учреждений и степень его устойчивости. Рассчитывается как отношение нормативного капитала к активам. |
| 12. | Ички контролдук шайкештиги ( Adequacy of the internal control) | Адекватность внутреннего контроля (Adequacy of the internal control) | Бул, тобокелдиктерди тескөө натыйжалуу жүзөгөашырылып жаткандыгына бекем ишенимди камсыз кылган контролдук. Ал эми уюмдун максаттары жана милдеттери эң эле алгылыктуу жана экономикалык жактан өзүн-өзү актай алган ыкмаларда аткарылат. | Это контроль, обеспечивающий разумную уверенность в том, что управление рисками осуществляется эффективно, а цели и задачи организации будут выполнены наиболее эффективным и экономически оправданным способом. |
| 13. | Аккредитив ( Letter of credit) | Аккредитив (Letter of credit) | Белгилүү бир акча суммасын жеке адамга же юридикалык жакка ушул документте көрсөтүлгөн шарттарга ылайык төлөп берүү тапшырмасын камтыган документ. Акчалай аккредитивдер жекеөзүнө берилген болуп саналат; ал аккредитивде көрсөтүлгөн сумманы белгилүү бир мезгил ичинде толугу менен же бөлүп-бөлүп алууга өбөлгө түзөт. | Денежный документ, содержащий поручение о выплате определенной суммы денег физическому или юридическому лицу в соответствии с условиями, указанными в данном документе. Денежные аккредитивы являются именными; они позволяют получить указанную в аккредитиве сумму полностью или частями в течение определенного периода времени. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 14. | Активдер (Assets) | Активы (Assets) | (латын тилинен алынган activus деген сөз –таасирдүү). 1) бул аларга ээлик кылуучулардын, ээ болгондордун каражаттары жумшалган, чарба жүргүзүүчү субъектке тиешелүү мүлктөрдүн жана акча каражаттардын (имарат, курулма, машиналар жана жабдуулар, материалдык запастар, банктык аманаттар, баалуу кагаздарга салымдар, патенттер, автордук укуктар ж.б.) жыйындысы. Активдер материалдык (көзгө көрүнгөн) жана материалдык эмес (көзгө көрүнбөгөн) болуп бөлүнөт. Материалдык эмес активдерге интеллектуалдык эмгектер, патенттер, башка чарба жүргүзүүчү субъекттердин карыздык милдеттенмелери, ресурстарды пайдаланууга өзгөчө укуктар кирет; 2) баланс активи– бул, чарба жүргүзүүчү субъектке тиешелүү акча түрүндөгү материалдык жана материалдык эмес баалуулуктарды, алардын курамын жана жайгаштырылышын чагылдырган, ишкананын бухгалтердик балансынын бөлүгү; 3) финансылык талап же нарктын сакталып турушун камсыз кылган каражат катары кызмат кылган менчик үлүшү. | (От лат. activus действенный) – 1) совокупность имущества и денежных средств, принадлежащих хозяйствующему субъекту (здания, сооружения, машины и оборудование, материальные запасы, банковские вклады, вложения в ценные бумаги, патенты, авторские права и др.), в которые вложены средства владельцев, хозяев. Активы принято делить на материальные (осязаемые) и нематериальные (неосязаемые). К последним относятся интеллектуальные продукты, патенты, долговые обязательства других хозяйствующих субъектов, особые права на использование ресурсов; 2) актив баланса – часть бухгалтерского баланса предприятия, отражающая в денежном выражении материальные и нематериальные ценности, принадлежащие хозяйствующему субъекту, их состав и размещение; 3) финансовое требование или доля собственности, служащие средством сохранения стоимости. |
| 15. | Кредиттерге теңештирилген активдер (Assets equal to credits) | Активы, приравненные к кредитам. (Assets equal to credits) | Кредиттерге теңештирилген активдер – бул, өзүндөкредиттик тобокелдикти камтыган, сом түрүндөсыяктуу эле, чет өлкө валютасындагы активдер, ошондой эле балансстан тышкаркы милдеттенмелер. | Активы, приравненные к кредитам, – это активы, а также забалансовые обязательства, как в сомах, так и в иностранной валюте, которые несут в себе кредитный риск. |
| 16. | Тобокелдик боюнча салмактанып алынган активдер (Risk-weighted assets) | Активы взвешенные по риску (Risk-weighted assets) | Тобокелдикке дуушарлануу деңгээлин жана дефолт орун алышы ыктымалдуулугун чагылдырган төмөндөтүүчү коэффициенттерди пайдалануу менен эсептелинген активдер. | Активы, рассчитанные с использованием понижающих коэффициентов, отражающих уровень их рискованности и вероятность дефолта. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 17. | Ликвиддүү ак тивдер (Ligui d assets) | Активы ликвидные (Lig uid assets) | Нак акча, алтын, талап боюнча төлөнүүчү эсептердеги каражаттардын калдыгы, депозиттер (1 айга чейинки мөөнөттөгү), мамлекеттик баалуу кагаздар, коммерциялык векселдер жана банктын нак акчага жеңил айландырылуучу башка каражаттары. | Наличные деньги, золото, остатки средств на счетах до востребования, депозиты (сроком до одного месяца), государственные ценные бумаги, коммерческие векселя и другие средства банка, легко конвертируемые в наличные деньги. |
| 18. | Акция (Share) | Акция (Share) | Акционердик коомдун капиталына белгилүү бирүлүштүн салынгандыгын тастыктаган жана акция ээсине акционердик коомдун пайдасынан дивиденддер түрүндө пайданын бөлүгүн, ошондой эле акционердик коом жоюлган шартта, мүлктүн бөлүгүн алууга укук берген баалуу кагаз. | Ценная бумага, свидетельствующая о внесении определенной доли в капитал акционерного общества и дающая право владельцу акции на получение части прибыли акционерного общества в виде дивидендов, а также части имущества при ликвидации акционерного общества. |
| 19. | Акцепт (Acce pt) | Акцепт (Accept ) | Төлөөчүнүн акча жана товардык документтерге төлөөгө макулдугу. Акцепт товарлар, кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн эсептөөлөрдө колдонулат. Мында төлөм, товар жана кызматтарды сунуштоочулар жазып берген эсептешүүдокументтери боюнча төлөөчүнүн макулдугу (акцепти) менен ишке ашырылат. | Согласие плательщика на оплату денежных и товарных документов. Акцепт применяется при расчётах за товары, услуги и выполненные работы, при которых платёж производится с согласия (акцепта) плательщика по расчётным документам, выписанным поставщиком товаров и услуг. |
| 20. | Электрондук акча акцептанты (E -money acceptor) | Акцептант электронных денег (E-money acceptor) | Агент же электрондук акча чыгарган эмитент-коммерциялык банк менен түзүлгөн келишимге ылайык, электрондук акча менен операциялар ишке ашырылгандыгын тастыктаган документтерди тариздөө менен товарлар же кызмат көрсөтүүлөргөтөлөө үчүн электрондук акчаны кабыл алган юридикалык жак же жеке ишкер. | Юридическое лицо или индивидуальный предприниматель, который в соответствии с заключенным договором с агентом или коммерческим банком-эмитентом электронных денег принимает электронные деньги для оплаты товаров или услуг с составлением документов, подтверждающих совершение операций с электронными деньгами. |
| 21. | Андеррайтер (Underwriter) | Андеррайтер ( Underwriter) | Андеррайтер: 1) баалуу кагаздарды жайгаштыруунун гаранты; 2) камсыздандыруу тобокелдигин өзүнөалган жак. | Андеррайтер: 1) гарант размещения ценных бумаг; 2) тот, кто принимает на себя страховой риск. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 22. | Андеррайтинг (Underwriting) | Андеррайтинг (Underwriting) | Андеррайтинг – 1) андеррайтер менен түзүлгөн келишим шарттарында рынокко баалуу кагаздарды алгачкы жайгаштыруу; 2) камсыздандырууда: тобокелдикке баа берүү. | Андеррайтинг – 1) первичное размещение ценных бумаг на рынке на условиях договора с андеррайтером; 2) в страховании: оценка риска. |
| 23. | Аннуитет (Annuity) | Аннуитет (Annuity) | (Латын тилинен Annuitas – ар жылдык төлөм) узак мөөнөткө алынган насыянын (займ) түрү, кредитор ал боюнча карыздын капиталдык суммасы менен кошо пайыздардын улам төлөнүп турушун эске алуу менен белгиленген, белгилүү бир өлчөмдөгү кирешени (рентаны) жыл сайын алып турат; белгиленген мезгил ичинде бирдей убакыт аралыгында ишке ашырылып турган бирдей өлчөмдөгү төлөмдөр. Компенсациялык келишимдер боюнча кредиттин ордунун мезгил-мезгили менен жабылып турушун, амортизациялык фонддун түзүлүшүн, камсыздандыруу боюнча төлөмдөрдү, карыздын төлөнүшүн ж.б. мындай төлөмдөргө чегерүүгө болот; бирдей өлчөмдөгү төлөмдөр менен камсыздандыруу полиси. | (От позд-лат. Annuitas – ежегодный платеж) вид долгосрочного займа, по которому кредитор ежегодно получает определенный доход (ренту), устанавливаемый с расчетом на постепенное погашение капитальной суммы долга вместе с процентами по нему; равновеликие платежи, которые производятся (получаются) в равные промежутки времени в течение датированного временного периода. К таким платежам относятся переодические погашения кредита по компенсационным соглашениям, создание амортизационного фонда, взносы по страхованию, выплаты долга и т.д.; страховой полис с равновеликими платежами. |
| 24. | Арбитраж (Arbitrage) | Арбитраж (Arbitrage) | Баа айырмасынан пайда көрүү максатында, ар кайсы рыноктордо валюталарды, баалуу кагаздарды же товарларды бир эле учурда сатып алуу жана сатуу. | Одновременная покупка и продажа валюты, ценных бумаг или товаров на различных рынках с целью получения прибыли от разницы цен. |
| 25. | Банктын ассоциацияланган компаниясы ( Associated company) | Ассоциированная компания банка (Associated company) | Банктын ассоциацияланган компаниясы – бул, банк добуш берүү укугу менен төлөнгөн акцияларынын 10%дан 50%га чейинкисине тике же кыйыр түрдөэээлик кылган жана банк ага олуттуу таасир эте алган компания. | Ассоциированная компания банка – это компания, в которой банк прямо или косвенно владеет от 10 до 50% оплаченных акций с правом голоса и по отношению к которой банк имеет значительное влияние. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 26. | Аудит (Audit) | Аудит (Audit) | Бул, чарба жүргүзүүчү субъекттердин отчетторунун, эсепке алуу системасынын тактыгын, алардын толук камтылышын жана колдонуудагы мыйзамдарга жана белгиленген ченемдерге ылайык келүүсүн аныктоо максатында, алардын бухгалтердик жана финансылык отчетторунун документтерине, баштапкы документтеринин, финансылык жана чарбалык ишине тиешелүү башка маалыматтардын эсепке алынышына көз карандысыз иликтөөлөрдүжүргүзүү. Аудит тышкы, ички, маалымат технологияларына жүргүзүлгөн аудит, адистештирилген аудит болушу мүмкүн. | Это независимое исследование документов бухгалтерской и финансовой отчетности, учета первичных документов и другой информации о финансово-хозяйственной деятельности хозяйствующих субъектов с целью определения достоверности их отчетности, учета, его полноты и соответствия действующему законодательству и установленным нормативам. Аудит может быть внешним, внутренним, информационных технологий, специализированным. |
| 27. | Аудитор (The auditor) | Аудитор (The auditor) | Сертификатка ээ адис, ал стандарттарга ылайык аудитордук ишти жүзөгө ашырат жана аудитордук уюмдун аудит жүргүзүүсү үчүн жоопкерчиликтүүболуп саналат. | Сертифицированный специалист, осуществляющий аудиторскую деятельность согласно стандартам и несущий ответственность за проведение аудита аудиторской организацией. |
| 28. | Аудитордук иш (Auditor activity) | Аудиторская деятельность ( Auditor activity) | Аудиторлор/аудитордук уюмдардын бухгалтердик (финансылык) отчетторго, төлөм-эсептешүүдокументтерине, салык декларацияларына ж.б. финансылык милдеттенмелерге көз карандысыз текшерүүлөрдү жүзөгө ашыруу, ошондой эле башка аудитордук кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо иши. | Осуществление аудиторами/аудиторскими организациями деятельности по осуществлению независимых проверок бухгалтерской (финансовой) отчетности, платежно-расчетной документации, налоговых деклараций и других финансовых обязательств, а также оказанию иных аудиторских услуг. |
| 29. | Аудитордук уюм (Audit company) | Аудиторская организация (A udit company) | Аудитордук ишти гана жүргүзгөн жана эгерде бул мамлекеттин мыйзамдарында белгиленген болсо, белгиленген тартипте ушул ишти жүзөгө ашырууга лицензия алган уюм. | Организация, ведущая исключительно аудиторскую деятельность и получившая в установленном порядке лицензию на осуществление этой деятельности, если это установлено законодательством государства. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 30. | Аудитордук тапшырма (The auditor task) | Аудиторское задание (The auditor task) | Белгиленген планды аткаруу максатында, коюлган тапшырманын чегинде аткарылууга тийиш болгон аудит үчүн тапшырма. Мисалы, ички аудит, ички контролдук системасына баа берүү боюнча баяндама, алдамчылык фактыларына иликтөөлөрдү жүргүзүү, консалтинг. Аудитордук тапшырма ошондой эле, өз ара байланыштуу бир катар максаттарга жетишүүгөбагытталган бир нече тапшырмалардын дароо аткарылышын карашы мүмкүн. | Задача для аудита, которая подлежит выполнению в рамках задания в целях выполнения плана задания. Например, внутренний аудит, обзор оценки системы внутреннего контроля, расследование фактов мошенничества, консалтинг. Аудиторское задание также может предусматривать выполнение сразу нескольких задач, направленных на достижение целого ряда взаимосвязанных между собой целей. |
| 31. | Аудитордук далилдөөлөр (Auditor evidences) | Аудиторские доказательства (Auditor evidences) | Аудитордун пикири негизденген, анын корутундуларын тастыктаган маалымат. Баштапкы документтер жана финансылык отчеттун негизинде камтылган бухгалтердик жазуулар, ошондой эле башка булактардан алынган маалыматтар аудитордук далилдерге кирет. | Информация, подтверждающая выводы аудитора, на которой основывается мнение аудитора. К аудиторским доказательствам относятся первичные документы и бухгалтерские записи, лежащие в основе финансовой отчетности, а также иная информация, полученная из других источников. |
| 32. | Финансылык отчет жөнүндөаудитордук корутунду (The auditor conclusion about the financial statements) | Аудиторское заключение о финансовой отчетности (The auditor conclusion about the financial statements) | Аудитордун белгиленген формада чагылдырылган бухгалтердик отчеттордун анықтыгы жана бухгалтердик эсепти жүргүзүү тартибинин белгиленген талаптарга ылайык келүүсү тууралуу пикирин камтыган документ. Аудитордук корутунду жылдык финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгүболуп саналат. | Документ, содержащий выраженное в установленной форме мнение аудитора о достоверности бухгалтерской отчетности и соответствии порядка ведения бухгалтерского учета установленным требованиям. Является неотъемлемой частью годовой финансовой отчетности. |
| 33. | Аудитордук кызмат көрсөтүүлөр (Auditor services) | Аудиторские услуги (Auditor services) | Уюмдун ишине текшерүүлөрдү жүргүзүү, бул мыйзам актыларынын жана айрым ченемдик укуктук документтердин нормаларынын бузулушуна алып келиши ыктымал болгон чарбалык жана финансылык ишке байланыштуу каталарды аныктап, табууга мүмкүндүк берет. | Проведение проверок в организации, благодаря которым можно обнаружить ошибки, связанные с учетом хозяйственной и финансовой деятельности, наличие которых может привести к нарушению норм законодательных актов и отдельных нормативных правовых документов. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 34. | Аукцион (Auction) | Аукцион (Auction) | Ачык тооруктун бир түрү, мында тоорук предмети сатуучунун көз карашы боюнча эң жогорку бааны жана/же эң эле алгылыктуу шартты сунуштаган жакка сатылат. Анда сатып алуучулар сыяктуу эле, сатуучулар да өз ара атаандашкан ушул рыноктук тоорукту уюштуруу ыкмасы адилет нарктын белгиленишин камсыз кылат. Мисалы: мамлекеттик баалуу кагаздар аукциону. | Разновидность публичного торга, при котором предмет торга продается тому, кто предлагает наивысшую цену и/или наилучшие с точки зрения продавца условия. Этот способ рыночной организации торговли, при котором как покупатели, так и продавцы конкурируют между собой, обеспечивает установление наиболее справедливых цен. Например, бывает аукцион государственных ценных бумаг. |
| 35. | Маалыматты аутентификациялоо (Authentication) | Аутентификация информации (Authentication) | Документте камтылган маалыматтын аныктыгын жана бүтүндүгүн тастыктоо. Аутентификация документтин түзүмүнүн жана мазмунунун же анын реквизиттеринин негизинде сыяктуу эле, маалыматтыөзгөртүүнүн криптографиялык алгоритмдери аркылуу жүзөгө ашырылат. Маалыматты далилдөөаутентификациясы, кагаз түрүндөгү документтердеги кызмат адамдардын кол тамгасына же мөөрлөрүнөталдап-иликтөөлөрдү (экспертиза) жүргүзөт же болбосо электрондук цифралык кол тамганын тууралыгын текшерет. | Подтверждение подлинности и целостности информации, содержащейся в документе. Аутентификация может осуществляться как на основе структуры и содержания документа или его реквизитов, так и путем реализации криптографических алгоритмов преобразования информации. Доказательная аутентификация информации осуществляется анализом (экспертизой) подписей должностных лиц и печатей на бумажных документах или проверкой правильности электронной цифровой подписи (ЭЦП). |
| 36. | Маалымат базасы (Data base) | База данных (Data base) | 1) Талдап-иликтөөлөрдү жана эсептешүүлөрдүжүргүзүүдө колдонулган маалыматтардын жана/же көрсөткүчтөрдүн сандык маанисинин жыйындысы; 2) колдонмо программалык системаларда колдонулган перманенттик (туруктуу сакталуучу) маалыматтардын айрым бир топтому. | 1) Совокупность данных и/или числовых значений показателей, используемых при анализе и расчетах; 2) некоторый набор перманентных (постоянно хранимых) данных, используемых прикладными программными системами. |
| 37. | Базистик пункт (Reference point) | Базисный пункт (Reference point) | Пайыздын жүздөн бир бөлүгү. Мындай бирдиктерде айырманы пайыздык чендерде өлчөө, мүнөздөөзарыл. Мисалы, эгерде пайыздык чен 6,3% - 6,5% чейин жогоруласа, ал 20 базистик пунктка өзгөргөн болот. | Сотая часть процента. В таких единицах принято характеризовать, измерять разницу в процентных ставках. Например, если ставка процента повысилась с 6,3 до 6,5%, то она изменилась на 20 базисных пунктов |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 38. | Базалык мезгил (Reference period) | Базовый период (Reference period) | Өсүш арымына, өзгөрүү чегине, экономикалык индекстерди ж.б. көрсөткүчтөрдү аныктоодо баштапкы база катары кабыл алынган мезгил (жыл, чейрек, ай). | Период (год, квартал, месяц), принимаемый за начальную точку отсчета (базу) при определении темпов роста, динамики изменения, экономических индексов и др. показателей |
| 39. | Баланс (Balance, balance sheet) | Баланс (Balance, balance sheet) | Эки бөлүктөн турган сандык катыш, алар бири-бирине дал келүүгө тийиш, анткени ал бирдей сандагы акчанын, товардын келип түшүүсүн жана чыгымдалышын түшүндүрөт. Мисалы, товарлардын экспорту жана импорту бирдей болуп, алардын запасы сакталып турган шартта, белгилүү бир мезгил ичинде аларды өндүрүү менен керектөөнүн теңсалмакта экендиги (балансы) байкалат. Баланс физикалык өлчөө жана акча формасында (нарктыкөлчөө) түзүлөт. Ар түрдүү баланстар бүтүндөйөлкөнүн чарбалык ишине (бюджеттик баланс, төлөм балансы, тармактар аралык баланс), фирманын чарбалык ишине (бухгалтердик баланс, негизги каражаттар балансы, финансылык баланс), үй чарбаларына (үй-бүлөнүн кирешелери жана чыгашалар балансы, керектөө бюджети) талдап-иликтөлөрдү жүргүзүү, эсепке алуу, пландаштыруу максатында колдонулат. Эгерде, келип түшүүлөр төлөмдөр көлөмүнөн артып кетсе баланс активдүүкатары эсептелинет, б.а. алгылыктуу калдык байкалат, мындай деңгээлге жетишилбесе баланспассивдүү катары саналат. | 1) Количественное соотношение, состоящее из двух частей, которые должны быть равны друг другу, т.к. представляют поступление и расходование одного и того же количества денег, товара. Например, при равенстве экспорта и импорта товаров и сохранении их запасов наблюдается баланс их производства и потребления в течение определенного периода времени. Балансы составляются в натуральной форме (в физическом измерении) и в денежной форме (в стоимостном измерении). Самые разнообразные балансы используются в целях анализа, учета, планирования хозяйства всей страны (бюджетный баланс, платежный баланс, межотраслевой баланс), хозяйства, фирмы (бухгалтерский баланс, баланс основных средств, финансовый баланс), домашнего хозяйства (баланс доходов и расходов семьи, потребительский бюджет). Баланс считаютактивным, если поступления опережают и превышают платежи, т.е. наблюдается положительный остаток. В противном случае баланс называют пассивным. |
| 40. | Баланстык отчет (Balance sheet) | Балансовый отчет (Balance sheet) | Фирманын белгилүү бир мезгил ичиндеги активдери, пассивдери жана өздүк капиталынын таза наркы тууралуу жыйынтыкталган отчет; фирманын бухгалтердик балансы. | Сводный отчет об активах, пассивах и чистой стоимости собственного капитала фирмы на определенный период; бухгалтерский баланс фирмы. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 41. | Банкноттор (нак акча) (Banknote) | Банкноты (наличные деньги) (Banknote) | (англис тилинен bank-note) - өлкө мыйзамдарына ылайык жүгүртүүгө чыгарылган банктык билеттер, ар кандай нарктагы акча белгилери. Жасалма акча жасоочулук үчүн мыйзам боюнча жазаланат. Банкоттор жана моneталар борбордук банктын шартсыз милдеттенмеси катары таанылат жана анын баардык активдери менен камсыз кылынат. | (англ. bank-note) – банковские билеты, денежные знаки разного достоинства, выпускаемые в обращение согласно законодательству страны. Их подделка и противоправное изготовление преследуются по закону. Банкнота и монета признаются безусловными обязательствами центрального банка и обеспечиваются всеми его активами. |
| 42. | Банктык кепилдик (Bank guarantee) | Банковская гарантия (Bank guarantee) | Банк-гаранттын өз кардарынын акчалай милдеттенмесин аткаруусу үчүн кепилдиги; кардар мөөнөтүндө төлөбөй койсо, ал үчүн банк төлөөгө тийиш. Кепилдик тиешелүү камсыздоо алдында берилет. | Поручительство банка-гаранта за выполнение денежных обязательств своего клиента; при неуплате клиентом в срок это сделает банк. Выдается под соответствующее обеспечение. |
| 43. | Банктык кредиттер (Bank credit) | Банковские кредиты (Bank credit) | Кайтарып берүү жана кредиттик пайыздарды төлөө шарттарында банк тарабынан белгилүү бир мөөнөткө сунушталган акча каражаттары. | Денежные средства, предоставленные банком на определенный срок на условиях возвратности и оплаты кредитного процента. |
| 44. | Банктык депозит (Bank deposit) | Банковский депозит (Bank deposit) | Финансы-кредит мекемеси тарабынан төлөөгө жөндөмдүүлүк, мөөнөтүндө төлөө жана кайтарып берүү шарттарында келишим боюнча алынган акча каражаттарынын суммасы. | Сумма денежных средств, получаемая финансово-кредитным учреждением по договору на условиях платности, срочности и возвратности. |
| 45. | Банктык аманат (Bank deposit) | Банковский вклад (Bank deposit) | Финансы-кредит мекемеси тарабынан төлөөгө жөндөмдүүлүк, мөөнөтүндө төлөө жана кайтарып берүү шарттарында башка жактардан келишим боюнча кабыл алынган акча каражаттарынын суммасы. Аманаттар мөөнөттүү жана талап боюнча төлөнүүчү болуп бөлүнөт. Талап боюнча төлөнүүчү аманаттар сактоо мөөнөтүн көрсөтүүсүз, ал эми мөөнөттүү аманаттар – белгилүү бир мөөнөткө салынат. | Сумма денежных средств, принятая финансово-кредитным учреждением по договору от другого лица на условиях возвратности, платности, срочности. Вклады бывают срочные и до востребования. Вклады до востребования вносятся без указания срока хранения, а срочные вклады – на определенный срок. |
| 46. | Банк тутуму (Banking system) | Банковская система (Banking system) | Бири-бири жана тышкы чөйрө менен өз ара иш алып барган, иши тиешелүү мыйзамдар аркылуу жөнгөсалынган банктардын ж.б. кредиттик мекемелердин топтому. | Совокупность банков и других кредитных учреждений, взаимодействующих друг с другом и внешней средой и регулируемых соответствующим законодательством. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 47. | Банктык операциялар (Banking operations) | Банковские операции (Ban king operations) | Банктар тарабынан акча каражаттарын, баалуу кагаздарды тартуу жана жайгаштыруу, эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу боюнча жүргүзүлгөн операциялар. Алар төмөнкүлөргө бөлүнөт: а) банктар алар аркылуу колдо болгон финансылык ресурстарды жайгаштыра алган активдүү операцияларга, б.а. кредит берүү, баалуу кагаздарды сатып алуу; б) банктар алар аркылуу финансылык ресурстарды топтогон пассивдүү операцияларга , б.а. аманаттарды тартуу, кийинчерээк активдүү каражаттар катары колдонуу үчүн баалуу кагаздарды сатуу; в) кызматтарды сунуштоо, тапшырмаларды аткаруу, ортомчулук операцияларын жана мыйзамдарда жол берилген башка кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоолор. | Операции, проводимые банками по привлечению и размещению денежных средств, ценных бумаг, осуществлению расчетов. Различают: а) активные операции, посредством которых банки размещают имеющиеся у них финансовые ресурсы, т.е. предоставление кредита, покупка ценных бумаг; б) пассивные операции, посредством которых банки формируют финансовые ресурсы, т.е. привлечение вкладов, продажа ценных бумаг для последующего использования в качестве активных средств; в) оказание услуг, выполнение поручений, посреднические операции и др. услуги, разрешенные законодательством. |
| 48. | Банк-банкрот | Банк-банкрот | Белгиленген тартипте банкрот катары таанылган банк. | Банк, признанный в установленном порядке банкротом. |
| 49. | Банкроттук | Банкротство | Юридикалык жактын төлөөгө жөндөмсүздүгү, б.а алган милдеттенмелеринин ликвиддүү активдерден ашып кетиши кесепетинен бюджетке жана бюджеттен тышкаркы фондуларга милдеттүү төлөмдөрдүкамсыз кыла албаган жагдайды кошо алганда, өз кредиторлорунун акчалай милдеттенмелери боюнча негиздүү талаптарын мыйзамда жана келишимдерде белгиленген мөөнөттөрдө канааттандырууга жөндөмсүздүгү. | Неплатежеспособность юридического лица, т.е. неспособность в полном объеме в установленные законом или договором сроки удовлетворить обоснованные требования своих кредиторов по денежным обязательствам, включая неспособность обеспечить обязательные платежи в бюджет и внебюджетные фонды, вследствие превышения взятых на себя обязательств над его ликвидными активами. |
| 50. | Жөнөтүүчү ба нк (Settlemen t bank) | Банк-отправитель (S ettlement bank) | Төлөм системасынын катышуучусу болуп саналган жана төлөм документтерин же билдирүүлөрдүдемилгелеген банк. | Банк, являющийся участником платежной системы и инициирующий платежный документ или сообщение. |
| 51. | Алуучу банк (Beneficiary bank) | Банк-получатель (Beneficiary bank) | Төлөм системасынын катышуучусу болуп саналган жана төлөм документтерин же билдирүүлөрдү алуучу банк. | Банк, являющийся участником платежной системы и получающий платежный документ или сообщение. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 52. | Төлөөчү банк (Payer bank) | Банк-плательщик (Payer bank) | 1) Системанын каттодон өткөрүлгөн катышуучусу, ал кардардын көрсөтмөсү боюнча акча каражаттарын бул банкта ачылган анын эсебинен акча каражаттарын алуучунун эсебине которууну жүзөгөашырат. 2) Аталган алуучудан тике дебеттөөформасындагы төлөмдөрдү өткөрүүгө төлөм документтери келип түшкөндө төлөөчүнүн банк эсебинен акча каражаттарын алып салуу аркылуу тике дебеттөө формасында төлөмдөрдү өткөрүүжөнүндө төлөөчү менен макулдашма (келишим) түзгөн төлөөчүнүн эсеби ачылган банк. | 1) Зарегистрированный участник системы, осуществляющий по указанию клиента перевод денежных средств с его счета, открытого в этом банке, на счет получателя денежных средств. 2) Банк, в котором открыт счетплательщика, заключивший соглашение(договор) с плательщиком о проведенииплатежей в форме прямого дебетования путемсписания денежных средств с банковскогосчета плательщика при поступлении платежныхдокументов на проведение платежей в формепрямого дебетования от указанногополучателя. |
| 53. | Банк-корреспондент (Correspondent bank) | Банк-корреспондент (Correspondent bank) | Банк-резиденттин тапшырма берүү келишиминин негизинде атайы ачылган корреспонденттик эсеп же банк-корреспонденттердин үчүнчү банктагы эсептери аркылуу төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүзөгөашырган банк. | Банк, выполняющий на основе договора поручения банка-резидента, платежи и расчеты через специально открытые корреспондентские счета или через счета банков-корреспондентов в третьем банке. |
| 54. | “Ислам терезесине” ээ банк | Банк, имеющий «исламское окно» | Талапка ылайык лицензиясы болгон шартта, тиешелүү бөлүмдүн («ислам терезесинин») алкагында ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштаган банк. | Банк, предоставляющий услуги в соответствии с исламскими принципами банковского дела и финансирования в рамках соответствующего подразделения («исламского окна») при наличии соответствующей лицензии. |
| 55. | Банктык төлөм карты (карт)(Bank payment card (card)) | Банковская платёжная карта(карта) (Bank payment card (card)) | Терминалдар же башка жабдуулар аркылуу товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу, улуттук жана чет өлкө валюталарында нак акча каражаттарын алуу боюнча операцияларды жүргүзүүгө анын ээсине мүмкүндүк берген төлөм инструменти, ошондой эле анын ээсине банктык эсепте турган акча каражаттарын тескөө, анын ичинде карт ээси менен эмитент ортосунда түзүлгөн келишимге жана Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына ылайык, эмитентте ачылган, ээси көрсөтүлбөгөн металл эсебинде жайгаштырылган баалуу | Платежный инструмент, позволяющий ее держателю проводить операции по покупке товаров, услуг, получению наличных денежных средств в национальной и иностранной валютах, через терминалы или иные устройства, а также средство доступа к банковскому счету для управления ее держателем денежными средствами, находящимися на банковском счете, в том числе для учета и совершения операций с драгоценными металлами, размещенных на обезличенном металлическом счете, открытом у эмитента, в соответствии с |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | металлдарды эсепке алуу жана алар менен операцияларды ишке ашыруу үчүн банктык эсептен пайдалана алуу каражаты. Карт эмитент тарабынан пластик карты сыяктуу эле, электрондук түрдөчыгарылат (интернет аркылуу коопсуз сатып алууларды ишке ашыруу үчүн каралган виртуалдык карт). Карт менен операциялар, банктык эсепте (дебеттик) турган өздүк акча каражаттар боюнча калдыктардын же болбосо банктык эсепте акча каражаттар жетишсиз болгон шартта же жок учурда (овердрафт, кредиттик) банктык эсеп келишимине ылайык эмитент тарабынан сунушталган кредиттин чегинде карт ээси тарабынан ишке ашырылат. Карт эмитенттин менчиги болуп саналат, ал карт ээсине келишим шарттарына ылайык колдонууга берилет. Банктык төлөм карттар төмөнкүчөклассификацияланат: жүргүзүлгөн эсептешүүлөрдүн түрлөрү боюнча: кредиттик жана дебеттик карттар; колдонуу мүнөзү боюнча: өздүк жана корпоративдик; маалыматтарды картка жазуу ыкмасы боюнча: магниттик жана смарт-карттар; аймактык таандыгы боюнча: банктар тарабынан бир нече мамлекеттердин аймагында тейленген эл аралык карттар; бир мамлекеттин бардык банктары тарабынан тейленген улуттук карттар; бир мамлекеттин бир же бир нече банктары тарабынан тейленген локалдык карттар. | законодательством Кыргызской Республики и договором между держателем карты и эмитентом. Карта может быть выпущена эмитентом как на физическом носителе, так и в электронном виде (виртуальная карта, не имеющая физического носителя и предназначенная для совершения безопасных покупок в интернете.). Операции по карте производятся держателем карты в пределах остатка собственных денежных средств, имеющихся на банковском счете (дебетовая), или кредита, предоставляемого эмитентом в соответствии с договором банковского счета при недостаточности или отсутствии на банковском счете денежных средств (овердрафт, кредитная). Карта является собственностью эмитента и предоставляется в пользование держателю карты в соответствии с условиями договора. Банковские платежные карты классифицируются: по виду проводимых расчетов: кредитовые и дебетовые карты; по характеру использования: персональные и корпоративные; по способу записи информации на карту: магнитные и смарт-карты; по территориальной принадлежности: международные, обслуживаемые банками на территории нескольких государств; национальные, обслуживаемые всеми банками одного государства; локальные, обслуживаемые одним или несколькими банками одного государства. |
| 56. | Банктык агенттик түйүн (Banking agent net) | Банковская агентская сеть (Banking agent net) | Өзүндө эсептешүү банкын жана алар ортосунда түзүлгөн агенттик келишимдин негизинде банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым түрлөрүн сунуштоо боюнча ишкердикти жүзөгө ашырган чекене агенттерди камтыган система. | Система, включающая в себя расчетный банк и розничных агентов, осуществляющих деятельность по предоставлению отдельных видов банковских услуг на основании заключенных между ними агентских договоров. |

www.bizdin.kg

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 57. | Банк эсеби (Banking account) | Банковский счет (Banking account) | Депозитти (банктык аманатты) кабыл алуу жана/же кредит берүү, ошондой эле банктык тажрыйбада иш жүгүртүүнүн багыттары колдонулган жана Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында, банктык эсепти тейлөө боюнча келишимде каралган кардарды тейлөөгө байланыштуу банк тарабынан операцияларды ишке ашыруу боюнча банк менен кардар ортосунда келишимдик мамилелерди чагылдыруу ыкмасы. | Способ отражения договорных отношений между банком и клиентом по приему депозита (банковского вклада) и/или выдаче кредита, а также по совершению банком операций, связанных с осуществлением банковского обслуживания клиента, предусмотренного договором по обслуживанию банковского счета, законодательством Кыргызской Республики и применяемыми в банковской практике обычаями делового оборота. |
| 58. | Электрондук акчаларды эсепке алуу боюнча банктык эсеп (Banking account of E-money accounting) | Банковский счет по учету электронных денег (Banking account of E-money accounting) | Банк тарабынан ачылган эсеп, ал чыгарылган электрондук акча боюнча акча каражаттар суммасын чегерүү жана электрондук акчанын ордун жабуу үчүн аларды эсептен алып салуу операцияларын ишке ашырууда гана пайдаланылат. | Счет, открытый банком, который используется только для проведения операций по зачислению суммы денежных средств по выпущенным электронным деньгам, и по списанию денежных средств для погашения электронных денег. |
| 59. | Банктык терминал/ Банктык төлөм карттарын кабыл алууучүн терминал (Bank terminal/ Terminal for bank payment card acceptance) | Банковский терминал/ Терминал для приема банковских платежных карт (Bank terminal/ Terminal for bank payment card acceptance) | Карттан маалыматтарды чечмелеп көрүүгө, аларды топтоштуруп, жөнөтүүгө жана тиешелүү төлөм системасынын карты боюнча ишке ашырылган операциялар тууралуу маалыматтарды кабыл алуугаөбөлгө түзгөн электрондук жабдуу. | Электронное устройство, позволяющее считывать информацию с карты, формировать, отправлять и принимать сообщения об операциях с картой в (из) соответствующей платежной системе. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 60. | Банкомат (Automatic teller machine (ATM)) | Банкомат (Automatic teller machine (ATM)) | Нак акча каражаттарын берүү жана/же кабыл алуу, акча каражаттарын картка жазуу, карт ээси тарабынан өткөрүлгөн транзакциялар боюнча маалыматтарды алуу, нак эмес төлөмдөрдү жүзөгөашыруу жана өткөрүлгөн транзакциялардын бардык түрлөрү боюнча карт-чектерди берүү үчүн каралган аппараттык-программалык комплекс. Банкомат банктык жабдуу болуп саналат жана ал коммерциялык банктын ыйгарым укуктуу кызматкеринин катышуусуз эле, карт ээсинин картты колдонуу менен операцияларды өз алдынча ишке ашыруусу үчүн каралган. | Аппаратно-программный комплекс для выдачи и/или приема наличных денежных средств, записи денежных средств на карту, получения информации по совершенным транзакциям держателем карты, осуществления безналичных платежей и выдачи карт-чека по всем видам произведенных транзакций. Банкомат является банковским оборудованием и предназначен для самостоятельного совершения держателем операций с использованием карты без участия уполномоченного работника коммерческого банка. |
| 61. | Банктык топ (Banking group) | Банковская группа (Banking group) | Кыргыз Республикасындагы банктык топ, бул: - Улуттук банктан лицензия алган банктан, анын туунду жана/же караштуу компанияларынан, ошондой эле алардын аффилирленген жактарынан турган топ; - Кыргыз Республикасынын аймагында түзүлгөн банктык холдингдик компаниялардан, Улуттук банктан лицензияланган банк болуп саналган туунду жана/же караштуу компаниялардын биринен турган топ; - банкты кошо камтыган, банк жана/же финансылык ишкердикти жүргүзүшкөн юридикалык жактардын тобу. Бир эле юридикалык жак же жеке адам өз алдынча же башка жактар менен биргелешип аларга контролдукту жүзөгө ашырат. | Банковская группа в Кыргызской Республике: - группа, состоящая из банка, лицензируемого Национальным банком, и его дочерних и/или зависимых компаний, а также их аффилированных лиц; - группа, состоящая из банковской холдинговой компании, созданной на территории Кыргызской Республики, одной из дочерних и/или зависимых компаний которой является банк, лицензируемый Национальным банком; - группа юридических лиц, занимающихся банковской и/или финансовой деятельностью, которая также включает банк, контроль над которыми осуществляет одно и то же юридическое или физическое лицо, единолично или совместно с другими лицами. |
| 62. | Банктык холдинг (Banking holding) | Банковский холдинг (Banking holding) | Банктык холдинг – банктардын (туунду кредиттик уюмдардын) акцияларынын контролдук топтомуна ээлик кылган жана кабыл алынып жаткан чечимдерди аныктоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон акционердик коом (негизги кредиттик уюм). | Банковский холдинг – это акционерное общество (основная кредитная организация), владеющее контрольным пакетом акций банков (дочерних кредитных организаций) и обладающее возможностью определять принимаемые ими решения |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 63. | Кыргыз Республикасындагы банктык холдингдик компания (Banking holding company) | Банковская холдинговая компания в Кыргызской Республике (Banking holding company) | Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, башкы компания банктык холдингдик компания болуп эсептелет. Ал эми банк анын туунду компаниясынан же туунду компаниясынын биринен болуп саналат. | Согласно законодательству Кыргызской Республики банковской холдинговой компанией считается материнская компания, дочерней компанией или одной из дочерних компаний которой является банк. |
| 64. | Баалуу кагаздардын документсиз формасы (Paperless securities) | Бездокументарная форма ценных бумаг (Paperless securities) | Баалуу кагаз формасы (түрү), эмиссиясы жана аларга ээлик кылуу укугу кагаз жүзүндө тастыктоону чыгаруусуз, эсептерде жазуу жүзүндө чагылдырылат. Мындай баалуу кагаздардын ээси баалуу кагаздарга ээлик кылуучулардын реестриндеги жазуулардын, ал эми баалуу кагаздарды депондоштуруу учурунда –депо эсеби боюнча жазуулардын негизинде аныкталат. | Форма ценных бумаг, эмиссия и право владения которыми фиксируется в виде записи на счетах, без выпуска каких-либо подтверждений в бумажном виде. Владелец таких ценных бумаг устанавливается на основании записи в реестре владельцев ценных бумаг, а в случае депонирования ценных бумаг – на основании записи по счету депо. |
| 65. | Нак эмес акча (Non-cash) | Безналичные деньги (Non-cash) | Банктык эсептердеги акча каражаттары. | Денежные средства на банковских счетах. |
| 66. | Нак эмес төлөм (Non-cash payment) | Безналичный платеж (Non-cash payment) | Төлөөчүнүн банктык эсептен өлкөнүн мыйзам актыларында белгиленген формада акча каражаттарын которуу жолу менен акчалай милдеттенмесин аткаруусу. | Исполнение денежного обязательства путём перевода плательщиком с банковского счета денежных средств в форме, установленной законодательством страны. |
| 67. | Нак эмес эсептешүү (Non-cash settlement) | Безналичный расчет (Non-cash settlement) | Акча жүгүртүү формасы, мында акча каражаттарды жүгүртүү нак акчаны пайдалануусуз, сунушталган төлөм документине ылайык төлөөчүнүн эсептешүүэсебинен эсептеп алып, алуучунун эсептешүү эсебине чегерүү аркылуу жүзөгө ашырылат. Эсептешүүтөлөмдү жыйынтыктоочу катары саналат. | Форма денежного обращения, при которой движение денежных средств происходит без участия наличных денег, путём списания денежных средств с расчётного счёта плательщика и зачисления их на расчётный счет получателя согласно представленным платежным документам. Расчет является завершением платежа. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 68. | Эталондук портфель (Бенчмарк) (Benchmark Portfolio Benchmark) | Эталонный портфель (Бенчмарк) (Benchmark Portfolio Benchmark) | Эталондук инвестициялык портфель – бул, эл аралык камдарды тескөөнүн нейтралдуу теориялык портфели, ал инвестициялардын реалдуу түрлөрүндөтүзүлүп, рынокто оңой ишке ашырылат. Эталондук портфель инвестициялык активдер үчүн түзүлүп, активдердин (инвестициялардын түрлөрүнүн) топтомун жана түзүмүн ошондой эле, инвестициялык актив үчүн максималдуу мөөнөттүүлүктү жөнгө салат. Айрым учурда эталондук портфелдин ордуна бенчмарк колдонулат. | Эталонный инвестиционный портфель – это нейтральный теоретический портфель управления международными резервами, который построен на реальных видах инвестиций и является легко реализуемым на рынке. Эталонный портфель создается для инвестиционных активов и регламентирует набор и структуру активов (видов инвестиций) и максимальную срочность для инвестиционного актива. Иногда вместо эталонного портфеля используется бенчмарк. |
| 69. | Биржа (Exchange) | Биржа (Exchange) | Дайыма иштеп турган дүң рыногунун негизги формасы. | Основная форма регулярно функционирующего оптового рынка. |
| 70. | Бонддор (Bonds) | Бонды (Bonds) | Макулдашылган мөөнөттө (айрым учурда акыркы мөөнөт макулдашылбай да калат) финансылык ресурстарды алуу үчүн чыгарылган, белгиленген пайыздык чендеги жана номиналдык наркы боюнча төлөнүүчү карыздык баалуу кагаздар (облигациялар). | Долговые ценные бумаги (облигации) с фиксированной процентной ставкой, выпущенные для получения финансовых ресурсов на оговоренный срок (иногда конечный срок не оговаривается) и погашаемые по номинальной стоимости. |
| 71. | Брокерлер (Brokers) | Брокеры (Brokers) | Инвесторлордун, кардарлардын финансылык активдер менен операцияларын уюштурган, аткарган жана сатып алуучулар менен сатуучуларды бири-бирине көздөштүргөн агенттер. | Агенты инвесторов, которые организуют, исполняют операции клиентов с финансовыми активами и сводят между собой покупателей и продавцов. |
| 72. | Бэк-офис (Back Office) | Бэк-офис (Back Office) | Уюмдун финансы рынокторунда ишке ашырылган операциялар боюнча эсептешүүлөрду жүзөгөашыруучу түзүмдүк бөлүмү. | Структурное подразделение организации по осуществлению расчетов по операциям на финансовых рынках. |
| 251. | Инфляциялык күтүүлөр (Infla tion expectations) | Инфляционные ожидания (Infla tion expectations) | Экономикалык агенттер тарабынан келечекте орун алышы мүмкүн болгон инфляцияга баа берүүлөр. Алар төмөнкүчө бөлүнөт: - шайкеш инфляциялык күтүүлөр (adaptiveinflationexpectati ons –экономикалык агенттер тарабынан келечекте орун алышы мүмкүн болгон инфляцияга баа берүүлөр, ал ошол учурда өткөндөгү баа динамикасынын негизинде калыптанат; - рационалдуу инфляциялык күтүүлөр (rationalinflationexpectatio ns) –экономикалык агенттер тарабынан болочоктогу инфляцияга баа берүүлөр, ал алынган маалыматтардын толук топтомуна талдап-иликтөөлөргө жараша ошол учурда калыптанат. | Оценка экономическими агентами будущей инфляции. Различают: - адаптивные инфляционные ожидания(adaptiveinflationexpectati ons) – оценка будущей инфляции экономическими агентами, которая формируется в текущий момент времени, исходя из динамики цен в прошлом; - рациональные инфляционные ожидания(rationalinflationexpectatio ns) – оценка будущей инфляции экономическими агентами, которая формируется в текущий момент времени, исходя из анализа полного набора информации. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 252. | Ипотека (Mortgage) | Ипотека (Mortgage) | Бул, кыймылсыз мүлккө менчик укугунун же башка мүлк укугунун күрөөсү астында акчалай же акча формасында туюндурулган милдеттенмелердин аткарылышын камсыздоо ыкмасы. Ипотека келишими боюнча бир тарап, ипотека менен камсыздалган милдеттенме боюнча (негизги милдеттенме) кредитор болуп саналган – күрөөкармоочу ошол милдеттенме боюнча карызгерге карата өзүнүн акчалай талаптарын күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлктүн наркынан же башка тараптын –күрөө коюучунун мүлктүк укугунан (ипотека предметинен) канааттандырып алууга укуктуу. | Ипотека – способ обеспечения исполнения денежного или выраженного в денежной форме обязательства под залог права собственности или иного вещного права на недвижимое имущество. По договору об ипотеке одна сторона – залогодержатель, являющийся кредитором по обязательству, обеспеченному ипотекой (основному обязательству), имеет право получить удовлетворение своих денежных требований к должнику по этому обязательству из стоимости заложенного недвижимого имущества или вещных прав (предмета ипотеки) другой стороны – залогодателя преимущественно перед другими кредиторами залогодателя за изъятиями. |
| 253. | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери (Treasury obligation of the Government of Kyrgyz Republic) | Казначейское обязательство Правительства Кыргызской Республики (Treasury obligation of the Government of Kyrgyz Republic) | Казына милдеттенмелери - Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган мамлекеттик баалуу кагаздар жана алар жеке өзүмдүк, документ түрүндөгү баалуу кагаз болуп саналат. | Казначейские обязательства - государственные ценные бумаги, выпускаемые Министерством финансов и являются именными, документарными ценными бумагами. |
| 254. | Тобокелдиктер картасы (Risk map) | Карта рисков (Risk map) | Анда орун алышы мүмкүн болгон тобокелдиктер “келип чыгуу ыктымалдыгына – жоготуулардын мүмкүн болуучу деңгээлине” жараша жайгаштырылган график. | Двумерный график, на котором риски располагаются в пространстве координат «вероятность наступления риска – возможный уровень потерь». |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 255. | Карт-чек (Card – check) | Карт-чек (Card – check) | Терминалда, банкоматта же башка жабдууда иштелип чыккан, транзакцияларды өткөрүүдө транзакциялар боюнча эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн негиз болуп саналган жана транзакциялардын өткөрүлүшүн тастыктаган кагаз жана/же электрондук түрдөгүдокумент. Алдамчылык тобокелдигин басаңдатуу максатында, карт-чекте анын номери жөнүндөмаалымат толук эмес болууга тийиш, анда системанын коопсуздук эрежелерине ылайык, карт ээсинин номери жөнүндө маалымат жарым-жартылай чагылдырылышы мүмкүн. | Документ на бумажном носителе и/или в электронном виде, сформированный терминалом, банкоматом или иным устройством при проведении транзакции с использованием карты, являющийся основанием для осуществления расчетов по транзакции и служащий подтверждением ее совершения. Для снижения риска мошенничества карт-чек не должен содержать в явном виде всю информацию о номере карты и может содержать частичную информацию о номере карты держателя в соответствии с правилами безопасности системы. |
| 256. | Кассалык терминал (Cash dispenser) | Кассовый терминал (Cash dispenser) | Банктык эсептен нак акча каражаттарын карттын жардамы менен алуу үчүн каралган жабдуу. | Устройство для снятия наличных денежных средств с банковского счёта с помощью карты |
| 257. | Кастодиан (Custodian) | Кастодиан (Custodian) | Баалуулуктарды ишеним боюнча сактоону, кирешелерди инкассациялоону жүзөгө ашырып, тресттин буйруучусунун тапшыруусу боюнча мүлк менен ар кандай операцияларды жүргүзүп, отчетторду даярдаган, бирок активдер портфелин тескей албаган агент. | Агент, осуществляющий доверительное хранение ценностей, инкассацию доходов, выполняет по поручению распорядителя траста различные операции с имуществом, подготавливает отчетность и не управляет портфелем активов. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 258. | Капитал (Capi tal) | Капитал (Capit al) | Капитал – 1) үстөк наркты шарттаган нарк; 2) милдеттенмелерди алып салгандан кийинки активдердин жалпы наркы; 3) материалдык жана акчалай каражаттарды экономикага, өндүрүшкөкапиталдык салуу. Капитал төмөнкүдөй түрлөргөбөлүнөт: Акционердик капитал – бул, акционердик коомдун акцияларды чыгаруу жана сатуу аркылуу түзүлгөн капиталы. Акционерлердин жеке капиталдарын бириктирген жыйындыны түшүндүрөт; Бул, наркынын жогорулап кетиши шартында, негизги каражаттарды кайра баалоонун эсебинен, өздүк акцияларды сатуудан келип чыккан айырманын (акциялардын сатуу баасынын анын номиналдык наркынан артышы), ошондой эле негизги капиталды алгылыктуу негизде кайра баа берүүнүн эсебинен түзүлгөн капитал. | Капитал – 1) стоимость, приносящая прибавочную стоимость; 2) общая стоимость активов за вычетом обязательств; 3) капитальные вложения материальных и денежных средств в экономику, в производство. Различают следующие виды капитала: Акционерный капитал – это капитал акционерного общества, образуемый посредством выпуска и продажи акций. Представляет совокупность объединенных индивидуальных капиталов акционеров; Дополнительный капитал банка – это капитал, образующийся за счет переоценки основных средств при увеличении их стоимости, за счет разницы от продажи собственных акций (превышение продажной цены над номинальной стоимостью акций), а также положительной переоценки основного капитала. |
| 259. | Банктын ордун жабуучу (регулятивдүү) капитал (Regu latory capital of the bank) | Капитал банка регулятивный ( Regulatory capital of the bank) | Банктын ордун жабуучу (регулятивдүү) капитал – бул, жөнгө салуучу органдардын талаптарына ылайык, уюмдар тобокелдиктердин орун алышынан улам, келип чыгышы мүмкүн болгон жоготуулардын ордун жабуу үчүн ээ болууга тийиш болгон капитал. Мындай капиталга төмөнкүлөр кирет: Банктын өздүк капиталы – банк ээлеринин менчиги болуп саналган ар кандай багыттарга жумшалуучу жана банк ишинин экономикалык өз алдынчалыгын жана туруктуулугун камсыз кылган каражаттар жыйындысы. Банктынөздүк капиталына уставдык капитал, камдык капитал, уюштуруучулардын пайдасы, кошумча капитал кирет. Банктык көзөмөл боюнча Базель комитетинин стандарттарына ылайык, капиталдын шайкештик коэффициенттерин эсептөө үчүн банктын капиталы: биринчи деңгээлдеги жана экинчи | Капитал банка регулятивный – капитал, которым должна располагать организация в соответствии с требованиями регулирующих органов для покрытия возможных потерь, способных возникнуть вследствие принимаемых рисков. К регулятивному капиталу относятся: Собственный капитал банка – совокупность различных по назначению средств банка, являющихся собственностью владельцев банка, и которые обеспечивают экономическую самостоятельность и стабильность его функционирования. Собственный капитал банка включает: уставный капитал, резервный капитал, учредительскую прибыль, дополнительный капитал. Согласно стандартам Базельского комитета по банковскому надзору для целей расчета коэффициентов адекватности капитала банковский капитал делится на: капитал Первого уровня и капитал Второго |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | деңгээлдеги капитал болуп бөлүнөт. а) Биринчи деңгээлдеги капиталдын түзүмүнө: төлөнгөн уставдык капитал, номиналдан үстөк салынган капитал, кошумча капитал, банктын келечектеги керектөөлөрү үчүн камдар, өткөн жылдарда бөлүштүрүлбөгөн пайда (чыгымдар) кирет. Биринчи деңгээлдеги капиталдан материалдык эмес активдерди эсептеп алып салуу аркылуу, биринчи деңгээлдеги таза капиталды алууга болот. б) Экинчи деңгээлдеги капиталдын түзүмүнө: өтүп жаткан жылдын пайдасы, активдер боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгымдардын ордун жабууга жалпы камдар, сатууга боло турган жана төлөөгөчейин кармалып туруучу баалуу кагаздарды алгылыктуу кайра баалоо боюнча камдар жана четөлкө валюталарын алгылыктуу кайра баалоолор, субординацияланган карыз кирет. в) Биринчи деңгээлдеги таза капиталдын жана экинчи деңгээлдеги капиталдын суммасынан банктын туунду уюмдарына, башка банктарга жана финансы мекемелерине инвестицияларды (акция же капиталгаүлүштүк катышуу түрүндөгү) эсептеп алып салуу аркылуу таза суммардык капиталды алууга болот. Биринчи деңгээлдеги таза капиталдын жана таза суммардык капиталдын мааниси банктын капиталынын шайкештигин жана башка экономикалык ченемдерди эсептөөдө колдонулат. | уровня. а) В структуру капитала первого уровня включается: оплаченный уставный капитал, капитал, внесенный сверх номинала, дополнительный капитал, резервы для будущих потребностей банка, нераспределенная прибыль (убытки) прошлых лет. Путем вычета из капитала первого уровня нематериальных активов находится Чистый капитал первого уровня. б) В структуру капитала второго уровня включается: прибыль текущего года, общие резервы на покрытие потенциальных потерь и убытков по активам, резервы по положительной переоценке годных для продажи и удерживаемых до погашения ценных бумаг и положительной переоценке иностранной валюты, субординированный долг. в) Путем вычета из суммы чистого капитала первого уровня и капитала второго уровня инвестиций (в виде акций или долевого участия в капитале) в дочерние организации банка, другие банки и финансовые учреждения находится Чистый суммарный капитал. Значения чистого капитала первого уровня и чистого суммарного капитала используются для расчета адекватности капитала и других экономических нормативов банка. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 260. | Уставдык капитал (Authorized capital) | Капитал, уставный (Authorized capital) | Уставдык капитал – уюштуруучулар жана башка катышуучулар өз ишин баштап, андан ары улап кетүүчүн акционердик коомго салган капиталдын суммасы. Капиталдын өлчөмү уюштуруу келишиминде же уставда аныкталат. | Капитал уставный – сумма капитала, которую вкладывают учредители и другие участники в акционерное общество для начала и его последующей деятельности. Размер определяется учредительным договором или уставом. |
| 261. | Капиталдаш-тырылган пайыздар (Capitalized Interest) | Капитализирован-ные проценты (Capitalized Interest) | Капиталдаштырылган пайыздар – бул, эсептелинген пайыздык чыгашаларды же келечектеги пайыздык төлөмдөрдү жаңы карыздык инструментке же кредитор менен түзүлгөн макулдук келишиминин негизинде карыздын негизги суммасына конверсиялоо. Пайыздык чыгашаларды карыздын негизги суммасына же айкын карыздык инструментке тиешелүү ачык макулдашуунун негизинде же карызды кайра тариздетүүкелишиминин алкагында реинвестициялоо - капиталдаштыруунун эң эле кеңири тараган формасынан болуп саналат. Карызды кайра тариздетүү келишиминин алкагында пайыздардын төлөө мөөнөтү консолидациялоо учуруна туура келген айрым бир бөлүгү, кредитор менен макулдашуунун негизинде көпчүлүк учурда карыздын негизги суммасына кошулат. | Капитализированные проценты — это конверсия на численных процентных расходов или будущих процентных платежей в новый долговой инструмент или в основную сумму долга на основе договорного соглашения с кредитором. Наиболее распространенной формой капитализации является реинвестирование процентных расходов в основную сумму долга либо на основе явной договоренности относительно конкретного долгового инструмента, либо в рамках соглашения о переоформлении долга. В рамках соглашения о переоформлении долга определенная часть процентов, срок выплаты которых приходится на период консолидации, нередко причисляется к основной сумме долга на основе договоренности с кредитором. |
| 262. | Капиталдык трансферттер (Capital Transfers) | Капитальные трансферты (Capital Transfers) | Негизги каражаттарга менчик укугун кайтарып албастан өткөрүп берүү же эгерде, анын ордуна эч кандай компенсация ала албаса, өз ара макулдук боюнча кредитордун карыз алуучунун финансылык милдеттенмелерин кечиши. | К капитальным трансфертам относится безвозмездная передача права собственности на основные средства или прощение финансового обязательства заемщика кредитором по взаимному согласию между ними, в случае, если кредитор не получает взамен никакой компенсации. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 263. | Классификатор (Classifier) | Классификатор (Classifier) | Объекттердин (продукциялардын, товарлардын) системага салынган тизмеги, алардын ар биринеөзүнчө шифр, код ыйгарылат. Көпчүлүк учурда продукциялардын, товарлардын, ишкердик түрлөрүнүн, төлөм багыттарынын классификаторлору колдонулат. | (От лат. classis разряд и facere - делать) –Систематизированный перечень объектов (продукции, товаров), каждому из которых присвоен определенный шифр, код. Чаще всего применяются классификаторы продукции, товаров, видов деятельности, назначения платежей. |
| 264. | Кредит портфелин классификациялоо (Classification of loan portfolio) | Классификация кредитного портфеля (Clas sification of loan portfolio) | Бул, кредиттердин сапатына кредиттик тобокелдик позициясынан (тобокелдик боюнча салмактап алуу) баа берүү. | Классификация кредитного портфеля – это оценка качества кредитов с позиций кредитного риска (взвешивание по риску). |
| 265. | Классификациялануучу кредиттер (Cl assified loans) | Классифицируемые кредиты (Classif ied loans) | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жөнгөсалуучу талаптарына ылайык, классификациялануучу кредиттерге төмөнкүлөр кирет: 1) Субстандарттык кредиттер – бул: - төлөө мөөнөттөрү узартылган (30 күнгө чейин) кредиттер, - кредиттик келишимге ылайык, пландык төлөмдөрү кредиттин мөөнөтүбүткөнгө чейин (60 күнгө жана андан ары) узартылган кредиттер, - кредиттин мөөнөтү бүткөндөн кийин анын пайыздары жана негизги суммасы боюнча төлөм мөөнөттөрүн узартуу менен (30 күнгө чейин); 2) Шектүү кредиттер – бул: - карыз алуучу финансылык абалынын начарлоосунун кесепетинен кредит боюнча пайыздарды гана эмес, анын негизги суммасы боюнча да пландык төлөмдөрдү төлөй албай калган кредит, - мөөнөтү бүткөндөн кийин да 90 күндөн ашыгыраак убакыт төлөнбөй калган кредит, - пролонгациялоону кошо алганда, бир нече жолу реструктуризацияланган кредит, - кардардын жоготууларын жана чыгымдарын улам көбөйткөн кредит, - күрөөнүн рыноктук наркы төмөндөп, сапаты начарлап, анын ликвиддүүлүгү шектенүүнү жаратк ан кредит, ал эми күрөөнү баштапкы баада сатуу | Классифицируемым кредитам с точки зрения регулятивных требований Национального банка Кыргызской Республики относятся: 1) Субстандартные кредиты – это кредиты: - с продленными сроками выплаты (до 30 дней), - с просроченными плановыми платежами (60 дней и более) согласно кредитному договору, до истечения срока кредита, - с просроченными платежами (до 30 дней) по процентам и основной сумме после окончания срока кредита. 2) Сомнительные кредиты – это кредиты по которым: - заемщик перестал производить плановые платежи не только по процентам, но и по основной сумме в результате ухудшения финансового состояния, - длительность просрочки кредита составляет более 90 дней, после окончания срока кредита, - имеет место неоднократная реструктуризация кредита, включая пролонгацию, - увеличиваются потери и убытки клиента, - снижается рыночная стоимость залога, ухудшается качество, ликвидность залога является сомнительной, залог – труднореализуемым по цене первоначальной оценки. 3) Кредиты, классифицируемые как потери – это кредиты, которые обладают одной или несколькими из следующих |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | кыйынга турган кредит; 3) Жоготуу катары классификацияланган кредиттер – бул, төмөнкү бир же бир нече мүнөздөмөлөргө ээ болгон кредиттер: карыздын 90 күндөн ашыгыраак убакыт төлөнбөй узарып кетиши; 3 жолудан көбүрөөк пролонгацияланышы (узартылышы); күрөөнүн жоктугу же рыноктук жагдайлардан улам аны сатуу мүмкүн эмес болсо; кардардын карызды төлөөгөжөндөмсүздүгү, андан баш тартышы, же болбосо айкын ордун жабуусуз эле төлөп берүү ниетин билдириши жана активдин ордун жабуу үчүн экинчи каражат алуу булагынын жоктугу; кардардын банк менен кызматташууга ниеттенбеши же болбосо кардар менен байланышуу мүмкүн эмес болсо; кардардын бизнесинин токтотулушу же анын банкрот абалда калышы. Мында, жоготуу катары классификацияланган активдердин наркы өтө төмөн болгондугунан улам, алар банктын балансында нөлдүк наркта чагылдырылат. | характеристик: просроченная задолженность более 90 дней; пролонгация более 3-х раз; отсутствие залога или невозможность его продажи из-за отсутствия рынка; неспособность, отказ клиента погасить задолженность, либо намерение оплаты без осуществления реального погашения, и отсутствие вторичного источника для погашения актива; нежелание клиента сотрудничать с банком либо отсутствие клиента; прекращение работы бизнеса клиента либо объявление его банкротом. При этом, активы, классифицированные как потери, имеют такую низкую стоимость, что отражаются на балансе банка по нулевой стоимости. |
| 266. | Төлөөчү кард ар (Payer) | Клиент-плательщик (P ayer) | Анын акча каражатынын эсебинен эсептешүүлөр жүзөгө ашырылган банк кардары. | Клиент банка, за счет денежных средств которого осуществляется расчет. |
| 267. | Алуучу кардар (Recipient) | Клиент-получатель (Recipient) | Эсептешүүлөрдүн натыйжасында анын пайдасына акча каражаттары келип түшкөн банк кардары. | Клиент банка, в пользу которого поступают денежные средства в результате расчёта. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 268. | Клиринг (Clearing) | Клиринг (Clearing) | 1) Төлөмдөрдү топтоо, иштеп чыгуу, тастыктоо жана системанын катышуучуларынын өз ара талаптарын эсептөө процесси. 2) Төлөмдөрдүн балансстык шарттарынын негизинде, өлкөлөр, банктар, компаниялар, ишканалар ортосунда бири-бирине сунушталган, сатылган товарлар, баалуу кагаздар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн утурлама милдеттенмелер боюнча нак эмес эсептешүүсистемасы. 3) Банктык клиринг дегенден улам, бири-бирине барабар төлөмдөрдүн өз ара чегерилишине негизделген банктар аралык нак эмес эсептешүүлөр системасын түшүнүү зарыл. 4) Валюта клиринги –бул, өлкөлөр ортосунда бирдей нарктагы товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөмдөрдүн өз ара чегерилишине негизделген, клирингдик валютада макулдашылган баада эсептелген, эл аралык эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартибин түшүндүрөт. 5) Баалуу кагаздар клиринги – баалуу кагаздар боюнча тооруктарды өткөрүү учурунда рынок катышуучуларынын өз ара милдеттенмелерин эсептөө процесси. | 1) Процесс сбора, обработки, подтверждения платежей и подсчета взаимных обязательств участников системы. 2) Система безналичных расчетов по встречным обязательствам между странами, банками, компаниями, предприятиями за поставленные, проданные друг другу товары, ценные бумаги и оказанные услуги, исходя из условий баланса платежей. 3) Банковский клиринг представляет собой систему межбанковских безналичных расчетов, основанных на взаимном зачете равных платежей друг другу. 4) Валютный клирингпредставляет порядок проведения международных расчетов между странами, основанный на взаимном зачете платежей за товары и услуги, обладающие равной стоимостью, исчисленной в так называемой клиринговой валюте по согласованным ценам. 5) Клиринг ценных бумаг - процесс подсчета взаимных обязательств участников рынка при проведении торгов по ценным бумагам |
| 269. | Клирингдик күн (Clearing day) | Клиринговый день (Clearing day) | Системада белгиленген убакыт аралыгы, ал мезгил ичинде клиринг жүзөгө ашырылат. Клирингдик күн бир же бир нече клирингдик сессияны камтышы мүмкүн. | Установленный в системе период времени, в течение которого осуществляется клиринг. Клиринговый день может состоять из одной или более клиринговых сессий. |
| 270. | Клирингдик сессия (Clearing session) | Клиринговая сессия (Clearing session) | Системада белгиленген убакыт аралыгы, ал мезгил ичинде клиринг жүзөгө ашырылат. Клирингдик сессия системанын катышуучуларынын таза позициялары боюнча акыркы эсептешүүлөр менен жыйынтыкталат. | Установленный в системе период времени, в течение которого осуществляется клиринг. Клиринговая сессия завершается окончательным расчетом по чистым позициям участников системы. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 271. | Клирингдик борбор (Clear ing house) | Клиринговый центр (Clearing house) | 1) Клиринг жүзөгө ашырылуучу мекеме. 2) клиринг системасынын катышуучулары ортосунда нак эмес эсептешүүлөрдү жүргүзүү учурунд а ортомчулук кызматтарды сунуштаган уюм. Клирингдик борбор төлөм документтерин алмаштырууну, төлөмдөрдүтоптоону жана иштеп чыгууну, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген эрежелерге жана жол-жоболорго ылайык, өз ара талаптарды чегерүү жолу менен клиринг системасынын катышуучуларынын таза позициясынын эсебин жүзөгө ашырат. | 1) Учреждение, в котором осуществляется клиринг. 2) организация, оказывающая посреднические услуги при проведении безналичных расчетов между участниками клиринговой системы платежей. Клиринговый центр осуществляет обмен платежными документами, сбор и обработку платежей и расчет чистых позиций участников клиринговой системы путем зачета взаимных требований согласно правилам и процедурам, установленным Национальным банком Кыргызской Республики. |
| 272. | Ко-бейджинг банктык төлөм карты (Co-badge card) | Ко-бейджинговая банковская платежная карта (Co-badge card) | Эки төлөм системасынын алкагында чыгарылган карт. | Карта, выпущенная в рамках двух платежных систем. |
| 273. | Кобрэндинг ( Co-branding) | Кобрэндинг (C o-branding) | Долбоордун катышуучуларынын брэнддик аталыштарын жана соодалык аталыштарын бириктирген, продукттарды же кызмат көрсөтүүлөрдүбиргелешип жайылтуу боюнча маркетингдик иш-чаралар топтому. | Комплекс маркетинговых мероприятий по совместному продвижению продуктов или услуг, которые объединяют их брэндовые имена и торговые имена участников проекта. |
| 274. | Ко-брендинг банктык төлөм карты (Co-branding card) | Ко-брендинговая банковская платежная карта (Co-branding card) | Коммерциялык банк жана кайсыл болбосун уюм/уюмдар тарабынан биргелешип чыгарылган карт. | Карта, совместно выпущенная коммерческим банком и какой либо организацией/ми. |
| 275. | Артыкчылык берүү коду (P riority code) | Код приоритетност и (Priority code) | Төлөм системасында төлөм документтерин иштеп чыгуу кезегин аныктоочу код. Артыкчылык берилген код төлөм документине төлөмду жөнөтүүчүтарабынан ыйгарылат. | Код, определяющий очередность обработки платежных документов в платежной системе. Код приоритетности присваивается платежному документу отправителем платежа. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 276. | Ички аудиторлордун этика кодекси (The code of ethics of internal auditors) | Кодекс этики внутренних аудиторов (The code of ethics of internal auditors) | Ички аудиторлордун эл аралык институтунун этика кодекси, анда ички аудит кесибине жана иш тажрыйбасына тиешелүү принциптер, ички аудиторлор так сактоого тийиш болгон эрежелер камтылат. | Кодекс этики международного Института внутренних аудиторов, который включает Принципы, относящиеся к профессии и практике внутреннего аудита, и Правила поведения, описывающие поведение, ожидаемое от внутренних аудиторов. |
| 277. | Конверсиондук валюталык операциялар (Exchange transactions) | Конверсионные валютные операции (Exchange transactions) | Бир валютаны башка валютанын ордуна сатып алуу/сатуу боюнча валюталык операциялар. | Валютные операции, связанные с покупкой/продажей одной валюты в обмен на другую. |
| 278. | Конвертирленүүчү валюта ( Convertible currency) | Конвертируемая валюта (Convertible currency) | Башка валюталарга эркин жана чектөөлөрсүз алмаштырылуучу валюта, алар конвертирленүүчү, жарым-жартылай конвертирленүүчү жана конвентирленбөөчү валюта болуп бөлүнөт. | Валюта, свободно и неограниченно обмениваемая на другие валюты. Различают конвертируемые, частично конвертируемые и неконвертируемые валюты. |
| 279. | Карыз конверсиясы (Debt Conversion) | Конверсия долга (Debt Conversion) | Карызды карыздык эмес милдеттенмеге (мисалы, капиталга катышуу инструментине) же улуттук валютадагы эквиваленттүү каражатка (мисалы, айкын долбоорду, программаларды же башка иш-чараларды каржылоого багытталышы мүмкүн болгон каражаттарга) алмашуу. | Обмен долга на недолговое обязательство (например, на инструменты участия в капитале) или на эквивалентные средства в национальной валюте (например, на средства, которые могут быть направлены на финансирование конкретного проекта, программы или других мероприятий) |
| 280. | Консолидацияланган баланс (Consolidated balance sheet) | Консолидированный баланс (Consolidated balance sheet) | Жыйынтыкталган бухгалтердик отчет; бир нече компаниядан турган ассоциацияланган корпорациялардын интеграцияланган чогуу алгандагы балансы; башкы компаниянын жана туунду компаниялардын, филиалдардын ишинин финансылык натыйжалары жөнүндө отчет. | Сводная бухгалтерская отчетность; интегрированный совокупный баланс ассоциированной корпорации, состоящей из нескольких компаний; отчет о финансовых результатах деятельности головной компании и дочерних компаний, филиалов. |
| 281. | Банктын консерватору (Bank conservator) | Консерватор банка (Bank conservator) | бул, мыйзам талаптарына ылайык банкта консервация жол-жобосун жүзөгө ашырган ыйгарым укуктуу квалификациялуу адис. | Консерватор банка – это квалифицированный уполномоченный специалист, осуществляющий процедуру консервации банка согласно законодательству. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 282. | Банкта консервация чарасын киргизүү (Ban k conservation) | Консервация банка (Bank conservation) | Банкта консервация чарасын киргизүү – бул, кредиторлордун жана аманатчылардын таламында банктын активдеринин, бухгалтердик китептеринин жана жазуулардын сакталышын камсыз кылуу, ошондой эле андан-аркы иш багытын аныктоо үчүн банкта түптөлгөн айкын жагдайды иликтөөгө алуу ниетинде банк ишине контролдукту орнотуу максатында, мыйзамдарга ылайык колдонулган таасир этүү чарасы. | Консервация банка – это мера воздействия, применяемая согласно законодательству в целях установления контроля над банком для обеспечения сохранности активов, бухгалтерских книг и записей банка в интересах кредиторов и вкладчиков, а также изучения реального положения дел в банке для определения его дальнейшей деятельности. |
| 283. | Рынок конъюнктурасы (Market situation) | Конъюнктура рынка (Market situation) | (латын тилинен conjungere – байланыштыруу) – бул, рынокто түптөлгөн экономикалык жагдай, ал суроо-талап жана сунуш деңгээли, рыноктук жигердүүлүк, сатуу баасы, көлөмү, пайыздык чендердин, валюта курсунун, эмгек акынын, дивиденддердин өзгөрүүсү(жылышы), ошондой эле өндүрүш жана керектөөдинамикасы менен мүнөздөлөт. | (От лат. conjungere – связывать) – Экономическая ситуация, складывающаяся на рынке, характеризуемая уровнями спроса и предложения, рыночной активностью, ценами, объемами продаж, движением процентных ставок, валютного курса, заработной платы, дивидендов, а также динамикой производства и потребления |
| 284. | Банктын контролдугу | Контроль банка | Бул, банктын же башка финансы-кредит мекемесинин ишин тескөөгө, анын ичинде Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн көпчүлүгүн шайлоого таасир этүүжөндөмдүүлүгү. | Контроль банка – способность оказывать влияние на управление банком или другими финансово-кредитными учреждениями, в том числе путем влияния на выбор большинства членов Совета директоров. |
| 285. | Тобокелдикти контролдоо ( Risk control) | Контроль риска (Risk control) | Тобокелдиктин келип чыгуу ыктымалдыгын төмөндөтүүгө, аны жокко чыгарууга же ага жол бербөөгө аракет кылууга, ошондой эле мындай жагдайлар келип чыккан шартта, тобокелдик кесепеттеринин олуттуулугун басаңдатууга багытталган тобокелдиктерди тескөө системасынын элементи. | Элемент системы управления рисками, направленный на снижение вероятности возникновения риска, исключение или попытку его избежать, а также уменьшение серьезности последствий риска в случае его наступления |
| 286. | Контролдук чөйрөсү (The control environment) | Контрольная среда (The control environment) | Өзүндө этикалык баалуулуктарды, башкаруу философиясын жана маданиятын, уюштуруу түзүмүн, ыйгарым укуктарды жана жоопкерчиликти бөлүштүрүүнү, персоналдын компетенттүүлүгүн камтыган контролдук элементтердин жыйындысы. | Совокупность элементов контроля, включающих в себя этические ценности, философию и культуру управления, организационную структуру, распределение полномочий и ответственности, компетентность персонала. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 287. | Таламдардын каршы келип калышы (Con flict of interests) | Конфликт интересов (Co nflict of interests) | Бул, укук менен корголгон, таламдар ортосунда келип чыккан карама-каршылыкты түшүндүргөн, жалпы кабыл алынган атоо. Жеке адамдардын айрым бир категориясынын чектелбеген чөйрөсүнүн (кредиторлор, акционерлер, инвесторлор ж.б.) таламдарын кошо алганда, коргоого алынган таламдар катары жеке сыяктуу эле, жалпы таламдар да болушу мүмкүн. Мисалы, банктарда келип чыккан таламдардын каршы келип калышы банктык мыйзамдар аркылуу жөнгө салынат. | Конфликт интересов – это общепринятый термин, обозначающий противоречие между интересами, которые защищены правом. Защищаемыми интересами могут быть как частные, так и публичные интересы, включая интересы неограниченного круга определенной категории частных лиц (кредиторы, акционеры, инвесторы и т.д.). Например, случаи возникновения конфликта интересов в банках регулируются банковским законодательством. |
| 288. | Корреспонде нттик эсеп (Corresp ondent account) | Корреспондент ский счет (Correspon dent account) | Бир финансы-кредит мекемеси тарабынан корреспонденттик келишимдин негизинде, башка финансы-кредит мекемесинин тапшыруусу боюнча жана анын эсебинен ишке ашырылган эсептешүүлөрдү чагылдырган эсеп. | Счет, на котором отражаются расчеты, произведенные одним финансово-кредитным учреждением по поручению и за счет другого финансово-кредитного учреждения на основе корреспондентского договора. |
| 289. | Корпоративд ик банктык төлөм карты (Corpor ate card) | Корпоративная банковская платежная карта (Corporate card) | Карт ээсине, жеке адамга операцияларды эсеп ээси, юридикалык жак/жеке ишкер тарабынан ага сунушталган ыйгарым укуктарга ылайык, картты пайдалануу менен операцияларды ишке ашырууга мүмкүндүк берген карт. Акча каражаттарын эсептен алып салуу операциялары ошол юридикалык жактын/жеке адамдын корпоративдик эсебинен жүзөгө ашырылат. | Карта, использование которой позволяет держателю карты, физическому лицу, совершать операции с использованием карты в соответствии с полномочиями, предоставленными ему юридическим лицом/индивидуальным предпринимателем, владельцем счета. Операции по списанию денежных средств осуществляются с корпоративного счета данного юридического лица/индивидуального предпринимателя. |
| 290. | Котировка (Q uotation) | Котировка (Qu otation) | Рынок коньюнктурасына ылайык, белгилүү бир күнгөкарата чет өлкө валюталар курсун, баалуу кагаздар наркын же рыноктогу товарлардын баасын белгилөө. | Установление курсов иностранных валют, стоимости ценных бумаг или цен товаров на рынках на определенную дату, в соответствии с рыночной конъюнктурой |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 291. | Монетизация лоо коэффициент и (Monetizati on factor) | Коэффициент монетизации ( Monetization factor) | Акча массасынын (нак акча каражаттары жана ишканалардын жана калайык-калктын банктардагы эсептерде турган акча каражаттары) ички дүңөнүмдүн (ИДӨ) көлөмүнө карата катышы. Ал, төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү ишке ашыруу, эмгек акыларды, жөлөк пулдарды, стипендияларды ж.б. төлөө үчүн зарыл болгон акча каражаттары менен экономиканын камсыз болуу деңгээли жөнүндө түшүнүк берет. | Отношение денежной массы (наличные деньги и денежные средства на счетах предприятий и населения в банках) к объему Валового внутреннего продукта (ВВП). Дает представление о степени обеспеченности экономики деньгами, необходимыми для осуществления платежей и расчетов, выплаты заработной платы, пособий, стипендий и др. |
| 292. | Жүгүртүү коэ ффициенти (T urnover Ratio) | Коэффициент оборачиваемос ти (Turnover Ratio) | Кеңири мааниде алганда, белгилүү бир мезгил ичинде жүгүртүү каражаттары менен ишке ашырылган жүгүртүүлөрдүн санын чагылдырат. Тар мааниде алганда, рыноктук ликвиддүүлүктүн аспектилеринин биринен болгон рынок сыйымдуулугу көрсөткүчүболуп саналат. Ал соода жүргүзүп жаткан мезгил ичинде сатылып алынган жана сатылган баалуу кагаздардын санынын соода ишке ашырылган, ошол мезгилдин баш жагына жана акырына карата орду жабылбаган баалуу кагаздардын орточо санына карата катыш катары эсептелинет. | В широком определении представляет собой количество оборотов за определенный период, сделанных оборотными средствами. В узком определении является показателем емкости рынка, одного из аспектов рыночной ликвидности. Он рассчитывается как отношение количества ценных бумаг, купленных и проданных в течение периода торговли, к среднему количеству непогашенных ценных бумаг на начало и на конец данного периода торговли |
| 293. | Карызды тейлөөкоэфф ициенти (Deb t-Service Ratio) | Коэффициент обслуживания долга (Debt-Service Ratio) | Жыл ичинде карызды тейлөөнүн (төлөөгө каралган пайыздарды жана негизги сумманы) салыштырмалуу көрсөткүчү, ал ошол жылдагы экспорттон (эрежедегидей эле товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдөн) же жыл ичиндеги бюджет кирешесине карата пайыздарда туюндурулат. Келечекте карызды тейлөө коэффициентин эсептөөүчүн экспорттук же бюджеттик түшүүлөргө алдын ала баа берүү зарыл. Бул коэффициент өлкөнүн карыз оорчулугунун маанилүү көрсөткүчү болуп эсептелинет. | Относительный показатель обслуживания долга (причитающиеся к выплате проценты и основная сумма) в течение года, выражаемый в процентах от экспорта (как правило, товаров и услуг) за этот год, либо к доходам бюджета за год. Для вычисления коэффициентов обслуживания долга на перспективу необходимы определенные прогнозные оценки экспортных или бюджетных поступлений. Этот коэффициент считается важнейшим показателем бремени задолженности страны |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 294. | Шарп коэффициенти (Sharp ratio) | Коэффициент Шарпа (Sharp ratio) | Тобокелдик бирдигине туура келген, инвестициялоодон алынган кирешелердин өлчөмүнөталдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү үчүн колдонулган тобокелдиктерге сандык баа берүү көрсөткүчү. Тобокелдик бирдиги дегенден улам, адатта инвестициялоодон күтүлүп жаткан кирешеден четтөөлөрдүн бир пайызын түшүнүү зарыл. | Показатель количественной оценки рисков, используемый для анализа величины доходности от инвестирования, приходящейся на единицу риска. Под единицей риска обычно понимают 1% отклонения в ожидаемой доходности от инвестирования. |
| 295. | Кыска мөөнөттүк карыз (Short-Term Debt) | Краткосрочный долг (Short-Term Debt) | Төлөө мөөнөтү бир жылды жана андан азды түзгөн карыз. Мында, төлөө мөөнөтү төлөөгө чейинки баштапкы мөөнөттүн же калган мөөнөттүн негизинде аныкталышы мүмкүн. | Долг, срок погашения которого составляет один год и менее. Срок погашения может определяться на основе первоначального срока или остаточного срока до погашения |
| 296. | Кредиттик банктык төлөм карты (Credit card) | Кредитная банковская платежная карта (Credit card) | 1) Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөөгө, ошондой эле карттын эмитенти сунуштаган банктык кредиттин эсебинен банктык эсептен акча каражаттарын алууга каралган карт. 2) карт ээсине банк тарабынан белгиленген лимиттин чегинде нак акчаны чыгарууга же сатып алууну жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берген карт. | 1) Карта, предназначенная для оплаты товаров и услуг, а также для получения денежных средств с банковского счёта за счёт банковского кредита, предоставляемого эмитентом карты. 2) Карта, дающая возможность держателю совершать покупки или снимать наличность в пределах установленного банком лимита. |
| 297. | Кредиттик төлөм (Credit payment) | Кредитовый платеж (Credit payment) | Банктын төлөөчүнүн тапшыруусу боюнча анын эсебинен акча каражаттарын алып, аларды алуучунун эсебине которуу боюнча төлөм. | Платеж, осуществляемый банком по поручению плательщика о списании денежных средств со счета плательщика и зачисление их на счет получателя. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 298. | Кредит (Credit) | Кредит (Credit) | Кредитор тарабынан карыз алуучуга өз учурунда кайтаруу, мөөнөтүндө төлөө жана төлөөгөжөндөмдүүлүк шарттарында берилген каражат. Кредиттер төмөнкүдөй негизги формаларга бөлүнөт: а) ишканалардын, фирмалардын жүгүртүүкаражаттарын топтоо үчүн каралган, бир жылга чейинки мөөнөткө берилген кыска мөөнөттүк кредит; б) инвестициялык капитал катары пайдаланылган, бир жылдан ашкан мөөнөткө берилген узак мөөнөттүү кредит; в) кепилдик, камсыздоо алдында берилген гарантиялык кредит; г) мамлекет карыз алуучу катары, ал эми мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алышкан жеке адамдар жана юридикалык жактар кредитордун ролунда иш алып барган мамлекеттик кредит; д) банктар тарабынан акчалай формада сунушталган банктык кредит; е) товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдүкеректөөчүлөргө сунушталган жана керектөөмуктаждыктарын канааттандыруу үчүн колдонулган керектөө кредиттери; ж) карыздык милдеттенмелер боюнча юридикалык жактар жана жеке адамдардын бири-бирине берген же сатуучулар тарабынан сатып алуучуларга товардык формада сунушталган (бөлүп төлөө шартында сатуу) коммерциялык кредиттер; з) сатып жаткан тараптын товарларын сатып алуу үчүн сатуучу тарабынан сатып алуучу тарапка аванс формасында сунушталган эл аралык (чет өлкө) кредиттер; и) кыймылсыз мүлктү күрөөгө алуу менен берилген ипотекалык кредит. | (От лат. credit он верит) – 1) Средства, предоставляемые кредитором заемщику на условиях возвратности, срочности и платности за их использование. Различают следующие основные формы кредита: а) краткосрочный, выдаваемый на срок до года, предназначенный для формирования оборотных средств предприятий, фирм; б) долгосрочный, предоставляемый на срок свыше года и используемый в качестве инвестиционного капитала; в) гарантированный, предоставляемый под гарантию, под обеспечение; г) государственный, в котором в качестве заемщика выступает государство, а в роли кредитора – физические и юридические лица, приобретающие государственные ценные бумаги; д) банковский, предоставляемый банками в денежной форме; е) потребительский, предоставляемый потребителям товаров и услуг и используемый для удовлетворения потребительских нужд; ж) коммерческий, предоставляемый юридическими и физическими лицами друг другу по долговым обязательствам или предоставляемый в товарной форме продавцами покупателям (продажа в рассрочку); з) международный (иностранный), предоставляемый продающей стороной покупающей стороне в форме аванса для закупки товаров у продающей стороны; и) ипотечный, предоставляемый под залог недвижимости. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 299. | Кредитор (Cr editor) | Кредитор (Cre ditor) | Кредитор – 1) бул бир тарап экинчи тараптан (карызгерден) анын милдеттенмелеринин аткарылышын: мүлктү өткөрүп берүүнү, ишти аткарууну, акчаны төлөөнү ж.б. талап кылуу укугу. 2) карыз алуучуга келишимде каралган өлчөмдө жана шарттарда акча каражаттарын (кредитти) берүүгөмилдеттенген тарап. | Кредитор – 1) это сторона, которая имеет право требовать от другой стороны (должника) исполнения его обязательств: передать имущество, выполнить работу, уплатить деньги и т.п. 2) сторона договора, обязующаяся предоставить денежные средства (кредит) заемщику в размере и на условиях, предусмотренныхдоговором. |
| 300. | Кредиттик таржымал (Cr edit history) | Кредитная история (Credit history) | Бул, карыз алуучу мурда түзүлгөн кредиттик келишимдер боюнча өзүнө алган милдеттенмелерин аткаргандыгын мүнөздөгөн, карыз алуучуга тиешелүүмаалыматтар (кредиттик маалымат) жыйындысы. | Кредитная история – совокупность информации о заемщике (кредитная информация), которая характеризует исполнение заемщиком принятых на себя обязательств по ранее заключенным кредитным договорам. |
| 301. | Кредиттик линия | Кредитная линия | Бул, макулдашылган лимиттин чегинде белгилүү бир мезгил ичинде кредит берүүгө карыз алуучу алдындагы банктын же башка кредит мекемесинин талаптагыдай тариздетилген милдеттенмеси. | Кредитная линия – юридически оформленное обязательство банка или другого кредитного учреждения перед заемщиком предоставить ему в течение определенного периода кредиты в пределах согласованного лимита. |
| 302. | Улуттук банктын “овернайт” кредити (“Ov ernight” credit of NBKR) | Кредит «овернайт» НБКР (“Overnig ht” credit of NBKR) | Акча-кредит саясатынын инструменти, ал Улуттук банк тарабынан күрөөлүк камсыздоо алдында бир күндөн ашпаган мөөнөткө улуттук валютада кредит берүү аркылуу банктын кыска мөөнөттүүликвиддүүлүгүн колдоо максатында пайдаланылат. | Инструмент денежно-кредитной политики, используемый с целью поддержания краткосрочной ликвидности банка путем предоставления Национальным банком кредита в национальной валюте на срок в пределах суток, под залоговое обеспечение |
| 303. | Улуттук банктын акыркы инстанциядагы кредити (Cre dit of last instance of NBKR) | Кредит последней инстанции НБКР (Credit of last instance of NBKR) | Банктар ликвиддүүлүктүн минималдуу деңгээлин колдоо үчүн бардык каражаттарын жана мүмкүнчүлүктөрүн жумшаган өзгөчө жагдайларда Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктарга берилүүчү кредит. | Кредит, предоставляемый Национальным банком коммерческим банкам в исключительных случаях, при исчерпании коммерческими банками всех доступных средств и возможностей поддержания минимального уровня ликвидности. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 304. | Ликвиддүүлүктү колдоо үчүн кредит (Credit for maintain of liquidity) | Кредит для поддержания ликвидности (Credit for maintain of liquidity) | Банк тутумунун бүтүндүгүн коргоо жана анын туруктуулугун камсыз кылуу, система тобокелдигин алдын алуу, банктын ликвиддүүлүгүн колдоо жана аманатчылардын таламдарын коргоо максатында коммерциялык банкка сунушталган кредит. Кредит улуттук валютада, төмөнкүдөй жалпы кредиттөөпринциптерин сактоо менен сунушталат: мөөнөттүүлүк, төлөөгө жөндөмдүүлүк, кайтарымдуулук жана күрөөлүк камсыздоо алдында. Коммерциялык банк кредитти кызмат адамдарына депозиттерди (аманаттарды) төлөөгө, ошондой эле коммерциялык банктын кызматкерлерине сый акылардын/бонустардын бардык түрлөрүн кошо алганда, административдик чыгашаларды төлөө үчүн пайдаланууга укугу жок. Кредитти сунуштоо, анын шарттары жана көлөмү жөнүндө чечим Улуттук банк Башкармасы тарабынан кабыл алынат. | Кредит, предоставляемый коммерческому банку в целях защиты целостности и обеспечения стабильности банковской системы, предотвращения системного риска, поддержания ликвидности банка и защиты интересов вкладчиков. Кредит предоставляется в национальной валюте с соблюдением общих принципов кредитования: срочности, платности, возвратности и обеспеченности. Коммерческий банк не вправе использовать кредит на выплату депозитов (вкладов) должностным лицам, а также для оплаты административных расходов, включая все виды вознаграждения\бонусов сотрудникам коммерческого банка. Решение о предоставлении кредита, условиях предоставления и объеме кредита принимается Правлением Национального банка. |
| 305. | Кредитордук карыз (Credit or indebtedness) | Кредиторская задолженность (Creditor indebtedness) | 1) Ишканалар, уюмдар, мекемелер тарабынан тартылган, белгиленген мөөнөт ичинде кредиторго кайтарылып берилүүгө тийиш болгон убактылуу акча каражаттары; 2) субъекттин (ишкана, уюм, жеке адам) белгиленген мөөнөттө ордун жабууга милдеттүүболгон башка жактар алдындагы карызы. | 1) Временно привлеченные предприятием, организацией, учреждением денежные средства, подлежащие возврату кредиторам в установленные сроки; 2) Задолженность субъекта (предприятия, организации, физического лица) перед другими лицами, которую этот субъект обязан погасить в установленные сроки. |
| 306. | Кредиттик тобокелдик ( Credit risk) | Кредитный риск (Credit risk) | Карыз алуучу келишим шарттарына ылайык кредитор алдында финансылык милдеттенмелерин аткарбай коюусунун, өз учурунда аткара албай калышынын же толук аткарбашынын кесепетинен кредитордун чыгымга учурап калышын шарттаган тобокелдик. | Риск возникновения у кредитора убытков вследствие неисполнения, несвоевременного либо неполного исполнения заемщиком финансовых обязательств перед кредитором в соответствии с условиями договора. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 307. | Кредиттик рейтинг (Credit rating) | Кредитный рейтинг (Credit rating) | Өлкөнүн, карыз алуучунун же өзүнчө финансылык инструменттин финансылык туруктуулугуна жана төлөөгө жөндөмдүүлүгүнө интеграл дык баа берүү. Карыз алуучу карыздын негизги суммасын жана ал боюнча пайыздарды өз учурунда жана толук көлөмдөкредиторго төлөп берүүгө жөндөмдүүлүгү жана анын төлөө ниети боюнча рейтинг агенттигинин билдирген пикири. | Интегральная оценка финансовой устойчивости и платежеспособности страны, заемщика или отдельного финансового инструмента. Выражает мнение рейтингового агентства относительно будущей способности и намерения заемщика осуществлять выплаты кредиторам в погашениие основной суммы задолженности и процентов по ней своевременно и в полном объеме. |
| 308. | Кредиттик тобокелдик (төлөм системасында ) (Credit risk/ exposure) | Кредитный риск (в платежной системе) (Credit risk/ exposure) | Алгылыксыз жагдайга дуушар болуу ыктымалдыгы, мында төлөм системасынын катышуучулары – тараптардын бири ошол учурда же келечекте өз финансылык милдеттенмелерин толугу менен аткара албай калышы мүмкүнчүлүгү. | Вероятность наступления неблагоприятного события, при котором одна из сторон – участников платёжной системы не может полностью выполнить свои финансовые обязательства на данный момент или на любой момент в будущем. |
| 309. | Кирешелүүлүк ийреги (графиги) (Yield curve) | Кривая доходности (Yield curve) | Кирешелүүлүк деңгээлинин төлөө мөөнөттөрүнөжараша белгиленген графиги. | График зависимости уровня доходности в зависимости от срока погашения. |
| 310. | Кросс-курс (Cross rate) | Кросс-курс (Cross rate) | Бир валютанын экинчи валютага карата наркы, алүчүнчү валютага карата алардын курсу аркылуу эсептелинет . | Стоимость одной валюты к другой, рассчитанная через их курсы к третьей валюте. |
| 311. | Купон (Coupon) | Купон (Coupon ) | Мезгил аралыгы жана пайыздык чени алдын ала аныкталган баалуу кагаздар боюнча төлөнгөн киреше. | Доход, выплачиваемый по ценной бумаге с заранее определенной периодичностью и ставкой процента. |
| 312. | Купондук баалуу кагаздар (Coupon securities) | Купонная ценная бумага (Coupon securities) | Купондук деп аталуучу, номиналдан катталган пайыздар дайыма төлөнүп турган баалуу кагаз. Мында, баалуу кагаздын ордун жабууда номинал төлөнүп берилет. | Ценная бумага, по которой производятся регулярные выплаты фиксированного процента от номинала, называемые купонными, и выплата номинала при погашении ценной бумаги. |
| 313. | Валюта сатып алуу курсу (Bid rate) | Курс покупки валюты (Bid rate) | Валюта сатылып алынган нарк. | Стоимость, по которой покупается торгуемая валюта. |
| 314. | Валюта сатуу курсу (Asked rate) | Курс продажи валюты (Asked rate) | Валюта сатылган нарк. | Стоимость, по которой продается торгуемая валюта. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 315. | Левераж (Левередж) (Leverage) | Левераж (Левередж) (Leverage) | Левераж (Левередж) – 1) продукция өндүрүүгө кеткен толук сарптоолордогу операциялык сарптоолордунүлүшү; 2) карыздык жана өздүк каражаттардын катышы же суммардык милдеттенмелердин жана узак мөөнөттүү карыз алуулардын акционердик капиталга карата катышы. Банк ишин иликтөөгө алуу максатында левераж дегенден улам, өздүк каражаттар менен тартылган каражаттардын катышын түшүнүү зарыл. Ал капиталдын кайсыл деңгээлин банктын кирешелүүлүгүн камсыз кылууучун колдоого алынып турууга тийиш экендигин чагылдырат. Бул көрсөткүч, банк ээлеринин пайдасына сандык баа берүүгө мүмкүндүк берет жанаөздүк капитал менен активдердин жалпы суммасынын, ошондой эле карыздар менен капиталдын наркынын катышына кандай болбосун финансылык талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүдөэсептелгендерге концептуалдуу негизде окшош келет. | Левераж (Левередж) – 1) доля операционных затрат в полных затратах на производство продукции; 2) соотношение заемных и собственных средств или отношение суммарных обязательств и долгосрочных заимствований к акционерному капиталу. Для целей анализа деятельности банка под леверажем понимается соотношение собственных и привлеченных средств, отражающее какой уровень капитала должен поддерживаться для обеспечения доходности банка. Данный показатель позволяет количественно оценить выгоду владельцев банка и концептуально аналогичен рассчитываемому при любом финансовом анализе соотношению собственного капитала и общей суммы активов, а также задолженности и стоимости капитала и др. |
| 387. | Төлөмдү иштеп чыгуу (Data handling / processing) | Обработка платежа (Data handling / processing) | Эсептешүүнү жүргүзүү жана аны аяктоо максатында, төлөм жөнүндө маалыматты алуу, топтоо, салыштырып текшерүү, корректировкалоо жана кайра жөнөтүү боюнча ырааттуу иш аракеттер. | Последовательность действий по получению, сбору, сверке, корректировке и пересылке информации о платеже, в целях проведения и завершения расчета. |
| 388. | Кайтарым своп-операциялар (Reverse swap operations) | Обратные своп-операции (Reverse swap operations) | Чет өлкө валютасындагы акча каражаттарын, келечекте белгилүү бир күнү алдын ала макулдашылган шарттарда, негизги сумманы жана чегерилген пайыздарды кайрадан алмашуу милдеттенмеси менен улуттук валютадагы эквиваленттүү суммага алмашуу операциясы. | Операции по обмену денежных средств в иностранной валюте на эквивалентную сумму в национальной валюте с обязательством обратного обмена основных сумм и начисленных процентов по заранее оговоренным условиям в определенную дату в будущем. |
| 389. | Мамлекеттик баалуу кагаздарды кайтара сатып алуу (Backward redemption of government securities) | Обратный выкуп государственных ценных бумаг (Backward redemption of government securities) | Эмитенттин жүгүртүүдө турган мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуу боюнча операциясы. | Операция по покупке эмитентом государственных ценных бумаг, находящихся в обращении. |
| 390. | Карызды тейлөө (Debt Service) | Обслуживание долга (Debt Service) | Кредитор менен макулдашылган төлөм графигине ылайык, карыздын негизги суммасынын бөлүгүн жана пайыздарды мезгил-мезгили менен суммардык төлөөнү жүзөгө ашыруу. | Осуществление периодических суммарных выплат процентов и части основной суммы долга в соответствии с согласованным с кредитором графиком платежей. |
| 391. | Жалпы тышкы карыз (Total External Debt) | Общий внешний долг (Total External Debt) | Фирмалар ортосундагы карызды эске албаганда, экономиканын бардык секторлорунда кредиттер жана насыялар (займдар) боюнча айкын милдеттенмелердин орду жабылбаган калдыгы. | Остаток непогашенных фактических обязательств по кредитам и займам всех секторов экономики за исключением межфирменной задолженности. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 392. | Овернайт репо (Overnight repo) | Овернайт репо (Overnight repo) | Кийинки күнү аларды баштапкы сатуучуга кайра сатуу менен баалуу кагаздарды сатып алуу келишими; көпчүлүк учурда бул, банктар аралык операцияларга тиешелүү. | Соглашение о покупке ценных бумаг с последующей перепродажей их первоначальному продавцу в начале следующего дня; обычно речь идет о межбанковских операциях. |
| 393. | Овердрафт ( Overdraft) | Овердрафт (Overdraft) | Эмитент жана карт ээси ортосунда түзүлгөн келишимде белгиленген шарттарда жана сумманын чегинде кардардын эсебинде турган суммадан үстөк төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу үчүн кардарга мүмкүнчүлүк берген кыска мөөнөттүү кредиттин формасы. | Форма краткосрочного кредита, предоставление которого дает возможность клиенту осуществлять платежи сверх суммы, имеющейся на счете клиента, в пределах сумм и на условиях, определенных договором между эмитентом и держателем карты. |
| 394. | Күтүлүп жаткан кирешелүүлүк (Expected Return) | Ожидаемая доходность (Expected Return) | Инвестор кароого алынган мезгил ичинде алууну болжолдоп жаткан активдердин (активдер портфелинин) кирешелүүлүгүнүн мааниси. | Значение доходности активов (портфеля активов), которое инвестор предполагает получить за рассматриваемый период. |
| 395. | Жыйынтыктап эсептешүү (Final settlement) | Окончательный расчёт (Final settlement) | Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы аркылуу финансы-кредит мекемелеринин Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында ачылган эсептери боюнча эсептешүүлөрү. Жыйынтыктап эсептешүү шартсыз жана кайтарымсыз болуп саналат. | Расчёт, проводимый по счетам финансово-кредитных учреждений, открытым в Национальном банке Кыргызской Республики, через гроссовую систему расчётов в режиме реального времени. Окончательный расчёт является безусловным и безотзывным. |
| 396. | Он-лайн (Online) | Он-лайн (Online) | Айкын убакыт ыргагында иш алып баруу, мисалы, терминалдын же банкоматтын транзакцияларды жүзөгө ашыруу учурунда төлөм системасынын/эмитенттин маалыматынан пайдалана алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуусу. | Работа в режиме реального времени, например, работа терминала или банкомата в режиме, обеспечивающем доступ к базе данных эмитента/платёжной системы во время осуществления транзакции. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 397. | Төлөм системасынын оператору (Operator of payment system) | Оператор платежной системы (Operator of payment system) | Төлөм системасынын ишин камсыз кылган Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксат берүүдокументине (лицензия/каттоодон өтүү) ээ жана катышуучулар менен төлөм системасына катышуу жөнүндө келишим түзгөн юридикалык жак, оператор жана төлөм системасынын катышуучулары. Ага ылайык оператор жана төлөм системасынын катышуучусу өз ишин төлөм системасынын алкагында жана ченемдик-укуктук актыларга ылайык жүзөгө ашырууга милдеттенет. | Юридическое лицо, имеющее разрешительный документ Национального банка Кыргызской Республики (лицензия/регистрация), обеспечивающее функционирование платежной системы и заключившее с участниками договор об участии в платежной системе, согласно которому оператор и участники платежной системы обязуются осуществлять свою деятельность в рамках платежной системы и в соответствии с нормативными правовыми актами Национального банка Кыргызской Республики. |
| 398. | Акча которуу системасынын оператору (Operator of remittance system) | Оператор системы денежных переводов (Operator of remittance system) | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында каттоодон өткөн жана акча которуу системасынын ишин камсыз кылган, түзүлгөн өлкөнүн финансылык көзөмөл боюнча ыйгарым укуктуу органынын тиешелүү уруксат берүү документине (лицензияга, каттоо сертификатына) ээ Кыргыз Республикасынын юридикалык жагы, резиденти жана резидент эмеси. | Юридическое лицо, резидент или нерезидент Кыргызской Республики, имеющее соответствующие разрешительные документы уполномоченного органа по финансовому надзору страны происхождения (лицензия, регистрационный сертификат и т.п.), прошедшее регистрацию в Национальном банке Кыргызской Республики и обеспечивающее функционирование системы денежных переводов. |
| 399. | Банктарды кайра каржылоо (кредиттөө) операциялары (Refinancing operations of banks) | Операции рефинансирования (кредитование) банков (Refinancing operations of banks) | Акча-кредит саясатынын инструменти, ал акча-массасына тике таасир этет жана финансылык каражаттардын тартыштыгы келип чыккан шартта, аларга кредит берүү аркылуу коммерциялык банктардын камдарынын деңгээлин корректировкалоо үчүн Улуттук банк тарабынан колдонулат. | Инструмент денежно-кредитной политики, оказывающий прямое воздействие на денежную массу и используемый Национальным банком для корректировки уровня резервов коммерческих банков в случае возникновения дефицита финансовых средств посредством предоставления им кредитов. |
| 400. | Ачык рыноктогу операциялар (Open market Operations) | Операции на открытом рынке (Open market Operations) | Мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуу-сатуу аркылуу банк тутумунун ликвиддүүлүгүн жөнгө салууучун колдонулган акча-кредит саясатынын инструменти. Борбордук банктын демилгеси боюнча ишке ашырылат. | Инструмент денежно-кредитной политики, используемый для регулирования ликвидности банковской системы путем покупки-продажи государственных ценных бумаг. Проводятся по инициативе центрального банка. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 401. | Мамлекеттик башкаруу органдары (P ublic Authorities) | Органы государственно го управления (P ublic Authorities) | Эрежедегидей эле, өлкөнүн конституциясына ылайык түзүлгөн жана тигил же бул аймактын чегинде жайгашкан башка институционалдык бирдиктерге да таркатылуучу мыйзамдык, соттук же аткаруу бийлигине ээ юридикалык субъекттер. | Юридические субъекты, как правило, образованные согласно конституции страны и обладающие законодательной, судебной или исполнительной властью, которая распространяется на другие институциональные единицы, расположенные в пределах той или иной территории. |
| 402. | Опцион (Opti on) | Опцион (Optio n) | Потенциалдуу сатып алуучу же потенциалдуу сатуучу ал боюнча келишимде аныкталган, алдын ала макулдашылган баа боюнча келечекте же белгилүүбир убакыт аралыгында активди (товарды, баалуу кагазды) сатып алууну же сатууну ишке ашыруу укугуна (бирок милдеттенмеге эмес) ээ болгон келишим. | Договор, по которому потенциальный покупатель или потенциальный продавец получает право, но не обязательство, совершить покупку или продажу актива (товара, ценной бумаги) по заранее оговорённой цене в определённый договором момент в будущем или на протяжении определённого отрезка времени. |
| 403. | Төлөөгө чейи нки убакыт аралыгы (Re maining (Residual) Maturity) | Остаточный срок до погашения (Re maining (Residual) Maturity) | Карызды төлөө мөөнөтү келип жеткенге чейинки убакыт аралыгы. Орду жабылбаган кыска мөөнөттүк тышкы карыз өлчөмүн (баштапкы төлөө мөөнөтүбоюнча) жана жакынкы жылдар ичинде төлөнүүгөтийиш болгон, орду жабылбаган узак мөөнөттүүтышкы карыздын өлчөмүн (баштапкы төлөө мөөнөтүбоюнча) кошуу аркылуу, кыска мөөнөттүк орду жабылбаган тышкы карызды төлөөгө чейинки калган мөөнөт боюнча эсептөө сунуш кылынат. | Период времени до наступления срока выплаты долга. Рекомендуется измерять краткосрочный непогашенный внешний долг по остаточному сроку до погашения путем сложения величины непогашенного краткосрочного внешнего долга (по первоначальному сроку погашения) и величины непогашенного долгосрочного внешнего долга (по первоначальному сроку погашения), подлежащего погашению в течение ближайшего года. |
| 404. | Ачык валюта позициясы (O pen currency position) | Открытая валютная позиция (Open currency position) | Белгилүү бир күнгө карата тиешелүү валюталардагы активдердин жана милдеттенмелердин бирдей эместиги. Ачык валюта позициясы кыска жана узун болушу мүмкүн. Кыска валюта позициясы милдеттенмелердин белгилүү бир күнгө карата тиешелүү валюталардагы талаптардан артып кетишин, ал эми узун валюта позициясы – талаптардын белгилүү бир күнгө карата тиешелүүвалюталардагы милдеттенмелерден артып кетишин билдирет. | Неравенство активов и обязательств в соответствующих валютах на определенную дату. Открытая валютная позиция может быть короткой и длинной. Короткая валютная позиция представляет собой превышение обязательств над требованиями в соответствующих валютах на определенную дату, а длинная валютная позиция –превышение требований над обязательствами в соответствующих валютах на определенную дату. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 405. | Электрондук цифралык кол тамга (Public key) | Открытый ключ электронной цифровой подписи (Public key) | Электрондук цифралык кол тамганы текшерүү үчүн каралган, жалпы пайдаланууу мүмкүнчүлүгү берилген ырааттуу белгилер. | Общедоступная последовательность символов, предназначенная для проверки электронной цифровой подписи. |
| 406. | Банк эсебин ачуусуз акча которууну жөнөтүүчү (Transmitter of remittance without opening of bank account) | Отправитель денежного перевода без открытия банковского счета (Transmitter of remittance without opening of bank account) | Жөнөтүүчү тарабынан көрсөтүлгөн алуучунун пайдасына акча каражаттарды жөнөтүү үчүн банкка нак акча каражаттарын өткөрүп берүү аркылуу банктык эсепти ачуусуз акча которууну жөнөтүүнүдемилгелеген жеке адам. | Физическое лицо, инициирующее отправку денежного перевода без открытия банковского счета путем передачи наличных денежных средств банку для их отправки в пользу указанного отправителем получателя денежных средств. |
| 407. | Тобокелдикке баа берүү (Risk evaluation) | Оценка риска (Risk evaluation) | Тобокелдиктерге сандык жана/же сапаттык мүнөздөмө берүү. Анын жүрүшүндө мүмкүн болуучу ыктымалдуулугу жана чыгымдын өлчөмү сыяктуу белгилер аныкталат. | Количественное и/или качественное описание выявленных рисков, в ходе которого определяются такие их характеристики, как вероятность и размер возможного ущерба. |
| 408. | Расмий валюталык камдар (Official foreign exchange reserves) | Официальные валютные резервы (Official foreign exchange reserves) | Борбордук банктын контролдугунда турган активдер, алар төлөм теңдеминин тартыштыгын каржылоо жана алмашуу курсуна жана/же башка максаттарга таасир этүү үчүн валюта рыногунда интервенцияларды жүргүзүү аркылуу ошол тартыштык өлчөмүнө кыйыр таасир этүү үчүн колдонулушу мүмкүн. | Активы, которые находятся под контролем центрального банка и могут быть использованы для финансирования дефицита платежного баланса, косвенного воздействия на размеры этого дефицита с помощью интервенций на валютных рынках в целях воздействия на обменный курс и/или для других целей. |
| 409. | Кыргыз Республикасында четөлкө валюталарынын расмий курстары (Official exchange rates in Kyrgyz Republic) | Официальные курсы иностранных валют в Кыргызской Республике (Official exchange rates in Kyrgyz Republic) | Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы (сом) бирдигинде туюндурулган чет өлкө валюталарынын акча бирдиктеринин баасын чагылдырат, ал Улуттук банктын ошол курс боюнча чет өлкө валюталарын сатып алуу/сатуу милдеттенмелерисиз, эсепке алууда жана эсептешүүлөрдө колдонуу максатында Улуттук банк тарабынан аныкталат. | Отражают цены денежных единиц иностранных валют, выраженные в единицах национальной валюты Кыргызской Республики (сом), определяемые Национальным банком для целей использования в учете и расчетах без обязательства Национального банка покупать/продавать иностранные валюты по этим курсам. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 410. | Офф-лайн (Offline) | Офф-лайн (Offline) | Автономдуу иш ыргагында иштөө, мисалы, терминалдын же банкоматтын транзакциялардыөткөрүү үчүн эмитенттин/төлөм системасынын маалымат базасына кайрылуусуз иштөөсү | Работа в автономном режиме, например, режим работы терминала или банкомата, при котором он не обращается к базе данных эмитента\платежной системы для проведения транзакции. |
| 411. | Офф-лайн лимити (Offline limits) | Офф-лайн лимит (Offline limits) | Транзакциялардын максималдуу өлчөмү, андан төмөн болгон учурда, карт менен операция авторизациялык суроо-талапсыз off-line режиминде жүзөгө ашырылат. | Максимальная величина транзакции, ниже которой операция с картой осуществляется без авторизационного запроса в режиме off-line. |
| 412. | Төлөмдөр кезеги (Queue of payments) | Очередь платежей (Queue of payments) | Жыйынтыктоочу эсептешүүнү жүзөгө ашыруу үчүн катышуучу-төлөөчүнүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында ачылган эсебинде каражат жетишсиз болгондуктан, анын төлөмдөрүартыкчылыктарды эске алуу менен FIFO принциби боюнча кезекке тургузулат. | Ситуация, при которой на счете участника-плательщика, открытом в Национальном банке Кыргызской Республики, недостаточно средств для осуществления окончательного расчета, и платежи участника-плательщика устанавливаются в очередь по принципу FIFO с учетом присвоенных приоритетов. |
| 413. | Клирингдик төлөмдөр топтому (Batch of clearing payments) | Пакет клиринговых платежей (Batch of clearing payments) | Бир же бир нече жалпы реквизиттер боюнча топтолгон жана иштеп чыгуу үчүн клиринг системасына жөнөтүлгөн төлөмдөр же билдирүүлөр жыйындысы (топтому). | Совокупность (пакет) платежей или сообщений, сгруппированных по одному или нескольким общим реквизитам, и направленных для обработки в клиринговую систему. |
| 414. | Мамлекеттик баалуу кагаздар аукционунун шарттары (параметрлери) (Parameters of auction government securities) | Параметры аукциона государственных ценных бумаг (Parameters of auction government securities) | Мамлекеттик баалуу кагаздар аукциону боюнча маалымат, анда аукцион өткөрүлүүчү күн, сатыкка коюлган мамлекеттик баалуу кагаздардын көлөмү, эмиссия номери жана ал ишке ашырылган күн, ошондой эле мамлекеттик баалуу кагаздар төлөнгөн күн камтылууга тийиш. | Информация об аукционе государственных ценных бумаг, содержащая дату проведения аукциона, выставляемый на продажу объем государственных ценных бумаг, номер и дату эмиссии, а также дату погашения государственных ценных бумаг. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 415. | Париж клубу (Paris Club) | Парижский клуб (Paris Club) | Өкмөттөр-кредиторлордун расмий эмес тобу. Бул топ 1956-жылдан бери карыздарды эки тараптуу негизде кайра тариздетүү үчүн Парижде туруктуу негизде жолугушуп турат. Мында Франциянын Казыналыгы катчылыктын милдетин аткарат. Кредиторлор карызды тейлөөдө кыйынчылыкка дуушар болуп жаткан өлкөлөргө сунушталган эл аралык колдоонун алкагында жана ЭВФ тарабынан колдоого алынган турукташтыруу программасына ылайык, карыз алуучуөлкөнүн карыздарын кайра тариздөө үчүн жолугушуп турушат. Париж клубу туруктуу мүчөлөргө ээ эмес жана анын кеңешмелерине аталган клубдун иш тажрыйбасына жана тартибине макул болгон бардык расмий кредиторлор катыша алышат. ОЭСРге мүчөмамлекеттер анын негизги кредиторлорунан болуп саналат, бирок карыз алуучу өлкө менен мамиле түзгөн башка кредиторлор да жолугушууларга катыша алышат. | Неофициальная группа правительств-кредиторов, которые начиная с 1956 года регулярно встречаются в Париже для переоформления долга на двусторонней основе; функции секретариата выполняет Казначейство Франции. Кредиторы встречаются со страной-заемщиком для переоформления ее долговых обязательств в рамках международной поддержки, предоставляемой странам, испытывающим затруднения с обслуживанием долга и осуществляющим поддерживаемую МВФ стабилизационную программу. Парижский клуб не имеет постоянных членов, и в его совещаниях могут участвовать все официальные кредиторы, которые согласны с его практикой и порядком работы. Основными кредиторами являются, главным образом, государства-члены ОЭСР, но во встречах принимают участие и другие кредиторы, имеющие отношение к соответствующей стране-заемщику. |
| 416. | Сатып алуу жөндөмдүүлүк паритети (Parity of customer capacity) | Паритет покупательной способности (Parity of customer capacity) | Бул, эки же бир нече акча бирдиктеринин, ар кайсыөлкөлөрдүн валюталарынын катышы, ал товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн белгилүүбир тобуна карата алардын сатып алуу жөндөмдүүлүгү боюнча белгиленет. Сатып алуу жөндөмдүүлүк паритети товарлардын белгилүү бир тобу боюнча белгиленген жеке жана бардык коомдук продукт боюнча белгиленген жалпы болушу мүмкүн. Мисалы, керектөө товарларынын бир эле топтому, айталык керектөө куржуну 1500 сом жана 50 АКШ доллары турат дейлик, анда сатып алуу жөндөмдүүлүк паритети 1 500 : 50 = 1 доллар үчүн 30 сомду түзөт. | Соотношение двух или нескольких денежных единиц, валют разных стран, устанавливаемое по их покупательной способности применительно к определенному набору товаров и услуг. Паритет покупательной способности может быть частным, устанавливаемым по определенной группе товаров, и общим, устанавливаемым по всему общественному продукту. Например, если один и тот же набор потребительских товаров, скажем потребительская корзина, стоит 1 500 сомов и 50 долл. США, то паритет покупательной способности составляет 1 500 : 50 = 30 сомов на 1 долл. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 417. | Пароль (Pass word) | Пароль (Passw ord) | Сандардын ырааттуулугунан турган, белгилүү бир системага кирүү мүмкүнчүлүгүн шарттаган код. | Код доступа в определенную систему, представляющее собой последовательность символов. |
| 418. | Пассив (Liabili ties) | Пассив (Liabiliti es) | 1) Ишкананын карыздарынын жана милдеттенмелеринин жыйындысы (активге карама-каршы); 2) бухгалтердик баланстын бөлүгү, адатта ишкананын каражаттарынын келип чыгуу булактары, анын каржылоо мүмкүнчүлүгүн түшүндүргөн, тиешелүүлүгүнө жана багытына жараша топтоштурулган оң тарабы (өздүк камдар, башка мекемелердин насыялары (займдары); 3) чыгашалардын түшүүлөрдөн артышы. | (От лат. passivus – недеятельный) – 1) Совокупность долгов и обязательств предприятия (в противоположность активу); 2) Часть бухгалтерского баланса, обычно правая сторона, обозначающая источники образования средств предприятия, его финансирования, сгруппированные по их принадлежности и назначению (собственные резервы, займы других учреждений); 3) Превышение расходов над поступлениями. |
| 419. | Пенсиялык фондулар (Pe nsion Funds) | Пенсионные фонды (Pensio n Funds) | Жарандардын өз эрки боюнча пенсиялык камсыздалышы үчүн түзүлгөн, өз алдынча, мамлекеттик эмес институционалдык бирдиктер. Мамлекеттик эмес пенсиялык фондулар мамлекеттик пенсиялык камсыз кылуу системасынан көз карандысыз ага кошумча иш алып барат. Жеке адамдардын пенсиялык келишимдердин негизиндеөз эрки боюнча мамлекеттик эмес пенсиялык камсыздалышы пенсиялык фондулардын өзгөчө иш багытынан болуп саналат. Пенсиялык фондулардын иши, пенсиялык төлөмдөрдү топтоодон, пенсиялык милдеттенмелердин эсебин жүргүзүүдөн, мамлекеттик эмес пенсиялар өлчөмүн арттыруу жана аларды төлөп берүү максатында, пенсиялык активдерди жайгаштыруудан көрүнөт. | Самостоятельные негосударственные институциональные единицы, созданные для пенсионного обеспечения граждан на добровольной основе. Негосударственные пенсионные фонды функционируют независимо от системы государственного пенсионного обеспечения и в дополнение к ней. Исключительным видом деятельности пенсионных фондов является добровольное негосударственное пенсионное обеспечение физических лиц на основе пенсионных договоров. Деятельность пенсионных фондов заключается в аккумулировании пенсионных взносов, учете пенсионных обязательств, размещении пенсионных активов с целью их наращивания и выплаты негосударственных пенсий получателям. |
| 420. | Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногундагы тике катышуучулар (Primary dealer on Government securities | Прямой участник на рынке государственн ых ценных бумаг (Primary dealer on Government securities market) | Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда ишкердикти жүзөгө ашырган жана тике катышуучу катары иш алып барууга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен келишим түзгөн коммерциялык банктар жана институционалдык инвесторлор. | Коммерческие банки и институциональные инвесторы, осуществляющие деятельность на рынке государственных ценных бумаг и заключивший договор с Национальным банком Кыргызской Республики о работе в качестве прямого участника. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | market) | | | |
| 421. | Баалуу кагаздардын биринчилик рыногу (Primary market) | Первичный рынок ценных бумаг (Primary market) | Балуу кагаздарды инвесторлор арасында жайгаштыруу (сатуу) ишке ашырылган рынок. | Рынок, на котором осуществляется размещение (продажа) ценных бумаг среди инвесторов. |
| 422. | Алгачкы төлөө документи (Basic payment document) | Первичный платёжный документ (Basic payment document) | Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык кагазда же электрондук түрдө түзүлгөн, төлөмдүн ишке ашырылышын тастыктаган төлөм документи. | Платежный документ на бумажном носителе или в электронной форме, оформленный в соответствии с законодательством Кыргызской Республики и нормативными актами Национального банка, удостоверяющий факт совершения платежа. |
| 423. | Акча-кредит саясатын ишке ашыруу механизмдери (Transmission mechanism of monetary policy) | Передаточный механизм Денежно-кредитной политики (Transmission mechanism of monetary policy) | Акча-кредит жагындагы чечимдердин пайыздык, валюталык, кредиттик жана монетардык (акча топтомдоурун жөнгө салуу) сыяктуу негизги каналдар аркылуу бүтүндөй экономикага таасир этүү процесси. | Процесс воздействия решений в области денежно-кредитной политики на экономику в целом посредством основных каналов: процентного, валютного, кредитного и монетарного (регулирование денежных агрегатов). |
| 424. | Тобокелдикти өткөрүү (Carry of risk) | Перенос риска (Carry of risk) | Тобокелдик үчүн жоопкерчиликтин, камсыздандыруу, ошондой эле күтүүсүз жагдайлар келип чыккан шартта жоопкерчиликти азайткан же тобокелдиктин контрагентке өтүшүн шарттаган атайы шилтемелерди документтердин (келишимдердин, контрактылардын) текстине кошуу аркылуу үчүнчү жактарга өтүшү. | Передача ответственности за риск третьим сторонам путем страхования, а также путем внесения в текст документов (договора, контракты) специальных оговорок, уменьшающих собственную ответственность при наступлении непредвиденных событий или передающих риск контрагенту. |
| 425. | Карызды кайра тариздөө(түзүмүн карап чыгуу) (Debt Rescheduling) | Переоформление (реструктуризация) долга (Debt Rescheduling) | Карызды кайра тариздетүү дегенден улам, карызды тейлөө боюнча төлөмдөрдү расмий кийинкиге жылдырууну жана кийинкиге жылдырылган сумма боюнча жаңы, кыйла узартылган мөөнөттөрдүн белгиленишин түшүнүү зарыл. Карызды кайра тариздетүү карыз алуучунун карыз оорчулугун жеңилдетүү ыкмаларынын бири болуп саналат. Ал кийинкиге жылдыруу, ал эми жеңилдик шарттарында кайра тариздетүү учурунда, карызды тейлөө боюнча милдеттенмелерди кыскартуу аркылуу ишке ашырылат. | Под переоформлением долга понимается официальная отсрочка платежей по обслуживанию долга и применение новых и более длительных сроков погашения по отсроченной сумме. Переоформление долга является одним из способов облегчения бремени задолженности заемщика путем отсрочки и, в случае льготного переоформления, сокращения обязательств по обслуживанию долга. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 426. | Баалуу кагаздарды кайра баалоо (Securities reassessment) | Переоценка ценных бумаг (Securities reassessment) | Баалуу кагаздардын баланстык наркын алардын учурдагы адилет (рыноктук) наркына ылайык келтирүү. | Приведение балансовой стоимости ценных бумаг в соответствие с их текущей справедливой (рыночной) стоимостью. |
| 427. | Аралыкта орнотулган жабдуу (банктык төлөм карттар үчүн) (Peripheral equipment) | Периферийное устройство (для банковских платежных карт) (Peripheral equipment) | Банктык төлөм карттарды кабыл алуу жана тейлөөбоюнча техникалык инфраструктураны түзгөн терминалдар, банкоматтар, автоматташтырылганөзүн-өзү тейлөө терминалдары жана башка түзүлүштөр. | Терминалы, банкоматы, автоматизированные терминалы самообслуживания, иные устройства, составляющие техническую инфраструктуру по приему и обслуживанию банковских платежных карт. |
| 428. | Персоналдык (жеке) карт (Personal card) | Персональная (индивидуальная) карта (Personal card) | Эмитент тарабынан эсеп ээсине - жеке адамга алардын ортосунда түзүлгөн банктык эсеп боюнча келишимдин жана/же кредиттик келишимдин негизинде берилүүчү карт. | Карта, выдаваемая эмитентом владельцу счета– физическому лицу на основании заключенного с ним договора банковского счета и/или кредитного договора. |
| 429. | Персоналдык идентификациялык номер (ПИН-код) (Personal identification number (PIN-code)) | Персональный идентификационный номер (ПИН-код) (Personal identification number (PIN-code)) | 1) Транзакцияларды өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берген жана банктык карт ээсине анын акча каражаттарын тескөө укугу берилгендигин тастыктаган картты пайдалануу үчүн пароль. 2) аралыктан банкинг үчүн пайдалануучуга ыйгарылган персоналдык код | 1) Пароль доступа к карте, позволяющий совершить транзакцию и подтверждающий, что право распоряжения денежными средствами дано держателем банковской карты. 2) персональный код, присвоенный пользователю для дистанционного банкинга. |
| 430. | Персонализация (Personalisation) | Персонализация (Personalisation) | Банктык төлөм картка жана (же) микропроцессордун эс тутумуна жана (же) карттын магниттик тилкесине тиешелүү төлөм системасынын карттар менен эсептешүүлөр боюнча регламентинде жана иш тартибинде каралган идентификациялык маалыматты түшүрүү. | Процедура нанесения на банковскую платежную карту и (или) запись в память микропроцессора и (или) на магнитную полосу карты идентификационной информации, предусмотренной регламентом и порядком работы соответствующей платежной системы по расчетам с картами. |
| 431. | Аудитордун жетекчиликке каты (The auditor's letter to the management) | Письмо руководству от аудитора (The auditor's letter to the management) | Эсепке алуу жазууларында, бухгалтердик эсеп жана ички контролдук системаларында орун алган, бухгалтердик отчеттун жана уюмдун ишин өркүндөтүүжагындагы башка көрсөтмөлөрдүн бурмаланышына алып келиши ыктымал болгон кемчиликтер жөнүндөаудитордун/аудитордук уюмдун жетекчиликке жөнөткөн кат жүзүндөгү маалыматы. | Письменная информация аудитора/аудиторской организации руководству о недостатках в учетных записях, системах бухгалтерского учета и внутреннего контроля, которые могут привести к ошибкам в бухгалтерской отчетности, и другие рекомендации по совершенствованию деятельности. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 432. | Эсептер планы (Chart of accounts) | План счетов (Chart of accounts) | Тизмектелген, тартипке келтирилген бухгалтердик эсептер системасы, алардын жыйындысы. | Система, совокупность организованных, упорядоченных бухгалтерских счетов. |
| 433. | Төлөм теңдеми (Balance of payments) | Платежный баланс (Balance of payments) | 1) Бир өлкөдөн экинчи өлкөгө төлөмдөр түрүндө акча каражаттарынын жылышын чагылдырган таблица, ведомость. Төлөм теңдеми белгилүү бир мезгил ичинде бир өлкө тарабынан чет өлкөгө жөнөтүлгөн төлөмдөрдүн жана ошол эле мезгил ичинде башка бир өлкөгө келип түшкөн суммалардын катышын мүнөздөйт. Акча каражаттарынын түшүүсү алардын чыгымдалышынан ашкан төлөм теңдеми активдүү, ал эми карама-каршы келген учурда - пассивдүү деп аталат. Соода балансы төлөм теңдеминин бөлүгүболуп саналат, анда товарлардын таза экспорту, товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспортунан турган күндөлүк операциялар балансын, инвестициялардан кирешелерди, которууларды жана капиталдын агылып чыгуусунан жана агылып кирүүсүнөн турган капиталдын жылышы балансын камтыйт. Эрежедегидей эле, күндөлүк операциялар эсебинин сальдосу жана капиталдын жылышынын сальдосу теңдештирилет; 2) Төлөм теңдеминдеөлкөнүн башка өлкөлөр менен белгилүү бир мезгил аралыгындагы тышкы экономикалык операциялары тууралуу суммардык маалыматтар системага салынган түрүндө чагылдырылат. Көпчүлүгү резиденттер жана резидент эместер ортосунда ишке ашырылган мындай операцияларга товарлар, кызмат көрсөтүүлөр жана кирешелер менен операциялар; ошол өлкөнүн калган өлкөлөргө карата финансылык талаптарына жана | 1) Таблица, ведомость, отражающая движение денежных средств в виде платежей из страны в страну. Платежный баланс характеризует соотношение сумм платежей, произведенных страной за границей в течение определенного периода и поступивших в страну в течение того же периода. Платежный баланс, в котором поступления денежных средств превышают их расходование, называют активным, а в противоположном случае – пассивным. Частью платежного баланса является торговый баланс, который включает чистый экспорт товаров, баланс текущих операций, состоящий из чистого экспорта товаров и услуг, доходов от инвестиций, переводов и баланса движения капитала, состоящего из оттока и притока капитала. Как правило, сальдо счета текущих операций и сальдо движения капитала балансируются; 2) Статистический отчет, в котором в систематизированном виде приводятся суммарные данные о внешнеэкономических операциях страны с остальным миром за определенный период. К таким операциям, большинство из которых совершается между резидентами и нерезидентами, относятся операции с товарами, услугами и доходами; операции, связанные с финансовыми требованиями и обязательствами данной страны по отношению к остальному миру; операции, классифицируемые как трансферты (например, дарение). |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | милдеттенмелерине байланыштуу операциялар; трансферттер катары классификацияланган (мисалы, тартуулоого тиешелүү) операциялар кирет. | |
| 434. | Өзгөрүлмөлүү пайыздык чен (Floating rate interest) | Плавающая процентная ставка (Floating rate interest) | Белгилүү бир облигациялар, депозиттик сертификаттар ж.б. боюнча пайыздык чен, ал рыноктук чендин өзгөрүүсүнө жараша, адатта базалык ченге ыктоо менен тиешелүү негизде өзгөрүп турат. | Ставка процента по определенным облигациям, депозитным сертификатам и т.п., которая соответствующим образом изменяется в зависимости от изменений рыночной ставки, обычно ориентируясь на базовую ставку. |
| 435. | Төлөм (Payment) | Платёж (Payment) | Нак акча каражаттарын пайдалануу же болбосо төлөөчүнүн нак эмес акча каражаттарын мыйзамда белгиленген формада которуусу аркылуу акчалай милдеттенмесин аткаруусу | Исполнение денежного обязательства с использованием наличных денежных средств, либо путём перевода плательщиком безналичных денежных средств в форме, установленной законодательством. |
| 436. | Төлөм уюму (Payment organization) | Платежная организация (Payment organization) | Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында белгиленген тартипте төлөм уюму менен кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулар ортосунда жана төлөм уюму менен банк ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык үчүнчү жактардын – кызмат көрсөтүүлөрдүсунуштоочулардын пайдасына жеке адамдардан жана юридикалык жактардан төлөмдөрдү кабыл алуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо ишин жүзөгөашырган, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксат берүү документине (лицензиясына) ээ юридикалык жак. | Юридическое лицо, имеющее разрешительный документ Национального банка Кыргызской Республики (лицензия), осуществляющее деятельность по оказанию услуг по приему платежей от физических и юридических лиц в пользу третьих лиц – поставщиков услуг, в соответствии с договором между платежной организацией и поставщиками услуг и договором между платежной организацией и банком, заключенными в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 437. | Төлөм системасы (Payment system) | Платёжная система (Payment system) | Акча жүгүртүлүшүн камсыз кылган технологиялардын, жол-жоболордун, эрежелердин акча каражаттарын которуу системалары менен өз ара байланыштуу системасы. Ири төлөм системасы менен чекене төлөм системасын бири биринен төлөмдөрдүн суммасынын өлчөмүнө жана мөөнөтүнөжараша айырмалашат. Ал эми маанилүүлүгүнө жанаөлкөнүн төлөм системасынын ишине тийгизген таасиринин деңгээлине жараша – системалуу мааниге ээ, маанилүү жана системалуу мааниге ээ эмес төлөм системасы деп бөлүшөт. Системада ишке ашырылган төлөмдөр көлөмүнө жана финансылык туруктуулугуна таасир этүү деңгээлине жараша төлөм системалары системалуу мааниге ээ системалар, жана башка төлөм системаларына бөлүшөт. | Взаимосвязанная система технологий, процедур, правил, платёжных инструментов и систем перевода денежных средств, обеспечивающих денежное обращение. В зависимости от размера сумм и срочности платежей различают системы крупных платежей и системы розничных платежей. В зависимости от степени значимости и степени влияния на работу платежной системы страны - системно значимые, значимые и не системно-значимые платежные системы. В зависимости от объемов проводимых платежей в системе и степени влияния на финансовую стабильность платежные системы подразделяются на системно значимые платежные системы, значимые платежные системы и другие платежные системы. |
| 438. | Төлөм тапшырмасы (Payment order) | Платежное поручение (Payment order) | Төлөм документи (кагаз жүзүндөгү/электрондук), ага ылайык банк, эгерде келишимде башкасы каралбаса, төлөөчүнүн тапшыруусу боюнча анын эсебиндеги каражаттардын эсебинен акчанын белгилүү бир суммасын төлөөчү тарабынан көрсөтүлгөн алуучунун ошол банктагы же башка финансы-кредит мекемесиндеги эсебине мыйзам актыларында каралган мөөнөттө которууга милдеттүү болот. | Платежный документ (бумажный/электронный), согласно которому банк обязан по поручению плательщика за счёт средств, находящихся на его счёте, если иное не предусмотрено договором, перевести определенную денежную сумму на счет получателя, указанного плательщиком в этом банке или ином финансово-кредитном учреждении в срок, предусмотренный законодательством. |
| 439. | Төлөм кызмат көрсөтүүлөрү (Banking services) | Платёжные услуги (Banking services) | Төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр: төлөм документтерин иштеп чыгуу, банкта эсептерди жүргүзүү, каражаттарды автоматтык түрдө которуу, чектерди инкассациялоо жана төлөмдөр менен байланыштуу башка кызмат көрсөтүүлөр | Услуги по осуществлению платежей: обработка платёжных документов, ведение счетов в банке, автоматический перевод средств, инкассирование чеков и др., связанные с платежами. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 440. | Төлөм инструменти (Payment instrument) | Платёжный инструмент (Payment instrument) | Пайдалануучуга акча каражаттарын которуу мүмкүнчүлүгүн сунуштаган кандай болбосун инструмент. Төлөм инструменттерине төлөм документтеринин (өлкөнүн мыйзам актыларында белгиленген төлөм тапшырмалары, талаптар ж.б.), ошондой эле төлөм карттарынын ар кандай түрлөрү кирет. | Любой инструмент, предоставляющий пользователю возможность для перевода денежных средств. К платёжным инструментам относятся различные виды платёжных документов (платёжные поручения, требования, и др., установленные законодательством страны), а также и платёжных карт. |
| 441. | Төлөөчү (Payer) | Плательщик (Payer) | Сунуштоочу (акча каражаттарын алуучу) алдында акча милдеттенмесин аткаруу максатында акча каражаттарын чекене агентке же банкка салууну, анын ичинде сунуштоочулардын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн алдын ала төлөөлөрдү жүзөгөашырган кардар, жеке адам же юридикалык жак. | Клиент, физическое или юридическое лицо, осуществляющее внесение денежных средств розничному агенту или банку в целях исполнения денежных обязательств перед поставщиком (получателем денежных средств), в том числе предоплаты за услуги поставщика. |
| 442. | Алуучу (Receiver) | Получатель (Receiver) | Кредиттик уюмдарды кошпогондо, керектелген товарлар жана/же ушул сунуштоочунун кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөөчүлөрдөн банктык агенттик түйүндөр аркылуу акча каражаттар пайдасына келип түшкөн банк менен банктык тейлөө келишимине ээ товарларды жана/же кызмат көрсөтүүлөрдүсунуштоочулар, юридикалык жак. | Поставщик товаров и/или услуг, юридическое лицо, за исключением кредитных организаций, имеющий договор банковского обслуживания с банком, в пользу которого посредством банковской агентской сети поступают денежные средства от плательщиков за потребленные товары и/или услуги этого поставщика. |
| 443. | Банк эсебин ачуусуз акча которууну алуучу (Receiver of remittance without opening of bank account) | Получатель денежного перевода без открытия банковского счета (Receiver of remittance without opening of bank account) | Жөнөтүүчү тарабынан банктык эсепти ачуусуз акча которууну алуучу катары көрсөтүлгөн жеке адам. Жөнөтүүчү жана алуучу бир эле адам болушу мүмкүн. | Физическое лицо, указанное отправителем в качестве получателя денежного перевода без открытия банковского счета. Отправитель и получатель могут быть одним и тем же лицом. |
| 444. | Аралыктан банктык жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрдүпайдалануучу (User of remote banking and payment services) | Пользователь дистанционных банковских и платежных услуг (User of remote banking and payment services) | Өз банктык эсебин же электрондук капчыгын аралыктан тескөө үчүн аралыктан сунушталуучу банктык жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн пайдаланган жеке адам же юридикалык жак же болбосо жеке ишкер. | Физическое или юридическое лицо либо индивидуальный предприниматель, использующий дистанционные банковские и платежные услуги для удаленного управления своим банковским счетом или электронным кошельком. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 445. | Укуктук тобокелдик ( Legal risk) | Правовой риск (Legal risk) | Төлөм системасы боюнча ченемдик укуктук актыларда катышуучулардын укугунун жана милдеттеринин жетишсиз бөлүштүрүлүшүнөн, Улуттук банктын мыйзамдарынын жана ченемдик укуктук актыларынын туура эмес колдонулушунан же контракттын (келишимдин) шарттарын аткаруу мүмкүн эместигинен улам алгылыксыз жагдайдын орун алышы ыктымалдуулугу. | Вероятность наступления неблагоприятного события вследствие недостаточного разделения прав и обязанностей участников в нормативных правовых актах по платежной системе, неправильного применения законодательства и нормативных правовых актов Национального банка, или вследствие невозможности выполнения условий контракта (договора). |
| 446. | Алдын ала авторизациял оо (Pre-authorization) | Предавторизац ия (Pre-authorization) | Кардар тарабынан көрсөтүлгөн акча каражаттарды алуучудан төлөө үчүн эсепти алуу учурунда, кардардын банкка белгилүү бир мөөнөт ичинде жана (же) белгилүү бир сумманын чегинде өз эсептешүү/күндөлүк эсебин дебеттөөгө алдын ала уруксат бериши. | Предварительная выдача клиентом разрешения банку в течение определенного периода времени и (или) в пределах определенной суммы дебетовать свой расчетный/текущий счёт при получении счета на оплату от указанного клиентом получателя денежных средств. |
| 447. | Алдын ала төлөнгөн карт (Prepaid card) | Предоплаченн ая карта (Prepaid card) | Карт ээси эмитентке мурда төлөп койгон нарк сакталып туруучу карт. | Карта, на которой хранится стоимость, которую держатель карты заранее оплатил эмитенту. |
| 448. | Төлөмгө карш ы төлөм (Payme nt versus payment) | Платеж против платежа (Paym ent versus payment) | Бир чет өлкө валютасын жыйынтыктап которуу башка чет өлкө валютасын же валюталарын жыйынтыктап которуу ишке ашырылган учурда гана жүргүзүлөтургандыгы каралган эсептөө принциби. | Принцип расчета, который предусматривает, что окончательный перевод одной иностранной валюты произойдет только в том случае, если будет произведен окончательный перевод другой иностранной валюты или валют. |
| 449. | Электрондук акчаны айландыруу (E-money repayment) | Погашение электронных денег (E-money repayment) | Электрондук акча ээсинин банкка, операторго, агентке, субагентке, эл аралык электрондук акча системасынын субагентине сунуштаган электрондук акчаны/эл аралык электрондук акчаны, аларда сакталган электрондук акча/эл аралык электрондук акча калдыгынан ашпаган суммада нак же нак эмес акчага алмаштыруу операциясы. Айландыруу банктын аралыкта орнотулган жабдуулары аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн. | Операция обмена электронных денег/международных электронных денег, предъявляемых держателем банку, оператору, агенту, субагенту/субагенту международных систем электронных денег, на наличные или безналичные денежные средства, не превышающие остаток хранимой на них суммы электронных денег/международных электронных денег. Погашение может производиться с применением периферийных устройств банка. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 450. | Төлөмгө карш ы берүүлөр (Delivery versus payment) | Поставка против платежа (Delivery versus payment) | Бир активди жыйынтыктап которуу башка активди жыйынтыктап которуу ишке ашырылган шартта гана дароо жүргүзүлө тургандыгын гарантиялаган, эсептешүү принциби. Активдер валюта, баалуу кагаздар жана башка финансы инструменттери түрүндө болушу мүмкүн. | Принцип расчёта, который гарантирует, что окончательный перевод одного актива происходит сразу и только в том случае, если происходит окончательный перевод другого актива. Активы могут быть в виде валюты, ценных бумаг и других финансовых инструментов. |
| 451. | Төлөм кызмат көрсөтүүлөрү н сунуштоочу (Provider of payment services) | Поставщик платежных услуг (Provider of payment services) | сатып өткөрүлгөн товарлар (аткарылган иштер, кызмат көрсөтүүлөр) үчүн кардардын акча каражаттарын алган юридикалык жак же жеке ишкер. | юридическое лицо или индивидуальный предприниматель, получающее денежные средства клиента за реализуемые товары (выполняемые работы, услуги). |
| 452. | Аралыктан банктык жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрд үсунуштоочу (Provider of remote banking and payment services) | Поставщик дистанционных банковских и платежных услуг (Provider of remote banking and payment services) | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган өзүнчөбанктык операцияларды жүзөгө ашырууга жанаүчүнчү жактардын (төлөм кызмат көрсөтүүлөрү) пайдасына төлөмдөрдү өткөрүүгө лицензияга ээ банктар, төлөм системаларынын операторлору, төлөм уюмдары жана башка адистештирилген финансы-кредит мекемелер. | банки, операторы платежных систем и платежные организации и иные специализированные финансово-кредитные учреждения, имеющие лицензию Национального банка Кыргызской Республики на осуществление отдельных банковских операций и проведение платежей в пользу третьих лиц (платежные услуги), предусмотренной законодательством Кыргызской Республики. |
| 453. | Алдын ала төлөнгөн карт (Pre-authorization card) | Предвыпущенная карта (Pre-authorization card) | Аралыкта орнотулган жабдуулар аркылуу акча каражаттарын нак акчага айландыруу, соода түйүндөрүндө нак эмес түрдө сатып алууларды төлөө, интернет аркылуу операцияларды ишке ашыруу үчүн багытталган, конкреттүү бир кардар үчүн ачылган эсепке каралган картка ээлик кылуучунун аты-жөнүкөрсөтүлбөгөн, банктын бөлүмүндө дароо берилген карт. Коопсуздукту камсыз кылуу максатында алдын ала чыгарылган картты негизги карт катары пайдаланууга жана анда көп өлчөмдөгү сумманы сактоо сунуш кылынбайт, анткени ал боюнча төлөмдүөткөрүүдө документ талап кылынбайт. | Карта моментальной выдачи в отделении банка без указания фамилии и имени держателя карты на поверхности карты, прикрепленная к счету, который открывается на конкретного клиента, предназначенная для обналичивания денежных средств посредством периферийных устройств, оплаты покупок в торговых точках безналичным путем, проведения операций через интернет. В целях безопасности не рекомендуется использовать предвыпущенные карты как основные и хранить на них большие суммы, так как проведение оплаты по ним не требует предъявления документов |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 454. | Тобокелдикке баа берүүкөрсөткүчү (VaR) (VaR (Value at Risk)) | Показатель оценки риска (VaR) (VaR (Value at Risk)) | Келип чыгуу ыктымалдыгын чагылдырган тобокелдиктин баа берилген көрсөткүчү, рыноктун макро жана микроэкономикалык коньюнктурасынын учурдагы тенденциясы сакталып турган шартта, белгилүү бир мезгил ичинде (убакыт чеги) келип чыгышы ыктымал болгон жоготуулардын жол берилген өлчөмү. | Оценочный показатель риска, отражающий с заданной вероятностью (доверительный уровень), максимально возможный размер потерь за определенный период времени (временной горизонт) при условии сохранения текущих тенденций макро- и микроэкономической конъюнктуры рынка. |
| 455. | Финансылык туруктуулук көрсөткүчтөрү (ПФУ) (Financial Soundness Indicators) | Показатели финансовой устойчивости (ПФУ) (Financial Soundness Indicators) | Финансы секторунун (банктык жана банктык эмес секторлордун) корпоративдик финансылык эмес сектордун, үй чарбаларынын, ошондой эле реалдуу, бюджеттик жана тышкы экономикалык секторлордун учурдагы финансылык абалынын жана туруктуулугунун көрсөткүчтөрү. Финансылык туруктуулук көрсөткүчтөрү аркылуу макропруденциалдык талдап-иликтөөлөр финансылык туруктуулукка баа берүүнүн усулдук ыкмаларынын бири болуп саналат. | Показатели текущего финансового состояния и устойчивости финансового сектора (банковского и небанковского секторов), корпоративного нефинансового сектора, домашних хозяйств, а также реального, бюджетного и внешнеэкономического секторов. Макропруденциальный анализ посредством показателей финансовой устойчивости является одним из методологических подходов оценки финансовой стабильности. |
| 456. | Аутрайт шарттарында мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуу (редисконттук операциялар) (Purchase of government securities on outright terms (re-discount operations)) | Покупка государственных ценных бумаг на условиях аутрайт (редисконтные операции) (Purchase of government securities on outright terms y(re-discount operations)) | Акча-кредит саясатынын инструменти, ал Улуттук банктын макулдашылган шарттарда мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуу аркылуу банк тутумуна ликвиддүүлүктү сунуштоо максатында колдонулат. | Инструмент денежно-кредитной политики, используемый с целью предоставления ликвидности банковской системе путем покупки Национальным банком государственных ценных бумаг на оговоренных условиях. |
| 457. | Баалуу кагаздар портфели (куржуну) (Securities portfolio) | Портфель ценных бумаг (Securities portfolio) | Баалуу кагаздар рыногунун субъекттеринин менчигинде же тескөөсүндө турган баалуу кагаздардын ар кандай түрлөрүнүн жыйындысы. | Совокупность различных видов ценных бумаг, находящихся в собственности или управлении субъекта рынка ценных бумаг. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 458. | Төлөмго каршы берүүлөр (Delivery versus payment) | Поставка против платежа (Delivery versus payment) | Бир активди жыйынтыктап которуу башка активди жыйынтыктап которуу ишке ашырылган шартта гана жана ошол замат жүргүзүлө тургандыгын гарантиялаган эсептешүү принциби. Активдер валюта, баалуу кагаздар жана башка финансылык инструменттер түрүндө болушу мүмкүн. | Принцип расчёта, который гарантирует, что окончательный перевод одного актива происходит сразу и только в том случае, если происходит окончательный перевод другого актива. Активы могут быть в виде валюты, ценных бумаг и других финансовых инструментов. |
| 459. | Баалуу кагаздар боюнча сый акы (Securities premium) | Премия по ценным бумагам (Securities premium) | Баалуу кагаздын адилет (рыноктук) наркынын анын номиналдык наркынан артышы. Мында, купон боюнча чегерилген пайыздар эске алынбайт (эгерде, баалуу кагаздарды чыгаруу шарттары купонго төлөөнү түшүндүрсө). | Превышение справедливой (рыночной) стоимости ценной бумаги над её номиналом, без учёта начисленных процентов по купону (если условиями выпуска ценной бумаги подразумевается выплата купона). |
| 460. | Тобокелдикке баргандык үчүн сый акы (Risk premium) | Премия за риск (Risk premium) | Кыйла тобокелдүү активдерге каражат салуу менен инвестор аны алууну көздөп жаткан кошумча киреше. | Дополнительный доход, на который рассчитывает инвестор, вкладывающий средства в более рисковые активы. |
| 544. | Тике своп-операциялар (Swap operations) | Своп-операции прямые (Swap operations) | Келечекте белгилүү бир күнү, алдын ала макулдашылган шартта, негизги суммаларды жана чегерилген пайыздарды кайра алмашуу милдеттенмеси менен улуттук валютадагы акча каражаттарын чет өлкө валютасындагы эквиваленттүү суммага алмашуу операциялары. | Операции по обмену денежных средств в национальной валюте на эквивалентную сумму в иностранной валюте с обязательством обратного обмена основных сумм и начисленных процентов по заранее оговоренным условиям в определенную дату в будущем. |
| 545. | Своп-курс (Swap rate) | Своп-курс (Swap rate) | Банктар алар боюнча эсептешүүнү ар башка күндөрүишке ашырган шартта, ошол эле учурда чет өлкөвалютасын сатып алуу жана сатып өткөрүү баалары. | Цены одновременной покупки и продажи банками иностранной валюты при условии расчетов по ним в разные даты. |
| 546. | Бүтүм (Dealin g) | Сделка (Dealin g) | Юридикалык жактардын жана жеке адамдардын укуктук мамилелерин белгилөөгө, өзгөртүүгө же токтотууга багытталган иш-аракет; финансылык инструменттин (акча каражаттарынын, банктык документтердин, баалуу кагаздардын) же ага карата менчик укугунун бир жактан башка жакка өтүшү. | Действие, направленное на установление, изменение или прекращение правоотношений юридических и физических лиц; переход финансового инструмента (денег, банковских документов, ценных бумаг) или прав собственности по нему от одного лица к другому. |
| 547. | Форвард бүтүмү (Forw ard dealing) | Сделка форвардная (F orward dealing) | Бүтүмгө келишүүдө сатып алуучу жана сатуучу келечекте белгилүү бир күнү товарды/активди берүүгө макулдашкан мөөнөттүү бүтүм. | Срочная сделка с расчетом при ее заключении, в которой покупатель и продавец соглашаются на поставку товара/актива на определенную дату в будущем. |
| 548. | Фьючерс бүтүмү (Futur e dealing) | Сделка фьючерсная (F uture dealing) | Бүтүмгө келишкенден кийин белгилүү бир мөөнөттө, контрактта бүтүмдүн аяктоо мөөнөтүнө карата келип чыккан акциялардын баалары жана курстарындагы айырманы алуу максатында белгиленген баа боюнча товар үчүн акчалай сумманы төлөөнү болжолдоочу бүтүм. | Сделка, предполагающая уплату денежной суммы за товар через определенный срок после заключения сделки по цене, установленной в контракте в целях получения разницы в ценах или курсах акций, возникающей к сроку завершения сделки. |
| 549. | Ыйгарым укуктарды сегрегациялоо (бөлүштүрүү) (Segregation) | Сегрегация (разделение) полномочий (Segregation) | Бир эле адамга бир нече ыйгарым укуктардын чегерилишине жол бербөө максатында айрым субъекттердин ортосунда милдеттерди жана функцияларды бөлүштүрүү принциби. | Принцип разделения задач и функций между отдельными субъектами с целью недопущения концентрации полномочий у одного лица. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 550. | Банктын ички контролдук системасы (B ank internal control system) | Система внутреннего контроля банка (Bank internal control system) | Бул, банк ишинин бардык деңгээлинде жана чөйрөсүндө өз ара байланыштуу контролдук чаралардын топтому (системасы). | Система внутреннего контроля банка – это комплекс (система) взаимоувязанных контрольных мер на всех уровнях управления и сферах деятельности банка. |
| 551. | Банктык төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасы (C ards payment system) | Система расчетов с использование м банковских платежных карт (Cards payment system) | Карттарды пайдалануу менен эсептешүүлөрдүүюштуруу үчүн каралган чогуу алгандагы нормалар, стандарттар, эрежелер жана программалык-техникалык каражаттар. Төлөм системалары локалдык, улуттук жана эл аралык болуп бөлүнөт. | Совокупность норм, стандартов, правил, учреждений и программно-технических средств для организации расчетов с использованием карт. Платежные системы подразделяются на локальные, национальные и международные. |
| 552. | Электрондук акчаны пайдалануу менен эсептешүүсис темасы (электрондук акча системасы) (E -money system) | Система расчетов с использование м электронных денег (система электронных денег) (E-money system) | Электрондук акчанын жүгүртүлүшүн камсыз кылган чогуу алгандагы банктык жана башка институттар, аппараттык-техникалык каражаттар, эрежелер жана жол-жоболор. | Совокупность банковских и иных институтов, аппаратно-технических средств, правил и процедур, обеспечивающих обращение электронных денег. |
| 553. | Акча которуу системасы (Remittances system) | Система денежных переводов (Remittances system) | Төлөм системасынын катышуучусунун калктан акча каражаттарын алар адресатка төлөнүп бериле турган шартта гана кабыл алуусу боюнча төлөм системасынын түрү. | Тип платежной системы по принятию участником платежной системы денежных средств от населения с тем условием, что эти денежные средства будут выплачены адресату. |
| 554. | Корреспонде нттик мамилелер системасы (Corespondent relations system) | Система корреспондент ских отношений (Corespondent relations system) | Ар башка өлкөлөрдүн финансы-кредит мекемелери ортосунда түзүлгөн корреспонденттик эсептерди жүргүзүү (агенттик келишимдердин) келишимдеринин негизинде пайдалануучуларга чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү жүзөгө ашырууга жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоого мүмкүндүк берген система. | Система, позволяющая осуществить трансграничные платежи и предоставлять иные услуги пользователям на основе договоров (агентских соглашений) о ведении корреспондентских счетов между финансово-кредитными учреждениями разных стран. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 555. | Ири төлөмдөр системасы (Giro system) | Система крупных платежей (Giro system) | 1) Финансы рынокторунун (улуттук акча, валюта рынокторунун жана капитал жана баалуу кагаздар рынокторунун) катышуучуларынын акчалай милдеттенмелери боюнча төлөмдөр жана эсептешүүлөр, ошондой эле акча-кредит саясатынын инструменттерин колдонууга байланыштуу которуулар ишке ашырыла турган төлөм системасы. Система катышуучулардын ири суммадагы төлөмдөрүн эсептөөнүн, ошондой эле системага катышуучулардын мөөнөттүү төлөмдөрү боюнча эсептөөлөрдүн жүргүзүлүшүн камсыз кылат. 2) финансы-кредит мекемелери ортосунда эсептешүүлөр системанын эрежелерине жана жол-жоболоруна ылайык ар бир төлөм документи боюнчаөзүнчө жүргүзүлө турган төлөм системасы, алар финансы-кредит мекемелеринин Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында ачылган корреспонденттик эсептеринде түздөн-түз чагылдырылат. | 1) Платежная система, в которой проводятся платежи и расчеты по денежным обязательствам участников финансовых рынков (национального денежного, валютного рынков и рынка капитала и ценных бумаг), а также переводы, связанные с применением инструментов денежно-кредитной политики. Система обеспечивает также проведение расчетов участников системы платежей на крупные суммы, а также расчеты по срочным платежам участников системы. 2) платежная система, в которой расчеты между кредитно-финансовыми учреждениями происходят индивидуально по каждому платежному документу согласно правилам и процедурам системы и отражаются непосредственно на корреспондентских счетах кредитно-финансовых учреждений, открытых в Национальном банке Кыргызской Республики. |
| 556. | Пакетик клиринг системасы (B ulk clearing system) | Система Пакетного клиринга (Bulk clearing system) | Төлөм системасынын технологиялардын, эрежелердин, жол-жоболордун жана инструменттердин жыйындысын түшүндүргөн компоненти, мында анын жардамы менен системанын катышуучулары жыйынтыктоочу эсептешүүнү жүзөгө ашыруу максатында катышуучулардын көп тараптуу таза позицияларын аныктоо механизмин кошо алганда, клиринг борбору аркылуу өз төлөмдөрү боюнча маалыматтарды же документтерди сунуштайт жана алат. | Компонент платёжной системы, представляющий собой совокупность технологий, правил, процедур и инструментов, с помощью которых участники системы представляют, получают данные или документы в отношении своих платежей через клиринговый центр, включая механизм определения многосторонних чистых позиций участников для осуществления окончательного расчёта.. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 557. | Төлөм системасында орун алышы мүмкүн болгон системалуу тобокелдик (Systemic risk) | Системный риск в платежной системе (Systemic risk) | Терс жагдайлардын орун алышы ыктымалдуулугу, мында төлөм системасынын катышуучуларынын биринин төлөм боюнча өз милдеттенмелерин аткарууга жөндөмсүздүгү төлөө мөөнөтү келип жеткен учурда башка катышуучулардын да өз милдеттенмелерин аткара албай калышы мүмкүндүгү. Милдеттенмелердин аткарылбай калышы бүтүндөй төлөм системасынын туруктуулугуна терс кесепетин тийгизиши мүмкүн («домино» эффекти). | Вероятность наступления неблагоприятного события, при котором неспособность одного из участников платежной системы выполнить свои обязательства по платежам, сделает невозможным для других участников выполнение своих обязательств при наступлении срока платежа. Такое невыполнение обязательств может поставить под угрозу стабильность всей платежной системы (эффект «домино»). |
| 558. | Системалык мааниге ээ төлөм системасы (Systemically important payment system) | Системно-значимая платежная система (Systemically important payment system) | Төлөм системасы, анда: 1) операциялык жана техникалык себептерден улам үзгүлтүктөр орун алган учурда, банк тутумунда жана (же) финансы системасында олуттуу тобокелдиктер келип чыгышы ыктымал; 2) катышуучулардын биринин төлөөгөжөндөмсүздүгү башка катышуучуларда да ликвиддүүлүк тобокелдигинин келип чыгышына жана «домино эффектисинин» түптөлүшүнө алып келиши мүмкүн, бул да улуттук финансы системасын олуттуу тобокелдиктерге дуушар кылышы ыктымал. | Платежная система, в которой: 1) при сбоях в функционировании по операционным и техническим причинам возможно возникновение существенных рисков в национальной банковской системе и(или) в национальной финансовой системе; 2) неплатежеспособность одного из участников может привести к возникновению риска ликвидности у других участников, созданию "эффекта домино", что также может привести к серьезным потрясениям в национальной финансовой системе. |
| 559. | Карызгерлердин отчет берүүсистемасы (Debtor Reporting System (DRS)) | Система отчетности должников (СОД) (Debtor Reporting System (DRS)) | Дүйнөлүк банктын өнүккөн өлкөлөрдүн карыздарына мониторинг жүргүзүү максатында пайдаланылган статистикалык отчет системасы. Маалымат, карыз алуучу-өлкөлөрдүн отчету түрүндө берилет. Мындай маалыматтардын негизинде Дүйнөлүк банк жыл сайын Global Development Finance («Глобалдыкөнүгүүнү каржылоо») докладын даярдайт (мурда –World Debt Tables). | Система статистической отчетности, используемая Всемирным банком в целях мониторинга долга развивающихся стран. Информация предоставляется в виде отчетов стран-заемщиков. На основе предоставленных данных Всемирный банк готовит ежегодный доклад Global Development Finance («Финансирование глобального развития») (ранее – World Debt Tables). |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 560. | CAMELS системасы (CAMELS Framework) | CAMELS (CAMELS Framework) | Бул, кеңири колдонулган көзөмөл системасы, мында банктардын туруктуулук көрсөткүчтөрү төмөнкүдөй алты категорияга бөлүнөт: 1) С (Capital) – өздүк капиталдын жетиштүүлүгү; 2) А (Asset) – активдердин сапаты; 3) М (Management) – ишенимдүү башкаруу; 4) Е (Earnings) – пайда алуу; 5) L (Liquidity) –ликвиддүүлүк; 6) S (Sensitivity) – рыноктук тобокелдүүлүккө дуушарлануу ыктымалдуулугу. | Представляет собой широко используемую систему надзора, в которой показатели устойчивости банков группируются в шесть категорий. Этими категориями являются: 1) C (Capital) — достаточность собственного капитала; 2) А (Asset) — качество активов; 3) М (Management) — надежность управления; 4) Е (Earnings) — прибыль; 5) L (Liquidity) — ликвидность; 6) S (Sensitivity) — чувствительность к рыночному риску. |
| 561. | Корреспондент-тик мамилелер системасы (Corespondent relations system) | Система корреспондентских отношений (Correspondent relations system) | Финансы-кредит мекемелери эки тараптуу келишимдердин негизинде бири-биринде ачкан эсептер боюнча төлөмдөрдү, анын ичинде чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү өткөрүүгө мүмкүндүк берген система. | Система, позволяющая осуществлять платежи, в том числе и трансграничные по счетам, открытым финансово-кредитными учреждениями друг у друга в соответствии с двусторонними договорами. |
| 562. | Кредиттик рейтинг системасы (Credit rating system) | Система кредитного рейтинга (Credit rating system) | Кредит берүү жөндөмдүүлүгү жана кредиттөө чечимин кабыл алууга баа берүү системасы, мында кредитор өз алдынча иштеп чыккан жана адистештирилген кредиттик агенттиктер сунуштаган кредиттик рейтингдин шкаласына таянуу менен иш алып барат. | Система оценки кредитоспособности и принятия решения о кредитовании, при которой кредитор ориентируется на шкалу кредитного рейтинга, разработанную им самостоятельно или предложенную специализированным кредитным агентством. |
| 563. | Баалуу кагаздардын системалуу тобокелдиги (Securitiessystematic risk) | Систематический риск ценных бумаг (Securities systematic risk) | Белгилүү бир баалуу кагаздардын эмес, макроэкономикалык факторлордун таасири астында рыноктун коньюнктурасынын (мисалы, инвестициялык) өзгөрүүлөрү менен байланышкан тобокелдик. Бардык баалуу кагаздарга мүнөздүү жана аны диверсификациялоонун эсебинен четтетүүгө мүмкүн эмес. | Риск, связанный с изменениями конъюнктуры рынка (например, инвестиционного) под влиянием макроэкономических факторов, а не конкретной ценной бумаги. Характерен для всех ценных бумаг и не может быть устранен за счет диверсификации. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 564. | Слип (Slip) | Слип (Slip) | Картты пайдалануу менен операциянын ишке ашырылгандыгын тастыктаган кагаз түрүндөгүдокумент. Слип соода тейлөө ишканасында орнотулган импринтердин жардамы менен карттын рельефттик реквизиттеринин оттискасын, ошондой эле карт ээсинин жана ошол ишкананын кассиринин кол тамгаларын камтыйт. Ал эми добуштук авторизациялоо учурунда слип телефон аркылуу алынган авторизациялык кодду камтууга тийиш. | Бумажный документ, служащий подтверждением совершения операции с использованием карты. Слип должен содержать оттиск рельефных реквизитов карты, произведенный с помощью импринтера, установленного в торгово-сервисном предприятии, а также подписи держателя карты и кассира торгово-сервисного предприятия. В случае голосовой авторизации слип также должен содержать полученный по телефону авторизационный код. |
| 565. | Смарт-карт (Smart Card) | Смарт-карта (Smart Card) | Маалымат анын интегралдык схемасында (микропроцессорунда) камтылган карт. Электрондук төлөмдөрдү өткөрүүдө смарт-картта жеке купуя ачкыч сакталат жана электрондук цифралык кол тамганы түзүү жол-жобосу жүргүзүлөт. | Карта, носителем информации в которой является интегральная схема (микропроцессор). При проведении электронных платежей в смарт-карте хранится личный секретный ключ и производится процедура создания электронной цифровой подписи. |
| 566. | USSD билдирүүсү ( USSD - команда, Unstructured Supplementary Services Data) | Сообщение USSD ((USSD - команда, Unstructured Supplementary Services Data)) | SMSке альтернативалуу болгон текст түрүндөгүбилдирүүлөрдү өткөрүүт ехнологиясы, мунунөзгөчөлүгү жөнөтүлгөн билдирүүлөр байланыш түйүнүнүн операторунун маалымат базасында сакталбайт. Ал байланыш операторлору тарабынан төлөөчүгө эсеп балансын билдирүү, төлөө картын жана башка сервистерди активдештирүү, ошондой эле мобилдик төлөмдүн ишке ашырылышын такташтыруу үчүн колдонулат. | Технология передачи текстовых сообщений, альтернативная SMS, особенность которой заключается в том, что отправленные сообщения не хранятся в базе данных оператора сотовой связи. Может использоваться операторами связи для сообщения баланса счета плательщику, активации карт оплаты и других сервисов, в том числе инициализации совершения мобильного платежа. |
| 567. | Акча жүгүртүү ылдамдыгы (Velocity of money) | Скорость обращения денег (Velocity of money) | Жүгүртүү жана төлөм каражаты катары пайдаланылган акча бирдиги менен жыл ичинде жүзөгө ашырылган циклдердин, толук жүгүртүүлөрдүн саны. Ал ИДӨнүн номиналдык көлөмүнүн акча массасынын көлөмүнө катышы катары эсептелет жана акча белгилеринин төлөм каражаты катары пайдаланылышында алардын жылышынын көрсөткүчү катары колдонулат. | Количество циклов, полных оборотов, осуществляемых в течение года денежной единицей, используемой в качестве средства обращения и платежей. Рассчитывается как отношение номинального объема ВВП к объему денежной массы. Используется как показатель интенсивности движения денежных знаков при функционировании их в качестве средства платежа. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 568. | Тобокелдикти басаңдатуу (минималдаштыруу) (Risk reduction) | Снижение (минимизация) риска (Risk reduction) | Алгылыксыз жагдайлардын орун алышы ыктымалдуулугун төмөндөтүүгө жана/же чыгым тартууларды азайтууга багытталган алдын-ала эскертүүчү уюштуруу-техникалык иш-чараларды жүзөгө ашыруу. | Осуществление предупредительных организационно-технических мероприятий направленных на снижение вероятности наступления негативных событий и/или уменьшение убытков. |
| 569. | Акчага суроо-талап (Money demand) | Спрос на деньги (Money demand) | Экономикалык агенттердин акча каражаттарына муктаждыгы. | Совокупная потребность экономических агентов в денежных средствах. |
| 570. | Атайы карыз алышуу укугу (АКУ) (Special Drawing Rights (SDR)) | Специальные права заимствования СПЗ (SDR) (Special Drawing Rights (SDR)) | Эл аралык камдык активдер, алар ЭВФ тарабынан түзүлөт жана анын мүчөлөрү ортосунда колдо болгон расмий камдарга толуктоо катары таркатылат. ЭВФтин атайы карыз алышуу укугуна ээ мүчөлөрүндөАКУну кайтарып берүү боюнча реалдуу (шарттуу) милдеттенмелер келип чыкпайт. АКУ ЭВФке мүчөмамлекеттердин жана АКУга ыйгарым укук чегерилген ээлик кылуучулардан болуп саналышкан эл аралык финансылык мекемелердин чектүүсанынын гана активдеринен боло алат. АКУ наркы АКШ доллары, евро, япон йени жана фунт стерлинги сыяктуу 4 валютадан турган валюта куржунунун негизинде аныкталат. АКУга каражаттарды салууда “авуар” деген түшүнүк пайдаланылат, бул ЭВФке мүчөболгон башка мамлекеттерден чет өлкө валюталарын же башка камдык активдерди алууга шартсыз укук. | Международные резервные активы, которые создаются МВФ и распределяются среди его членов в дополнение к имеющимся официальным резервам. У членов МВФ, получивших СДР, не возникает реального (безусловного) обязательства по возврату выделенных им СДР. СДР могут быть активами только государств-членов МВФ и ограниченного числа международных финансовых учреждений, которые являются уполномоченными держателями СДР. Стоимость СДР определяется на основе валютной корзины, состоящей из 4-х валют: доллар США, евро, японская йена и фунт стерлингов. При вложении в СДР иногда используется понятие «авуары» – безусловное право на получение иностранной валюты или иных резервных активов у других государств-членов МВФ. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 571. | Банкка киргизилген атайы режим (иш ыргагы) | Специальные режимы, вводимые в банк | Банкка киргизилген атайы режим (иш ыргагы) – бул, банктын аманатчыларынын жана башка кредиторлорунун таламында банктын активдерин сактап калуу жана анын финансылык абалын чыңдоо максатында, мыйзамдарга ылайык банкка карата колдонулуучу жол-жобо. Буга: банк ишин тескөөгөалуу боюнча убактылуу жетекчилик жана консервация чаралары да кирет. Банкты тескөөбоюнча убактылуу жетекчилик – бул, банк ишин тескөө системасынын сактап калуу/калыбына келтирүү, анын финансылык абалын чыңдоо жана мыйзам бузууларды четтетүү боюнча чараларды жүзөгө ашыруу максатында киргизилген таасир этүүчарасы. | Специальные режимы, вводимые в банк – это процедуры, применяемые в отношении банка в соответствии с законодательством в целях сохранности активов и оздоровления финансового положения банка в интересах вкладчиков и других кредиторов банка. К таким режимам относятся: временное руководство по управлению банком и консервация. Временное руководство по управлению банком – мера воздействия, вводимая в целях осуществления мер по сохранению/ восстановлению системы управления банком, оздоровлению его финансового положения и устранению нарушений законодательства. |
| 572. | Эсептен алынган сумма (Write Off) | Списанная сумма (Write Off) | Кредитор өндүрүү мүмкүн эмес деп санаган жана ошондон улам аны андан ары бухгалтердик китептеринде эске албаган финансылык талап. | Финансовое требование, которое кредитор считает невозможным взыскать и поэтому более не учитывает его в своих бухгалтерских книгах. |
| 573. | Спот-курсу (Spotrate) | Спот-курс (Spotrate) | Бир мамлекеттин башка мамлекеттин валютасында туюндурулган валютасынын бүтүм келишилген учурга карата белгиленген баасы. | Цена валюты одного государства, выраженная в валюте другого государства, установленная на момент заключения сделки. |
| 574. | Спот-алмашуу курсу (Spot rate) | Спот-обменный курс (Spotrate) | Бир валюта экинчисине дароо берүү же бүтүмгөкелишилгенден кийинки экинчи жумуш күнү эле берүүшартында алмаштырылган курс. | Курс, по которому одна валюта обменивается на другую с поставкой немедленно или на второй рабочий день после заключения сделки. |
| 575. | Спот (спотбүтүмү) (Spot (spot dealing)) | Спот (сделкаспот) (Spot (spot dealing)) | Финансылык активдерди сатып алуу/сатуу боюнча валюталык бүтүмдүн негизги түрү, ал боюнча эсептешүүлөр бир же эки жумуш күнүнөн ашпаган убакытта ишке ашырылат. | Основной тип валютных сделок по покупке/продаже финансовых активов, расчеты по которым осуществляются в течение не более одного-двух рабочих дней. |
| 576. | Баалуу кагаздардын адилет наркы (Fair value) | Справедливая стоимость ценных бумаг (Fair value) | Толук маалымат алышкан, ошондой бүтүмгөкелишүүнү каалашкан жана бири-бирине көз каранды болушпаган тараптар ортосундагы бүтүмгө келишүүдөбалуу кагаздарга алмашууга боло тургандай сумма. | Сумма, на которую можно обменять ценную бумагу при совершении сделки между хорошо осведомленными, желающими совершить такую сделку и независимыми друг от друга сторонами. |
| 577. | Суроо-талап (Deman | Спрос (Demand) | Товарларга жана кызматтарга коомдук чогуу алгандагы | Совокупная общественная потребность в товарах и услугах. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | d) | | муктаждык. | |
| 578. | Спрэд (Sprea d) | Спрэд (Spread) | 1. Финансы рынокторунун катышуучулары тарабынан белгиленген сатып алуу жана сатуу баасынын ортосундагы айырма. 2. Пайыздык чендер ортосундагы айырма, банк каражаттарды ал боюнча алып, карыз алуучуларга берет. | 1. Разница между ценами покупки и продажи, устанавливаемыми участниками финансовых рынков. 2. Разница между процентными ставками, по которым банк получает средства и по которым их выдает заемщикам. |
| 579. | Жоюу наркы | Ликвидационная стоимость | Күрөөлүк мүлккө баа берүү максатында жоюу наркы– бул талаптагыдай маркетингсиз жана жарнамалоосуз эле, кыска мөөнөт ичинде активди сатып өткөрүүдөн реалдуу алынышы мүмкүн болгон активдин наркы. Бухгалтердик эсепке алуу максатында жоюу наркы – бул, колдонуудан калышынан улам күтүлүп жаткан сарптоолорду эсептен алып салуу менен пайдалуу кызмат өтөөмөөнөтүнүн акырында актив үчүн субъект алууну көздөп жаткан таза сумма. | Для целей оценки залогового имущества ликвидационная стоимость – это стоимость актива, которая реально может быть получена при реализации актива в короткие сроки, без должного маркетинга и рекламы. Для целей бухгалтерского учета ликвидационная стоимость – это чистая сумма, которую субъект ожидает получить за актив в конце срока его полезной службы за вычетом ожидаемых затрат по его выбытию. |
| 580. | Төлөө мөөнөтү (Payments period) | Срок погашения (Payments period) | Төлөө мезгили – негизги сумманы төлөө үчүн биринчи төлөмдөн акыркы төлөмгө чейинки мезгил аралыгы. Төлөө мөөнөтү – бул, эки мезгил суммасы, б.а. болгон шартта жеңилдетилген мезгилдеги жана төлөө мезгилиндеги. | Период погашения — это период от первого до последнего платежа в погашение основной суммы. Срок погашения — это сумма двух периодов: льготного периода при его наличии и периода погашения. |
| 581. | Мөөнөттүү төлөмдөр (Term payments) | Срочные платежи (Term payments) | Системанын катышуучуларынын жана анын кардарларынын төлөмдөрү, анын ичинде акча-кредит саясатын ишке ашырууга байланыштуу төлөмдөр, банктар аралык финансы рынокторунда (улуттук акча, валюта жана капитал, баалуу кагаздар рынокторунда) келишилген бүтүмдөр боюнча төлөмдөр, ошондой эле чекене төлөмдөр системасынын катышуучуларынын жыйынтыктоочу таза позициялары боюнча төлөмдөр. | Платежи участников системы и их клиентов, в том числе связанные с реализацией денежно-кредитной политики, платежи по сделкам на межбанковских финансовых рынках (национальном денежном, валютном рынках, рынках капитала и ценных бумаг), а также платежи по итоговым чистым позициям участников систем розничных платежей. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 582. | Субагент/эл аралык электрондук акча субагенти (Sub-agent/international E-money sub-agent) | Субагент/субагент международных электронных денег (Sub-agent/international E-money sub-agent) | Агент/эл аралык электрондук акча агенти менен электрондук акчаны/эл аралык электрондук акчаны жайылтуу жана ордун жабуу боюнча операцияларды жүзөгө ашырууга субагенттик келишим түзгөн юридикалык жак же жеке ишкер. | Юридическое лицо или индивидуальный предприниматель, заключивший субагентский договор с агентом/агентом международных электронных денег на осуществление операций по распространению и погашению электронных денег/международных электронных денег. |
| 583. | Банктык чен (Bank rate) | Ставка банковская (Bank rate) | Банкка/кардарга кредитти/депозитти пайдалангандыгы үчүн төлөмдүн пайыздарда туюндурулган өлчөмү. Банктык пайыз кредиттин/депозиттин өлчөмүнө жана мөөнөтүнө, анын камсыздалышына, кредиттик тобокелдик деңгээлине жараша болот. | Размер платы банку/клиенту за пользование кредитом/депозитом, выраженный в процентах. Банковский процент зависит от величины и срока кредита/депозита, его обеспеченности, степени кредитного риска. |
| 584. | Номиналдык чен (Nominal rate) | Ставка номинальная (Nominal rate) | Инфляцияны эске алуусуз чегерилген пайыздык чен. | Ставка процента, исчисляемая без учета инфляции. |
| 585. | Реалдуу пайыздык чен (Real interest rate) | Ставка процента реальная (Real interest rate) | Инфляциядан "арылтылган" пайыздык чен. Пайыздын номиналдык чени менен инфляция деңгээлинин ортосундагы айырма катары эсептелет. | Процентная ставка, "очищенная" от инфляции. Рассчитывается как разница междуноминальной ставкой процента и уровнем инфляции |
| 586. | Аудит стандарты (The standard of audit) | Стандарт аудита (The standard of audit) | Аудиттин обьектисине, аткаруучулардын квалификациясына, аудитти уюштурууга, документтерге талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн усулдук ыкмаларына жана тиешелүү багыт боюнча аудитордук корутундунун берилишине карата талаптардын жана эрежелеринин топтомун белгилеген ченемдик документ. | Нормативный документ, устанавливающий комплекс требований и правил к объекту аудита, квалификации исполнителей, организации аудита, методическим приемам анализа документации и представлению аудиторского заключения в предметной области. |
| 587. | Баалуу металлдардын стандарттык куймалары | Стандартные слитки драгоценных металлов | Баалуу металлдардын стандарттык куймалары –баалуу металлдардан даярдалган жана маркировкаланган, баалуу металлдар рыногунун Лондон ассоциациясы тарабынан кабыл алынган сапаттын эл аралык стандартына ылайык келген куймалар. | Стандартные слитки драгоценных металлов –изготовленные и маркированные слитки драгоценных металлов и соответствующие Международным стандартам качества, принятым Лондонской ассоциацией рынка драгоценных металлов. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 588. | Стоп-баракча (Stop-list) | Стоп-лист (Stop-list) | Эмитент тарабынан товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөгө кабыл алууга жана валюталарды алмаштырууну кошо алганда, нак акчаларды кабыл алуу же берүү үчүн тыюу салынган карттардын тизмеси. | Список карт, запрещенных эмитентом к приему для оплаты товаров или услуг и приема или выдачи наличных, включая обмен валют. |
| 589. | Чыккан өлкөсү (Home Country) | Страна происхождения (Home Country) | Эки же андан көбүрөөк өлкөдө өндүрүлгөн учурларда, товар толугу менен чыгарылган же “олуттууөзгөртүүлөргө дуушар болгон” өлкө. | Страна, в которой товар был полностью произведен или "претерпел существенные преобразования" в случаях когда производство имеет место в двух или более странах. |
| 590. | Банктын стратегиялык тобокелдиги (Bank strategic risk) | Стратегический риск банка (Bank strategic risk) | Банк ишинин жана аны өнүктүрүү стратегиясын аныктаган чечимдердин туура эместигине, стратегияны ишке ашырууда шайкеш келбеген ресурстар менен камсыз кылынгандыгына байланыштуу орун алышы мүмкүн болгон жоготуулардын, ошондой эле банк ишине коркунуч алып келиши мүмкүн болгон коркунучтардын жеткиликтүү эсепке алынбагандыгынын натыйжасында орун алган жоготуу тобокелдиги. | Риск возможных потерь, связанный с неверными решениями, определяющими стратегию деятельности и развития банка, неадекватным ресурсным обеспечением реализации стратегии, а также потерь вследствие недостаточного учета возможных опасностей, которые могут угрожать деятельности банка. |
| 591. | Камсыздандыруу корпорациясы (Insurance Corporations) | Страховые корпорации (Insurance Corporations) | Өмүрдү камсыздандыруу, кырсыктардан камсыздандыруу, оорулардан, өрттөн камсыздандыруу жана тобокелдиктерди бириктирүүаркылуу айрым институционалдык бирдиктерди же бирдиктердин башка тобун камсыздандыруунун дагы башка түрлөрү негизги функцияларынан болуп саналган, корпоративдик, өз ара иш жүргүзүшкөн башка түзүмдөр. | Корпоративные, взаимные и другие структуры, основной функцией которых является страхование жизни, страхование от несчастных случаев, страхование на случай болезни, страхование от пожара и другие виды страхования отдельных институциональных единиц или других групп единиц путем объединения риска. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 592. | Стресс-тесттер (Stress Tests) | Стресс-тесты (Stress Tests) | Портфелдердин макроэкономикалык жагдайдагы олуттуу өзгөрүүлөргө же өзгөчө бирок, чындыкка жакын окуяларга карата алсыздыгына баа берүү үчүн колдонулган ыкмалар. Бүтүндөй алганда финансы тутумунун макроэкономикалык мүнөздөгү олуттуу өзгөрүүлөргө жана "экстремалдуу" окуяларга - болжолдоо кыйынга турган жана ошондон улам чыгым тартууларга (же пайдага) жана макроэкономикалык чыгашага алып келүүгө жөндөмдүү, ыктымалдуулугу азыраак болсо да орун алышы мүмкүн болгон кризистик жагдайларга карата финансылык туруктуулугуна баа берүү – ушул ыкмалардын максаты болуп саналат. Көбүнчө банктар үчүн бул – тышкы чөйрөдө сыяктуу эле (мисалы, экономикагы төмөндөөлөр, кредит портфелинин сапатынын начарлоосу, күрөөпредметинин рыноктук наркынын өзгөрүүсү, мыйзамдарга өзгөрүүлөрдүн киргизилиши ж.б.), банктын кардарларынын ишинде да өзгөрүүлөрдүн жүрүшүнөн улам (мисалы, банктын ири кардарынын банкрот абалда калышы, депозиттердин агылып чыгуусу, алмашуу курсунун, пайыздык чендердинөзгөрүүсүнүн таасир этүүсү ж.б.у.с.) банкта орун алышы мүмкүн болгон жоготууларга баа берүүыкмасы. | Методы, используемые для оценки уязвимости портфелей по отношению к существенным изменениям в макроэкономической ситуации или исключительным, но правдоподобным событиям. Целью данных методов является оценка финансовой устойчивости финансовой системы в целом к значительным изменениям макроэкономического характера и «экстремальным» событиям – маловероятным, но все же возможным кризисным ситуациям, трудно поддающимся прогнозированию и в силу этого способным привести к убыткам (или прибылям) и макроэкономическим издержкам. В частности, для банков это – метод оценки возможных потерь банка в случае возникновения изменений как во внешней среде (например, спады в экономике, ухудшение качества кредитного портфеля, изменения рыночной стоимости предмета залога, изменения в законодательстве и т.п.), так и в деятельности клиентов банка (например, банкротство крупных клиентов банка, отток депозитов, влияние изменения обменного курса, процентных ставок и т.п.). |
| 593. | Эл аралык камдар түзүмү (Structure of international reserves) | Структура международных резервов (Structure of international reserves) | Борбордук банктын валюта портфелинде валюталардын максаттуу пайыздык үлүшүн, ошондой эле алтындын максаттуу көлөмүн, алардан жол берилген чектөөлөрдү белгилөө менен түзүлгөн валюталар топтому, алардан эл аралык камдар портфели турат. | Набор валют, из которых состоит портфель международных резервов центрального банка, с установлением целевых процентных долей валют в валютном портфеле, а также целевого физического объема золота и допустимых отклонений от них. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 594. | Төлөө мөөнөт түрүнүн түзүмү (Maturity Structure) | Структура сроков погашения (Maturity Structure) | Талаптарды жана милдеттенмелерди төлөөмөөнөттөрүн убакыт боюнча бөлүштүрүү. Бул “төлөөмөөнөттөрүнүн мүнөздөмөсү” же “төлөөмөөнөттөрүнүн бөлүштүрүлүшү” деп да аталат. | Распределение во времени сроков погашения требований или обязательств. Называется также «характеристикой сроков погашения» или «распределением сроков погашения» |
| 595. | Субординацияланган карыз (Subordinated duty) | Субординированный долг (Subordinated duty) | Бул, эмитенттин башка милдеттенмелерине салыштырганда кыйла төмөн статустагы милдеттенме. Эмитент банкрот абалда калган учурда алардын орду, бардык кредиторлор жана аманатчылар толук тейлөөгө алынып, алардын талаптары канааттандырылгандан кийин, бирок эмитенттин акцияларына ээлик кылуучулардын талаптары канааттандырылганга чейин жабылууга тийиш. | Субординированный долг – это обязательства с более низким статусом по сравнению с другими обязательствами эмитента. В случае банкротства эмитента погашаются после полного обслуживания и удовлетворения требований всех кредиторов и вкладчиков, но до удовлетворения требований держателей акций эмитента. |
| 596. | Субсидия (Subsidium) | Субсидия (Subsidium) | Мамлекеттик же жергиликтүү бюджеттин эсебинен керектөөчүлөргө, ошондой эле атайын фондулардын эсебинен юридикалык жактарга жана жеке адамдарга, жергиликтүү бийлик органдарына сунушталуучу төлөөлөр. | Выплаты потребителям, предоставляемые за счет государственного или местного бюджета, а также специальных фондов юридическим и физическим лицам, местным органам власти. |
| 597. | Кредиттин суммасы (Amount of a credit) | Сумма кредита (Amount of a credit) | Кредиттик мекемелер белгилүү бир шарттарда карыз алуучуларга сунушташкан, тиешелүү валютадагы акчалай ресурстардын көлөмү. | Объем денежных ресурсов в соответствующей валюте, который кредитные учреждения предоставляют заемщикам на определенных условиях. |
| 598. | Маалыматтар дынолуттуулугу (Significance of the information) | Существенность информации (Significance of the information) | Эгерде, анын камтылбай калышы же бурмаланышы кабыл алынуучу чечимге же айтылуучу пикирге таасир эте алса, анда бул маалымат олуттуу болуп эсептелинет | Информация считается существенной, если ее пропуск или искажение могут повлиять на суждения и принимаемые решения пользователями. |
| 599. | Эсеп (Account) | Счет (Account) | Эсеп – 1) өзүнчө статьяга тиешелүү болгон бардык бухгалтердик жазуулардын регистри. Кош жазуу системасында эсеп дебетке жана кредитке ээ; 2) соода мамилелеринде – сатуучу тарабынан сатып алуучунун атына жазылган жана товардын келип түшкөндүгүн жана анын наркын тастыктаган товардык документ; 3) эсептешүү, кандайдыр бир нерсени эсепке алуу. | Счет – 1) регистры всех бухгалтерских записей, относящихся к отдельной статье. В системе двойной записи счета имеют дебетовую и кредитовую стороны; 2) в торговых отношениях– товарный документ, выписываемый продавцом на имя покупателя и удостоверяющий поставку товара и его стоимость; 3) расчет, учет чего-либо. |

www.bizdin.kg

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 600. | Банктык эсеп (Bank account) | Счет банковский (B ank account) | Банк менен кардар ортосундагы депозитти (банктык аманатты) кабыл алуу жана/же кредит берүү боюнча, ошондой эле банктын банктык эсепти тейлөө боюнча келишимдерде, мыйзамдарда жана банктык тажрыйбада колдонулган иш боюнча жүгүртүүэрежелеринде каралган, кардардын банк тарабынан тейленишинин жүзөгө ашырылышына байланыштуу операцияларды жүргүзүүсү боюнча келишимдик мамилелерди чагылдыруу ыкмасы. | Способ отражения договорных отношений между банком и клиентом по приему депозита (банковского вклада) и\или выдаче кредита, а также по совершению банком операций, связанных с осуществлением банковского обслуживания клиента, предусмотренного договором по обслуживанию банковского счета, законодательством и применяемые в банковской практике обычаями делового оборота. |
| 601. | Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби (Capital and Financial Account) | Счет операций с капиталом и финансовых операций (Capi tal and Financial Account) | Төлөм балансынын бөлүгү, анда (а) капиталдык трансферттер жана өндүрүлбөгөн финансылык эмес активдерди (патенттер жана кайра өндүрүүгө(копирайт) менчик укугу) сатып алуу/сатуу жана (б) финансылык активдер жана милдеттенмелер боюнча маалыматтар камтылган. | Раздел платежного баланса, который включает информацию по (а) капитальным трансфертам и приобретению/продаже нефинансовых непроизведенных активов (патенты и права собственности на воспроизведение (копирайт)) и (б) финансовым активам и обязательствам |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 602. | Төлөм теңдеминин күндөлүк операциялар эсеби (Current account of balance of payments) | Счет текущих операций платежного баланса (Current account of balance of payments) | 1) Өлкөнүн төлөм теңдеминин бөлүгү, анда товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөр экспортунун жана импортунун көлөмү, анын инвестициялардан таза кирешесинин көлөмү жана трансферттик төлөмдөрдөн таза көлөмү белгиленген. Төлөм теңдеминин күндөлүк операцияларынын эсебинде резиденттер жана резидент эместер ортосунда жүргүзүлгөн экономикалык баалуулуктар менен кайсы болбосун операциялар (финансылык активдерди жана милдеттенмелерди эске албаганда) камтылат. Ошондой эле, мында күндөлүк керектелүүчү баалуулуктарды кайтарымсыз берүү же алууга байланыштуу операциялар да эске алынган. Мында, товарлар, кызмат көрсөтүүлөр, кирешелер жана күндөлүк трансферттер да камтылган. Товарлар, кызмат көрсөтүүлөр, кирешелер жана күндөлүк трансферттер боюнча сальдону негизинен, “күндөлүк операциялар боюнча сальдо” же “күндөлүк операциялар эсебинин сальдосу” деп аташат. | 1) Раздел платежного баланса страны, в котором фиксируются объемы ее экспорта, импорта товаров и услуг, ее чистого дохода от инвестиций и чистого объема трансфертных платежей. Счет текущих операций платежного баланса охватывает любые операции с экономическими ценностями (кроме операций с финансовыми активами и обязательствами), совершаемые между резидентами и нерезидентами. Также учитываются операции, связанные с безвозмездным предоставлением или получением ценностей, предназначенных для текущего использования. Включаются товары, услуги, доходы и текущие трансферты. Сальдо по товарам, услугам, доходам и текущим трансфертам обычно называют «сальдо по текущим операциям» или «сальдо счета текущих операций». |
| 603. | Активдүү эсептер (Real accounts) | Счета активные (Real accounts) | Уюмдардын каражаттары эске алынган бухгалтердик эсепке алуу эсептери.<br>Алар өзүндө каражаттардын бар экендигинин, курамынын жана жайгаштырылышынын көрсөткүчтөрүн камтыйт.<br>Активдүү эсептерде каражаттардын көбөйүүсү дебет боюнча, ал эми азаюусу – кредит боюнча жазылат. Дебеттик сальдо баланс активинде көрсөтүлөт. | Счета бухгалтерского учета, на которых учитываются средства организаций. Они содержат показатели наличия, состава и размещения средств. На активных счетах увеличение средств записывается по дебету, а уменьшение – по кредиту. Дебетовое сальдо показывается в активе баланса. |
| 604. | Пассивдүү эсептер (Credit accounts) | Счета пассивные (Credit accounts) | Өздүк жана карыздык каражаттардын булагы, алардын максаттуу багытталышы эске алынган бухгалтердик эсепке алуу эсептери. Каражат булактарынын көбөйүүсү пассивдүү эсептерде кредит боюнча, ал эми азаюусу – дебет боюнча жазылат. Эсептер боюнча кредиттик сальдо баланс пассивинде көрсөтүлөт. | Счета бухгалтерского учета, на которых учитываются источники собственных и заемных средств, их целевое направление. Увеличение источников средств в пассивных счетах записывается по кредиту, уменьшение –по дебету. Кредитовое сальдо по счетам показывается в пассиве баланса. |

www.bizdin.kg

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 605. | “Эскроу” эсептери (Escrow Accounts) | Счета «эскроу» (Escrow Accounts) | Тышкы карыз боюнча төлөөлөргө карата карыз алуучунун өлкөсүнөн тышкары жайгашкан банктарда ачылган жана алар аркылуу анын экспорттук пайдасынын жарымы өтө турган эсептер колдонулат. Эрежедегидей эле, бир жылдык мөөнөттөгү мындай эсептердеги калдыктар карызды тейлөө боюнча келечекте келип чыгуучу төлөмдөрдүн ордун жабууучун каралган. Ушундан улам, мындай эсептердин бенефициарынан болгон кредиторлор өз карыздары боюнча кошумча камсыздоолорду жана карызды тейлөөдө айкын артыкчылыкты алышат. | Применительно к выплатам по внешнему долгу– счета, которые обычно открываются в банках, находящихся за пределами страны заемщика, и через которые проходит часть экспортной выручки заемщика. Как правило, остатки на таких счетах сроком один год предназначены для покрытия будущих платежей по обслуживанию долга. Благодаря этому кредиторы, являющиеся бенефициарами таких счетов, получают дополнительное обеспечение по своим займам и фактический приоритет при обслуживании долга. |
| 606. | Күндөлүк милдеттенмелер (Current liabilities) | Текущие обязательства ( Current liabilities) | Төлөө мөөнөтү 1 жылдан ашпаган кыска мөөнөттүүмилдеттенмелер. | Краткосрочные обязательства со сроком погашения не более одного года. |
| 607. | Күндөлүк трансферттер (Current Transfers) | Текущие трансферты (Current Transfers) | Капиталдын трансферттери болбогон реалдуу же финансылык ресурсту акысыз өткөрүп берүү. Күндөлүк трансферттер тартылган кирешенин жана товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектелишине түздөн-түз таасирин тийгизет. | Безвозмездная передача реального или финансового ресурса, не являющихся трансфертами капитала. Текущие трансферты оказывают непосредственное воздействие на уровень располагаемого дохода и на потребление товаров и услуг. |
| 608. | Терминал (Terminal) | Терминал (Terminal) | Адистештирилген кассалык жабдуулар, стационардык жабдуулар, чөнтөккө салып жүрүүгө каралган уюлдук түзүлүштөр, көчмө терминалдар жана кассалык аппараттар, өзүн-өзү тейлөө автоматтары (төлөмдөрдү кабыл алууга адистештирилген автоматтар жана банкоматтар), башкы процессинг менен байланыш түзүүгө, билдирүүлөрдү түзүүгөжана аларды банктын төлөм системасынын түйүнүнөжөнөтүүгө жана андан келип түшкөн билдирүүлөрдүкабыл алууга өбөлгө түзгөн, эсептешүү веб сервери. | Специализированные прикассовые устройства, стационарное оборудование, мобильные устройства карманного типа, переносные терминалы и кассовые аппараты, автоматы самообслуживания (специализированные автоматы и банкоматы, предназначенные для приема платежей), а также расчетный веб сервер для авторизации транзакций в сети Интернет позволяющий устанавливать связь с главным процессингом, формировать, отправлять сообщения в сеть платежной системы банка и принимать сообщения, поступающие из неё. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 609. | Банктык төлөм карттарды толтуруу үчүн терминал (Terminal of card updating) | Терминал пополнения банковской платежной карты (Terminal of card updating) | Акча каражаттарын банктык эсептен картка түшүрүү, ПИН-кодду, лимиттерди алмаштыруу, картты колдонуу мөөнөтүн узартуу үчүн каралган түзүлүш. | Устройство, предназначенное для записи денежных средств с банковского счёта на карту, смены ПИН-кода, лимитов, продления срока действия карты. |
| 610. | Төлөм системасында соода-сервистик ишкана (ССИ) (Merchant) | Торгово – сервисное предприятие (ТСП) в платежной системе (Merchant) | Эквайер менен түзүлгөн келишимге ылайык товарлар же кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөөгө карттарды, электрондук акчаларды кабыл алган жана карттар, электрондук капчык аркылуу операциялар ишке ашырылгандыгын тастыктаган документтерди түзүүменен нак акча каражаттарын берген юридикалык жак же жеке ишкер | Юридическое лицо или индивидуальный предприниматель, которое(ый) в соответствии с заключенным с эквайером договором принимает карты, электронные деньги для оплаты товаров или услуг и выдает наличные денежные средства с составлением документов, подтверждающих совершение операций с картами и электронными кошельками. |
| 611. | Өсүш арымы (Rate surplus) | Темп прироста (Rate surplus) | Белгилүү бир мезгил ичинде экономикалык көрсөткүчтүн өсүшүнүн, анын салыштырмалуу чоңдуктарда же пайыздарда өлчөнгөн баштапкы деңгээлине карата катышы. | Отношение прироста величины экономического показателя за определенный период времени к его исходному уровню, измеряемое в относительных величинах или в процентах. |
| 612. | Өсүш арымы (Growth rate) | Темп роста (Growth rate) | Учурдагы экономикалык көрсөткүчтүн чоңдугунун, анын салыштырмалуу чоңдуктарда же пайыздардаөлчөнгөн эсептөө базасына кабыл алынган баштапкы маанисине карата катышы. | Отношение величины экономического показателя в данное время к его исходному значению, принятому за базу отсчета, измеряемое в относительных величинах или в процентах. |
| 613. | Инфляция арымы (Rate Of Inflation) | Темпы инфляции (Rate Of Inflation) | Белгилүү бир мезгил ичинде баалардын жалпы деңгээлинин пайыздарда туюндурулган өсүш арымы. | Выраженный в процентах темп прироста общего уровня цен в течение определенного периода времени. |
| 614. | Рынок тенденциясы (Trends of the market) | Тенденция рынка (Trends of the market) | Рынокто баа (мисалы, товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баанын, пайыздык чендердин, валюта курсунун) деңгээлинин өзгөрүүгө же сакталып турууга ык койгон туруктуу багыты. | Устойчивая направленность изменения или сохранения уровня цен на рынке (например, цен на товары и услуги, процентных ставок, валютного курса). |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 615. | Соода балансы (Trade balance) | Торговый баланс (Trade balance) | Төлөм теңдеминин өлкөнүн башка өлкөлөр менен соода байланыштарын мүнөздөгөн бөлүгү. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импорту жана экспорту аны түзүүчүлөрдөн болуп саналышат. Баланс товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөр экспортунун жана импортунун айырмасы катары эсептелет, улуттук товардык рыноктун өнүгүү деңгээлин мүнөздөйт. | Часть платежного баланса, характеризующая торговые связи страны с другими странами. Его составляющими являются экспорт и импорт товаров и услуг. Баланс рассчитывается как разница экспорта и импорта товаров и услуг, характеризует степень развитости национального товарного рынка. |
| 616. | Тоорук сессиясы (Trade session) | Торговая сессия (Trade session) | Билдирмелерди берүүгө жана тоорук системаларынын катышуучулары ортосунда бүтүмдөргө келишүүгө жол берилген убакыт аралыгы. | Период времени, в течение которого допускается подача заявок и заключение сделок между участниками торговых систем. |
| 617. | Тоорук күнү (Trade day) | Торговый день (Trade day) | Тоорук системаларында тооруктар өткөрүлгөн иш күнү | Рабочий день, в который проводятся торги в торговых системах. |
| 618. | Транзакция (Transaction) | Транзакция (Transaction) | Картты пайдалануу менен ишке ашырылган операция (мисалы, товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, акча каражаттарды которууда, валюталарды алмаштырууда же нак акча каражаттарды алууда), анын натыйжасында карт ээсинин эсебинде акча каражаттардын калдыктары өзгөрөт. | Операция с использованием карты (например, при покупке товаров, услуг, переводе денежных средств, обмене валют или получении наличных денежных средств), в результате которой происходит изменение остатка денежных средств на счете держателя карты. |
| 619. | Акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизми (Transmission mechanisms of monetary policy) | Трансмиссионный механизм денежно-кредитной политики (Transmission mechanisms of monetary policy) | Акча-кредит саясаты экономикага таасирин тийгизе турган ыкмалар (каналдар) жыйындысы. | Совокупность путей (каналов), по которым денежно-кредитная политика (ДКП) оказывает влияние на экономику. |
| 620. | Трансферт (Transfers) | Трансферт (Transfers) | 1) Чет өлкө валютасынын бир өлкөдөн экинчиге которулушу; 2) Бир жактын экинчи бир жакка баалуу кагаздарга ээлик кылуу укугун өткөрүп берүүсү; 3) Бүтүм боюнча төлөөнү бир эсептен экинчисине которуу; 4) Алардын жүрүшүндө реалдуу ресурсту же финансылык активди кайтарымсыз негизде өткөрүп берүү ишке ашырылган операциялар. | 1) Перевод иностранной валюты из одной страны в другую; 2) Передача одним лицом другому лицу права владения ценными бумагами; 3) Перенос оплаты по сделке с одного счета на другой; 4) Операции, в ходе которых происходит передача реального ресурса или финансового актива на безвозмездной основе. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 621. | Транш (Tranche) | Транш (Tranche) | 1) Кредиттик келишимди колдонуу мезгили ичинде белгилүү бир убакыттан кийин ар кандай шарттарда сунушталуучу кредиттин үлүшү; 2) Бардык талаптарды жана милдеттерди жөнгө салган жалпы шарттардан айырмаланган өзүнүн конкреттүү шарттары бар финансылык талаптардын жана милдеттенмелердин айрым бөлүгү. | 1) Доля кредита, предоставляемая на разных условиях через определенный промежуток времени в течение срока действия кредитного соглашения; 2) Отдельная часть финансового требования или обязательства со своими собственными конкретными условиями, в отличие от общих условий, регулирующих все требования или обязательства. |
